Жусуп Баласагын атындагы

Кыргыз улуттук университети

Кыргыз филологиясы факультети

Кыргыз адабияты кафедрасы

**Сайра Исаева**

# XX кылымдын соңундагы кыргыз эпикалык поэзиясы

**Бишкек 2018**

**УДК 821.51.0**

**ББК 83.3Ки**

**И 85**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окуу-методикалык кеңешинин 2018-жылдын апрелиндеги чечиминин негизинде басууга сунуш кылынган.

Жооптуу редактор: Жумаев Мырзабек, филология
илимдеринин доктору, профессор

Рецензенттер: Искендерова Суусар, филология илимдеринин
доктору, профессор.
Сыдыков Назыр, филология илимдеринин
кандидаты, доцент.

Исаева С.Н.

И-85 XX кылымдын соңундагы кыргыз эпикалык поэзиясы: кошумча окуу куралы. –Б.;2018.-125б.

Адабиятчы-педагог С.Исаеванын бул кошумча окуу куралы1985-2000-жылдар аралыгындагы улуттук поэзияда эпикалык жанрдын өнүгүш багыттарына арналып, мында поэмалар, дастандар, поэтикалык романдар иликтенет.

Бул кошумча окуу куралы азыркы адабият тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлбөй калган шартта бул китеп ошол боштукту толтуруп, студенттердин, магистранттардын билимин, кругозорун кеңейтүүгө көмөк болот жана жалпы эле поэзия күйөрмандарына арналат**.**

## Кириш сөз ордуна

Көркөм адабияттын өнүгүшү коомдук процесске тикелей көз каранды деген баарына маалым түшүнүк бар. Анын коом турмушунун, анда болгон жана болуп жаткан түркүн көрүнүштөрдүн (саясий, маданий, чарбалык, рухий-көркөм кыймылдардын, алардын чок ортосунда турган адамдардын тиричилигин) көркөм-эстетикалык сапатта чагылдырылышы экендиги анык болсо, XX кылымдын аяк чени кыргыз коому үчүн оош-кыйышы толтура албан өзгөрүүлөрдүн мезгили экендигин, демек ага жараша көркөм адабият да олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгонун моюнга алыш керек.

Тарыхта караламан эл массасы чечүүчү роль ойнойт дегенибиз менен коомдук өнүгүү багыттарын айкындоодо бийлик жана анын башында турган инсандар ишмердиги ченемсиз маанилүү экендигин тануунга болбойт. Ошол сыңары 1985-жылы М.С.Горбачевдин КПСС БКнын генералдык секретары, иш жүзүндө СССР аттуу эбегейсиз зор мамлекеттин башчысы болушу менен мурда болуп көрбөгөн өзгөрүүлөргө жол ачылды да, ал 5-6-жыл аралыгында СССРдин кыйроосу менен аягына чыкты. "Плюрализм" жана "ыкчам өнүгүү" деген түшүнүктөрдүн, аларга ылайык реалдуу иш-аракеттердин натыйжасы ушундай болду. Акырында мурдагы 15 союздук республикалардын ар бири өз алдынча мамлекет катары "түтүн булатууга" өтүшүп, чайналып-чарпылуулардын өзүнчө бир доорун баштан кечиришти. Өз жолун табуу аракетиндеги олку-солкулуктун, өйдө-төмөндүктөрдүн мезгили али күнгө чейин бүтө элек болсо да, мына ушул мезгилди, айрыкча 1985-2000-жылдар аралыгын "өткөөл доор" катары мүнөздөшкөн илимпоздор жана саясатчылар, дегеле коомдук пикир басымдуу экенин көрөбүз.

Мына ушундай көз карашка таянуу менен биз да 1985-2000-жылдар аралыгын "өткөөл мезгил" катары кабылдап, аны көркөм адабиятка карай да колдонуп жүрөбүз. Бул талаштуу болушу да ыктымал. Бирок маселенин төркүнү чындыгында эле ушул мезгил бүктөмүндөгү кыргыз адабиятынын өнүгүш темпи, чыгармачылык изденүүлөрдүн мүнөзү жана багыттары мурунку да, андан кийинки да кездерден башкачараак экендигине барып такалат. Ушул мезгилдеги коомдук процесстердеги башаламандык кезегинде адабиятка, анын ыкчам жана өзгөчө сезимтал түрү поэзияга таасир тийгизбей койгон эмес. Баам салган адам (адис) аталган мезгилдеги кыргыз адабиятынын тематикалык толук эркиндиги (мурдагыдай чектөөлөрдүн жоктугу) анын көркөм-эстетикалык, социалдык-маданий, философиялык нарктуулугун кескин өзгөртүп, жогорулап кетүүсүнө алып келбегендигин

көрөт. Тескерисинче, ушул мезгилде нагыз көркөм нарк (К.Асаналиевдин пикиринде адабияты көркөм адабият даражасына жеткирген эң негизги сапат) көмүскөдө калып, же артка жылдырылып, кыйла тар рамкага салынган саясий, этномаданий, региондук (ж.б.) проблемалар тууралуу эсепсиз чыгармалардын жарык көрүшү биздин бул оюбузду алынча бышыктап турат. Бардык жанрда бул учурда жакшы чыгармалар да жарык көрдү. Бирок алар аз болуп, жогоркудай тар кызыкчылыктардан улам “шилтей салынган” чыгармалардын арасынан аларды көрүү өтө кыйынга турду (Бул эми – биздин жеке байкообуз).

Ошентсе да, өткөөл мезгилдеги адабият адистердин баамдоо-сыноосунан өтүш керек. Антпесе болбойт. Жакшыбы-жаманбы, адабий процессте үзгүлтүк болбогондой эле, адабият таануу аларды тиешелүү баам-ченемден өткөрүүсү кажет. Сунуш кылынган бул эмгек мына ушул максат менен жазылды. Анда “өткөөл доор” деп аталган мезгилдеги кыргыз поэзиясынын өнүгүү жолдорун жана багыттарын, андагы тематикалык, идеялык-көркөмдүк тенденцияларды айрым урунттуу чыгармалардын мисалында ачып берүү аракети көрүлдү.

**Тарыхый тема өткөөл мезгилдеги кыргыз поэзиясында**

**(айрым маселелер)**

Тарыхтын өзүн, алыспы-жакынбы мезгил, мейкиндик мунарыгында калган, эл башынан кечирген ири окуяларды жана элдин эсинен өчпөгөн инсандар ишмердигин көркөм иликтеп, чагылдырууга белсенген калемгерге ошол көркөм адабияттын өзү, анын ичиндеги поэзия да эч кандай жеңилдиктери бербейт, тескерисинче анын мойнуна бир катар кошумча жүктөрдү илет, бир катар оор талаптарды коёт. Ириде автор ошол өзү сүрөттөмөк болгон мезгил-доор демин өз чыгармасында бере алгыдай "чийки материал" чогултушу, аны ар тараптуу иликтеп, көркөм ой элегинен өткөрүп, өзүнүн автордук позициясын же концепциясын иштеп чыгуусу керек. "Тарых" авторго көз көрүүнө чектөөлөрдү коюп, кандайдыр бир рамкага салбаганы менен жазылбаган эреже, атүгүл ошол тарыхты кайсы бир убакта башынан кечирген эл ага ошондой эле "жазылбаган" талаптарды коёт, башкача айтканда, бул жерде реалдуу тарых жана анын көркөм чындыгы канчалык деген өзөктүү маселе көз ирмебеген кароолчудуай эле авторду тиктеп турат. Автор тарыхый окуяларды жана тарыхый инсандар ишмердигин (өмүр жолун) түркүн көркөм боёктордун казанына салышы, түрдүүчө ойдон чыгарылган деталдар менен жабдып,бир нерселерди күчөтүп, же бир жагдайларды басаңдатып сүрөттөшү ыктымал. Бирок "тарыхтын, тарыхый инсандардын" өзөктүү жактары бурмаланбашы, же элде, илимде кабыл алынган чен-өлчөмдөрүнүн чегинен чыкпоосу зарыл. Ушундан улам изилдөөчүлөрдүн көбү тарыхый темадагы чыгармалардын өзөгүн документалдуулук түзүшү керек деп эсептешет. Бирок ошол документалдуулуктун даражасы да ар кандай болот. Жазма тарыхта толук , толук болбосо да жетиштүү такталган документалдуулукка коюлган талап бир башка болсо, кыргыздар сыяктуу жазма тарыхы өтө жупуну элдердин тарыхый адабиятындагы документалдуулуктун талабы өзүнчө экени бышык. Ошентсе да, жазмалары жетишсиз болгон менен элдин эсинде сакталып, кайсы бир калыпка түшүп калгансыган тарыхты жазуучу-акындар көңүлдө бекем кармабаса, башынан эле "ээрге кыйшык отурган" болуп чыгат да, сөзсүз бир жактуулукка жол берет. Тарыхый темага киришкен кыргыз акын-жазуучуларында так мына ушул илдет – тарыхка бир жактуу мамиле, инсандын жана окуялардын ичтейине сүңгүп кире албаган, алардын динамикасы менен диалектикасын мыктылап түшүнө билбеген, терең иликтей албаган "илдет" өтө жыш кездешет. Бул тарыхый жанрда жазылган

прозага да, поэзия менен драматургияга да тиешелүү. Демек өткөн мезгилге (окуяларга, адамдарга ж.б.) кайрылып койсо эле нукура тарыхый чыгарма жарала калбайт.

Өткөн мезгилге кайрылган автор бир эле учурда сүрөткерлик шык-жөндөм менен аналитикалык ой жүгүртүүсү күчтүү тарыхчынын сапаттарын өзүнө топтогон адам болушу зарылдыгын белгилей кетүү үчүн гана бул кыска жана үстүрт ойлорубузду ортого салдык. Бул талаптардын бардыгы адабият таанууда көп учурларда “историзм” деген бир эле сөз менен берилип жүргөнүн да белгилей кетели. Анын үстүнө “тарыхый тема”  өзгөчө роман түрүндөгү прозалык чыгармаларда болот деген түшүнүккө көнүп калганбыз. Бирок тарыхты поэзиянын тили менен да аңдап-билүүгө болот экен. Мурда аз да болсо үлгүлөрү боло келген (Маселен, К.Маликовдун “Балбай ” поэмасы) кыргыз поэзиясында тарыхый тема эгемендүүлүк жылдарында айрыкча жыш жана ыкчам иштелип, көп түстүү көркөм материалдарды алдыбызга койду. Бирок жогорудагыдай,  биз айрым учурларын гана учкай сөз кылган талаптар анда канчалык жүзөгө ашып жатат деген маселе тууралуу кенен-кесир сөз боло элек. Бир карасаң - баары жайында, баары “сонун” сыяктуу. Чын эле ушундайбы, же кеп кылчу жагдайлар барбы деген собол таштап, тарыхый прозага караганда дээрлик көз жаздымында кала келген тарыхый (эреже катары ал эпикалык мүнөздө) поэзиянын айрым маселелерине кыскача токтоло кетүү керек болуп турат.

*****

«Эгемендүүлүк  доору»   деп аталган чейрек кылымдык мезгил кыргыз турмушун, анын жашоо образы  менен  дүйнө таанымын  болуп көрбөгөндөй өзгөрттү.  Башкасын айтпаган күндө да, мурда  аябай  окумал деп эсептелген элибиздин  көркөм  маданият менен искусствого, анын ичинде көркөм  адабиятка, өзгөчө поэзияга болгон  мамилесин,  көз  карашын көбүнчө  оң  эмес,  терс  жагына буруп,  анын коомдогу  нарк-насилин ылдыйлатып  салгандай  болду.  Ошентсе да, адабият  да, поэзия да жок болуп кетпей кайра боюн түзөп, өнүгүү жолуна түшкөнүн кийинки кездердеги  көптөгөн фактылар айгинелеп турат (Бул жагдайдагы  сөз али алдыда десек болот). Эгеменүүлүктүн алгачкы он жылдыгы акын-жазуучуларыбызды бир топ алдастатып салганы деле жашыруун эмес. Мамлекеттин камкордугуна көнүп, эмнени жазыш керек, эмнени жазбаш керек экендигин мыкты түшүнгөн акындарыбыздын, жазуучуларыбыздын жоон тобу  күргүштөп  агып  кирген  «жаңы»   көрүнүштөргө  жүз үйрүп, көнө  албай,  далайга  чыгармачылык  түйшүк  тартышса,  бир тобу, өзгөчө

мурунку шартта ачык чыга албай келген авторлор өзүлөрүн ээн жердин бөрүсүндөй эле сезип, каалаганын каалагандай жазууга, китеп артынан китептерди шатырата чыгарууга мүмкүнчүлүк алышты. Натыйжада кыргыз адабияты бирин-серин нукура көркөм чыгармаларды (китептерди) эске албаганда көркөм адабият деген аты бар, бирок заты жок ыпыр-сыпырга толуп чыкты. Бул процесстин азыр деле аягы суюла элек, бирок кийинки мезгилдерде кыйла сээлдей түштү көрүнөт десек болот. Булардын кооптуулугу элдин көркөм-эстетикалык табитин, дүйнө таанымын бузуп, терс жолго салууга «чоң» салым кошкондугунда турат .

Ал эми газет-журналдарда, радио менен телевидениеде бирин-бири жамандаган саясатчылар менен «шоубизнестин» жылдыздарынан адабият менен искусствого орун тийбей калды. Ошентип, мурдагы социомаданий мейкиндик ыдырап, анын башаты жана натыйжасы коомдогу оош-кыйыш түркүн себептерге барып такалды. Ушундай «өткөөл» мезгилде кыргыз поэзиясы да кыймылсыз токтоп калган жок, бирок мурдагы өзүнө чейинки адабият менен искусстводогу болгон бийик чектен ашып да кете алган жок.

Мына ошентип ушул 20-25 жыл деген кыска мезгилдеги кыргыз адабиятындагы жетишкендиктер жана алешемдиктерди ордуна койчу, ак-көк деп сөз айтчу мезгил келип да, өтүп да баратат. Өлкөбүз эми баш-аягын жыйып, эгемендик мезгилдин күңгөй-тескейин аңдап-билип, алга карай жылууга шарт түзүлүп, элдик салт-насилибизди, көркөм нарктарыбызды өз ордуна койчу учур келип, эгер бул маселелерди бүгүн козгоп, бүгүн бир нукка салбасак эртең кеч болуп калаарын түшүнгөндөй эле абалга келдик окшойт. Бирок, азыркы поэзиянын толгон-токой ушундай маселелерин бир сөз менен айтуу мүмкүн эмес. Ошондуктан анын бир ыптасына назар таштап, кичинекей өксүктөрүнө, тактап айтканда эң көп жазылган, атүгүл модага айланган тарыхый деген аталыштагы кээ бир поэтикалык чыгармалардын көркөмдүк деңгээли, жанрдык табияты жөнүндө учкай сөз кылганы турабыз.

Эгемендикке ээ болгон күндөн баштап тарыхый темада жазуу улуттук адабиятыбыздын бардык жанрларында күч алды. Эң кызыгы саясий-

идеология коркунучунан кутулган, мурдагы кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган акын-жазуучулар менен «чымыны бар» атка минерлердин көбү хандын, байдын, манаптын, баатырдын тукумдары болуп чыга келишти. Алардын ичинде сабатсыздары да, сабаттуу жазганды билгендери да, билимдүү деп эсептеген адамдар да өзүнүн эсинде калган окуяларын саймедиреп, белгилүү инсандарды «менчиктеп», өз ата-бабасын мактоо, даңктоо иретиндеги түрдүү жанрда, түрдүү чыгармаларды жазып салышты. Мындай азгырыктан акын-жазуучулар да четте калышкан жок. Мында негизи жерий турган деле эч нерсе жок. Бирок, алардын адабий тагдыры кандай – кеп ушунда.

*****

Эгемендикти алган жылдардан көп өтпөй көрүнүктүү акындарыбыздын бири **Н.Байтемировдун «Кылымдар деми»** (1994) деген жыйнагы жарыкка чыкты. Китептин басымдуу бөлүгүн учур темасына арналган публицистикалык мүнөздөгү дурус ырлар түзгөн. Акын башкалардай жазууга тема таппай отуруп калбастан, өз мезгилинин күрөө тамырын туура кармап, өткөөл заман ырларын жазуу менен бирге жапырт колго алына баштаган тарыхый темага кайрылып «Шабдан», «Байтик» аттуу көлөмдүү дастандарды, “Кудайдын тура булбулу”, “Курманжанга ыр десте”, “Зууракан жердин энеси” сыяктуу казалдарды жаратты. Ыр куруу техникасын мыкты билип, жаңы көркөм сөз каражаттарын, көркөм табылгаларды табууда дасыккан акын катары Н.Байтемировдун бул дастандарында баары ордунда тургандай эле көрүнөт. Бирок, тема кандай ишке ашты, тарыхый доор жана анын көрүнүктүү өкүлү Шабдандын образы кандай иштелди деген суроо коюлары турган иш. Ачык айтканда, кептин баары эл оозунда айтылгандай берешендиги, жоомарттыгы менен белгилүү болгон Шабдандын образы ынанымдуу жана көркөм ачылбай калгандыгында жатат. Акын баатырдын образын ачуу үчүн ага байланыштуу тарыхый жана эл оозунда айтылып келе жаткан окуяларды сүрөттөөгө алат. Бирок акын Шабдандын баатырдыгын,

берешендигин, жоомарттыгын кызылдай мактоого алууга көбүрөөк басым жасап, ошол мезгилдин рух-демин, социалдык жана тарыхый кырдаалын жана эң негизгиси – анын индивидуалдуу көркөм образын психологиялык жактан тереңден ачып бере алган эмес, тактап айтканда, Шабданды баштан аяк бир жактуу мактоо менен анын көркөм ынанымдуу образын жаратуу мүмкүн эместиги ачык көрүндү. Буга чейин деле Шабдан жөнүндө кыргыз адабиятында, тарыхында, ар кандай изилдөөлөрдө бир топ эле кездешет. Мисалы, К.Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышында”, Ы.Шайбековдун “Шабдан баатыр кошогу”, Осмонаалы Сыдык уулунун “Кыргыз, Шабдан тарыхы”, А.Токтомушевдин “Калк оозунда кан Шабдан”, Ж.Токтоналиев “Баатыр Шабдан” ж.б. чыгармаларда Шабдандын образы аздыр-көптүр жаралып, окурмандарга анын оң-терс жактары тааныш болуп калган эле, ошолордон Н.Байтемировдун Шабданы эч айырмаланбай кала берди.

«Эл оозуна аты калып, бирок кыргыз историографиясында атайлап изилденбеген, кыргыз элинин Орусияга кошулушунда аздыр-көптүр из калтырып кеткен Шабдан Жантай уулу да өз доорунун адамы, карама-каршылыктуу инсандардан болуп саналат (1,153), – деп Ж.Жакыпбеков жазгандай, биз азыр «элдик баатыр» катары көрсөтүп жаткан бир топ тарыхый инсандар бай-манап, бий, болуш болгону менен алардын ошол тарыхый доордо алган орду, инсандык касиеттери терең изилдене элек. Ошондуктан мындай карама-каршылыктуу пикирлерди туудурган адамдарга өтө кылдаттык менен мамиле жасоо зарыл эле.

«Шабдан баатыр Россия өкмөтү Түркстанга киргенде, орус аскерлерине жол башчы болгон жана башка жардамдарды тийгизгендиги үчүн ага сыйлык, Казачий войсковой старшина даражасы берилип, жылына үч жүз сом эмгек акы белгиленген. Ошону менен бирге, падыша хазреттери тарабынан ардак тону да ыйгарылган» (2,132). Ушундан улам орус падышачылыгына кызмат кылып, кыргыз жерине орустардын отурукташуусуна чоң жардам бергендиги үчүн Шабданды кээ бирөөлөр чыккынчы катары кабыл алса, кээде элди кыргындан

сактап калган элдик адам катарында карашат. Ушундай карама-каршылыктуу пикирди тактап, объективдүү пикир айтуу – дагы да келечектин иши сыяктанат.

Кантсе да Шабдан жөн адам эмес. Ал X1X кылымдагы кыргыз коомун тарыхый аренасына алып чыккан тарыхый личность, аты алыска угулган коомдук-саясий, мамлекеттик ишмер, баатыр жоокер, дипломат жана мыкты уюштуруучу. Анын кыргыз эли үчүн, анын келечеги үчүн күйүп-бышкан адам болгондугунда шек жок. Бирок анын тигил же бул оор шарттарда жасаган иштеринин баары эле ийгилик алып келе бербегендиги, кыргыздар бир чети ич ара чабышып, бир чети андан кутулуунун аргасын издеп, билеги күчтүү Россиянын көзүн карап калган татаал учурда ал да жаза басууларга жол бергендиги айтылып жүрөт. Генийлер да жаңылат дегендей Шабдан жеке кемчилигинен эмес, мурда болуп көрбөгөн тарыхый-коомдук кырдаалдардын тамырын бекем кармай албай, мүчүлүштүктөрдү кетиргендир. Канткен менен ал - өз мезгилинин уулу, ошол мезгилдин өзү жараткан ири инсан катары алгылыктуу иштерди көп жасагандыгы да маалым. Майдачылык, көрпенделик сапаттардын алыстыгы да анын фигурасын бүгүнкүгө чейин залкар тоодой көрсөтүп турат. Бирок көркөм адабиятта анын образын карама-каршылыктуу диалектикасы менен өсүп өнүгүү, такшалуу, өз катасын өзү оңдогон мамлекеттик ири ишмер катары жетилүү процессинде бербей (Мисалы, Ж.Токтоналиевдин "Баатыр Шабдан" романындагыдай) бир жактуу чылгый мактоого алуу тиешелүү натыйжа бербей тургандыгын Шабдан тууралуу жазылган бир катар чыгармалардан көрүүгө болот. Алардын бири, айтылгандай, дасыккан таланттардын бири, жазуучу жана акын Н.Байтемировдун калемине таандык. Акын Шабдан жөнүндө мурун жазылган чыгармалардай эле бир жактуу мактоого орун берип, телегейи тегиз адам катары сүрөттөгөн. Дастанда кыргыз элинин артыкчылыгын, чыдамкайлыгын, көргөн азаптарын айтып келип, сөздү Кеминге буруп, анан Шабдан жөнүндө кабар бере баштайт. Анда чиеленишкен окуя деле жок. Акын Шабдандын бир артыкчылыгын айтып келип, мына ошону тастыкташ үчүн, анын башынан өткөргөн бир окуяны сүрөттөп берет. Мисалы, Шабдан бир ирет жолдо жүрүп, күн кечтеп кетет. Жолунан айыл кездешпей, жалгыз алачыкка туш келет. Ошондо алачыкта кедей адамдын жашаганына карабай, Шабдан анда конуп калат. Байкуш үй ээси жалгыз уюнун торпогун союп, конок кылат. Шабдандын жанындагы жүргөндөр наразы болсо да, ал

ээрин жазданып, тердигин салынып жатып алат. Эртең менен торпоктун жайылып турган терисин көрүп, абышкага ыраазы болуп, бир үйүр жылкы айдатып келип бергендиги айтылат. Мына ушул сыяктуу жүрүш-турушу менен Шабдан дастанда эл ичинде өтө кадыр-барктуу, жоомарт, акылдуу, адилет, боорукер, айкөл, кеңпейил, чечкиндүү мүнөздөгү адам катары сүрөттөлгөн.

«Дастанда, – дейт А.Акматалиев, – лирикалык каармандын жаратылыш менен байланышы ачылып берилет. Автордун көзүнө аккан суу, акыл сөз, ачык күн, сулуу көз, күйгөн от ж.б. бардыгы «Шабдан болуп кубулат». Акын абстрактуу эмоцияга жеңдирип жиберген» (3,142) . Бул пикирдин чындыгы бар. Эмесе, поэмадан үзүндү окуп көрөлү:

Чечилбеген түйүндү

Чечип койчу экен да.

Кесилбеген бүтүмдү,

Кесип койчу экен да.

Үзүлбөгөн чатакты,

Үзүп койчу экен да.

Бүтүлбөгөн жумушту,
Бүтүп койчу экен да.
Коркокторго сес болуп,
Акылсызга эс болуп,
Сокурларга көз болуп,
Дудуктарга сөз болуп,
Жалгыздарга эл болуп(4,35)

Ушундай шыдыр саптар менен акын Шабданды сокурдун көзү, дудуктун сөзү, акылсыздын эси кылып сүрөттөгөн. Мындай ыр-баяндамалар дастандын көп жеринен кездешет. Дастанда Шабдан өлүм астында жатышы, өлгөндөн кийинки ага эл-жердин кайгыруусу тууралуу кененирээк сөз болот. Баатырдын өлүм алдында жаткандагы психологиялык абалын сүрөттөп берүүгө акын бир

топ күч жумушаса да, ал аракети да анча жакшы жүзөгө ашпай, кайра эле мактоо мотивине өтүп кетет. Шабдандын эл оозунда айтылып, адабиятта да кеңири колдонулуп келе жаткан сапаты – анын берешендиги жана жоомарттыгы. Мына ушул Шабдандын берешендиги жана башка бай-манаптардай эле элден “энчи” алгандардын бири экендиги жөнүндө белгилүү фольклорист С.Закиров буларды жазган. «Эл санжырасында Шабдандын өмүрүндөгү окуяга байланыштуу бир канча уламыштар айтылат. Анын бири Шабдандын кең пейил жана жоомарттыгы жөнүндө. Шабданга жолдон кайырычы, дубана жолукса ат мингизип, чепкен жапкан дейт. Эгерде жанында ат берүү мүмкүнчүлүгү болбой калса, алтын акча берип, ал түгүл минип турган жоргосун берип кеткен деп айтылат. Мындай уламышта чындык да, апыртуу да бар. Чындыгы мында турат: Шабдан атактуу манап болуп, көп маселени чечип турган. Эл арасында тынымсыз болуп турган эриш бузуу, эр өлтүрүү, уурулук доо айыбы, барымта жана башка ишти чечүүгө көп катышкан. Ал жерде Шабданга көптөр жагынууга аракет кылган. Алар берген чепкенди же мингизген жоргону ошол жерден жолуккан бей-бечараларга кармата берүү Шабданга адат болгон» (5,32). Андан ары окумуштуу дагы бир эмгегинде Шабдан менен Өзбектин ортосундагы бир окуяны жазат. Ал мындай болуптур. Өзбек деген чоң бай, соодагер болгон экен. Кыргыздар арак дегенди билбей кымыз, бозо ичип жүргөндө, ал дайыма арак ичип, өзгөчө карый баштаганда, мурдагыдай арагын көтөрө албай, алжый баштайт. Ошондо балдары кой десе да болбой койгондо, бир тил алса Шабданга тил алат деп, Шабданды чыкырышат. Шабдан келип, көп күн конок болгондон кийин, Өзбектен бир нерсе сурап келгенин билгизет. Өзбек бул акча, алтындан башка эмне сурамак эле деп, сураганын берүүгө убада берет. Ошондо Шабдан:

– Бере турган болсоң, ичкилигинди сурап келдим, байгамбар жашына келип калдың, ташта – дейт. Өзбек бай, көпкө ойлонуп отуруп калат да:

– Мен дагы сенден бир нерсе сурайын, ошону берсең, мен ичкилигимди таштайын, – дейт.

– Сура, берейин – дейт Шабдан.

– Анда сен эл жегеницди ташта.

Шабдан макул болот. Ошондон кийин Өзбек бай ичкилик ичкенин таштап, Байтиктин босбөлтөгүнө чыгып, эки жакты карап, шалдырап отуруп калган – дейт.

Арадан үч ай өтпөй, Өзүбек бай дөбөдө отурса, Бишкектин жолу чаңдап, Кемин тарапка мал айдап бараткан адам көрүнөт. Күз боз кыроо болуп калган мезгил экен. Өзбек бай жигитин чаптырып: «мал айдап бараткан адамды кайрып келгиле!» – дейт. Жылкы айдап бараткан жигит: «Бизди тоспогула, бул – Кетмен-Төбөлүк: түшатар, түктөй саяктарынан Шабданга согумга деп берилген мал», – деп, какшап турат. Анда Өзбек: «Оозуңа май, анда Шабданга айта бар, жолдо Байтиктин босбөлтөгүнүн үстүндө бир карыя отурган экен, Шабдан убадага турбай баштаган экен, мен да баштадым деди де. Жолуң болсун!», – деп, Өзбек жигитти жиберип, арагын баштаган дейт» (6, 97). Балким, ошол кездеги эл башчылары үчүн элден алуу кадыресе салттуу көрүнүш болсо керек. Мындан, албетте, Шабдан да четте кала алган эмес.

Мына, ушул өңдүү Шабдандын ошол кездеги башка бай-манаптар сыяктуу эле сапаттарга ээ болгон адам экенине акын дастанында такыр токтолбой, ал эми орус атка минерлерин түштүк жергесине ээрчитип барышы, орустарга жасаган кызматы жөнүндө учкай гана сөз кылып, Шабдандын берешен, айкөлдүгүн кайра даңазалап кирет:

Той башына барчу экен,
Топко карап кочуштап,
Акча чачып калчу экен.
“Чачыла” деп үн катып,
Шаңдуу күлкү салчу экен.
Терип жатса акчасын,
Жыргап кумар канчу экен (4,33).

«Айрым тарыхый инсандар тууралуу жаратылуу материалдарды деле билбейсиң. Ушул жагынан алганда, Шабдандын өмүрү тарыхый-адабий

фактыларга мол экендиги кубандырат. Манаптын үй-бүлөсүндө туулуп өскөн тарыхый инсандардын бир кемчилиги жок, кынтыксыз сүрөттөлүшү, албетте, адабиятта да формалдуудук өкүм сүргөнүнөн көп кабар берет, – дейт (3,143) А.Акматалиев. Биздин оюбузча, эгер мактоого татырлык инсан болсо мактап, жактап жаза берсин, бирок аны окурманды ишендиргидей мотивировкалап берсе, жакшы болмок. Ал эми Н.Байтемиров Шабданды айга, күнгө теңебей, алиги эл үчүн жасаган иштерин, жан-дүйнөсүн, психологиялык мүнөздө ачып берсе, алда канча ишенимдүүлүккө жетишмек. Жыйынтыктап айтканда, акын чындыктын бир жагын гана көрсөтүп, ал эми анын экинчи бир жагы көмүскөдө калат. Акындын «Байтик» дастанынын көркөмдүк деңгээли да мындан деле ашып кетпеди. Мындай мүнөздө жазылган чыгармалар жалгыз эле Н.Байтемировдо эмес, кийинки бир топ акындардын тарыхый темада жаралган чыгармаларынын көбү дал ушундай эле сыпатка ээ болду.

Ал эми он төрт жыл тыным жасап 2001-жылы «Үшүк» аттуу жыйнагын жарыкка чыгарган Кыргыз эл акыны М.Абылкасымова да «Атаке баатыр жөнүндө баян», «Аталар жана ата-журт», «Түлкү баатыр», «Тоголок Молдо - чоң атам», «Курманжан датка» аттуу көлөмдүү чыгармаларында эгемен мезгилде акын-жазуучулардын көпчүлүгүнө мүнөздүү болгон тарыхый инсандарды мактоо, даңктоо жолунан чыгып кете албай, образдарга жаңы маанай, жаңы штрих кошуу жагынан аксаганы байкалды. Бир беткей көтөрө чаап ыксыз мактоо менен гана чектелген учурлар жогорку чыгармаларда арбын. Мисалы, акындын «Атаке баатыр жөнүндө баян» деген чыгармасындагы:

Байкасам менден башка балаң жоктур,
Оюм бар бир жакшына ыр арнасам.
Жолборс, илбирс кейиптенген жүрөгүңдөн,
Дабыш угуп түшүмдөн жүрөмүн мен.
Калсам калдым касаттан жапа чегип,
Акыр баштан айрыбай тилегимен.
Канча жолу кырсыктан куткарасың,

Каруум кетсе чөп болуп жыттанасың.

Аян болуп жол таштап коесуң ээ,

Катаал турмуш канчалык кыстабасын - (7,9) деген саптар да бир катар түкшүмөл ойлор жаратары анык. Атеисттик тарбияда калыптанган акын эми Атаке тукумунан экенин билип, ага чексиз кубанып, ушуга чейин анын рух-арбагы дайыма жанында болгонун, кырсыктан сактап, «жан кишиге көрүнбөй» келгенин баяндап ага чексиз кубанат. Ошентип, эгемен мезгилде кулач жайган аянчылдык түшүнүгү белгилүү акын М.Абылкасымованы да кучагына алып, ушундай көркөм ынанымсыз ыкма тандоого түртүп, нукура абстракциянын «колуна» салып берет да, баатырдын образын башкача сыпаттоого болбойт беле деген суроону окурман алдына коёт.

*****

1980-жылдын экинчи жарымына чейинки мезгилдеги поэзияда «дастан» терминин ордуна «поэма» деген термин дайым колдонулуп келсе, кийинки мезгилде профессионал адабиятта бул термин жыш колдонула баштады. Чындыгында кыргыз элинде «дастан» кеңири мааниде колдонулган термин. Бул жанрдык аныктама фарсы тилинен алынып, “аңгеме”, “эпикалык поэма”, “ыр түрүндөгү эпос” манисинде колдонуп, “Шах-наменин” айрым главалары, ыр менен кара сөз аралашкан эпостор сыяктуу бир канча (бир эмес) эпоздоддорду, диалог, монологдордун өзүнчө бир тизмегин өз ичине камтыган, оозеки аткарылган чыгармаларга колдонулуп келген. Эреже катары алар өзбек, уйгур, азербайжан, түркмөн, каракалпак, элдеринде жана сейрегирээк казак менен кыргыздарда музыкалык аспаптын коштоосунда кесипкөй айтуучулар тарабынан аткарылган көбүнчө ашыктык темасындагы чыгармалар болгон. Түрктөр мындай чыгармаларды “хикайе” деп аташса, башка элдерде баатырдык эпостор да “дастан” деп аталып, кээде тарыхый поэмаларды да дастан деген учурлар кездешет. Совет доорунда өзүлөрү жазган поэмаларын авторлор “дастан” деп аташкан эмес. Маселен, белгилүү илимпоз Батма Кебекова дастанды “эпостун жаралышын шарттаган тарыхый кырдаалдын жоюлушу менен өзүнчө адабий жанр катары башат алган” (8,605) чыгармалар катары мүнөздөп, казак илимпоздору Е.Ысмайылов менен Н.Төрөкуловдун дастан чыгыш поэзиясынын таасиринде калыптанган поэма жанрынын үлгүсү, “поэзиядагы эпос жанрынын

эң бир күрдөөлдүү салаасы” деген пикирин мисал тартат (8,608). Каракалпактар да дастан деп бакшылар айта турган же кыссачылар окуй турган көлөмдүү эпостук чыгармаларды түшүнөт. Б.Кебекова ар бир элге өз өзгөчөлүгү менен келип кирген жана ошол элдин (М:кыргыздардын) өздүк көркөм- оозеки чыгармачылык салттарын ага сиңирүү менен жаратылган дастандарга “Ак Мөөр”, “Качкан кыз”, “Ак Бермет”, “Муңдук, Зарлык”, “Кыз Жибек”, “Кыз Дарийка”, “Гүлгаакы”, “Эр Болот”, “Буудайык” (ж.б.) сыяктуу чыгармаларды кошот. Ошентип, илимий сыпаттоого ылайык кыргыз дастандары чыгыш поэзиясынын таасири байкалган, бирок негизинен улуттук оозеки эпиканын салттуу белгилерин камтыган, кызык окуялуу чыгармалар деп эсептелет. Эреже катары жана кыргыз эпосторунун басымдуу бөлүгүнөн айырмаланып дастанда кара сөз кыстырмалар же кыйла узак баяндамалар кеңири кездешет. “Окуялуулук”: жомок, турмуштук кырдаал жана окуя, реалдуу адам жана уламыштык кейипкер, гиперболизация, сыйкыр, миф ж.б. эпикалык салтка жараша аралаш, бирок, албетте, ырааттуу айкалышта келери дастандын көрүнө дагы бир белгиси деп каралып жүрөт. Кыскача айтканда, дастан дегенибиз мына ушундай чыгармалар. Адабиятчылар үчүн, ошентип бул маселенин кадыресе кызыкчылык жаратчу жактары арбын. Анан эле эгемендүүлүк доорунан баштап акындарыбыз поэма, атүгүл поэтикалык роман көлөмүндөгү чыгармаларын көбүнчө “дастан” дегенге жарышкандай жапырт өтүп кетишти. Кулакка жагымдуу бул сөз азгырдыбы, же чын эле “дастан” делген жанрды жаңылап, кайсы бир ачылыштар жасап жибериштиби – аны билген эч ким жок. Өзүлөрү “дастан” деген эмне болгон чыгарма экендигин айкын түшүндүрүп бере алышабы – аны билген да эч ким жок. Ошентип, бул маселенин теориялык жагдайларын кийинкиге калтырып, “дастан” аталган кээ бир чыгармалардын мисалында айрым ойлорубузду ортого сала туралы. Эгемен мезгилде жазылган «дастандардын» бир тобу өткөн замандагы тарыхый адамдарга арналып, башкы каармандары жогоруда белгиленгендей, Ормонхан, Шабдан, Курманжан, Байтик, Балбай, Атаке баатыр сыяктуу тарыхый инсандар болуп калды. Мына ушул жагдайда бир топ дастандар жарык көрдү.

«С.Жусуев жарым кылымдан ашык чыгармачылык өмүрүндө улуттук адабиятыбызды өлбөс-өчпөс казалдар менен байыткан залкар акындардын сап башында тургандардын бири экендигин билебиз. Жыйнактардан орун алган

түркүн темадагы лирика, поэма, дастандары буга айкын далил. «Адамдар» жыйнагына кирген «Ырысбай», «Раззаков баяны» аттуу дастандар С.Жусуевдин улуттук поэзиянын тарыхында дастан жанрын чар тараптуу ачкан сүрөткер катары дагы бир жолу жаңы көркөм жээктерди ачууга жетишкенин далилдеди. Окурмандарды чоң кубанычка бөлөдү» (9,20), – деп Ж.Шериев айткандай, чынында С.Жусуев өзүнүн залкар мекендештерин поэзиянын тили менен ырга салууда, белгилүү инсан Раззаков сыяктуу адамдарды кийинки жаштарга тааныштырууда чоң эмгек кылды. **С.Жусуев «Раззаков баяны**» аттуу көлөмдүү дастанын кайра иштеп чыгып  2010-жылы “Раззаков тагдыры” аттуу ыр менен жазылган романга айлантты.

Чыгарманын тили ушунчалык жөнөкөй жана түшүнүктүү, ар бир сап тиешелүү ойду билдирүүдө өз ордун, өз салмагын сактап тургансыйт. Акындын баштатан келе жаткан түшүнүктүү поэтикалык тили,  салттуу уйкаш формада берүү стили бул дастанда ачык көрүнөт. Бирок, окурманды чыгармадагы баяндоонун бирдей ыргактуулугу зериктирип да жиберет. Акын чыгармасында Ысхак Раззаковдун бала чагынан, эр жетип, эл кишиси болгонго чейинки өмүр жолун, анын инсандык бийик сапаттарын, эл үчүн жасаган эмгегин, өмүрүнүн аягында өз элине батпай, куугунтукталып, бөтөн жерде каза болгон трагедиялуу өмүрүн баяндап берет. Раззаков дастанда телегейи тегиз адам катары сүрөттөлөт:

Бий эмес, Раззаков баарын билет

Ар кимдин дилин, оюн, баамын билет.

Ар жерде кимге кандай сөз айтууну,

Ал сөздү айта турган маалын билет (10,155).

Мына ушундай даанышман адамдын баркына жетпей, көктөгү жылдыздарыбызды жерге тепсегенибизге, ага айрым бир жетекчилер өгөйсүнтүп мамиле кылып, куугунтуктаганына акындын жаны кейийт. Автор  Раззаковдун көркөм образын терең психологиялык деңгээлде ачып берүүнүн ордуна, аны чыгарманын башынан аягына чейин чаң жугузбай мактап, эч кемчиликсиз адам катары көрсөтөт. Дастандын кыскача сюжетине кайрылсак: Ысхак үч жашында

апасынан, сегиз жашында атасынан ажырап, интернаттан окуйт, анан зиректүү баланын Ташкенттен, Москвадан билим алышы баяндалат. Өзгөчө Москвада Сталиндин тилмечи болуп, анын сөзүн тажикчеге, өзбекчеге эч бир такалбай которуп тургандыгын, ошондо Сталиндин көңүлүнө толгонун акын өзгөчө эргүү менен ырга салат.

Билимдин деңизине сүзгөн эле,
Бул кезде Ысхак бышып бүткөн эле.
Ал алган билиминин күчүн сынап,
Адамдык сапаттарын бүтүн сынап,
Аны эми ар кыл кызмат күткөн эле (10,171).

Ошентип, Раззаков Ташкентке кайтып келип, эмгек жолун ушул жерден баштайт. Анын чечендигин, иш билгилигин, билимдүүлүгүн, адамкерчилигин сезген адамдар аны жооптуу кызматтарга көрсөтүшүп, элдин ишеничин актап, Борбордук Комитетке катчылыкка чейин жетет. Өз уулунун атагын Ала-Тоо угуп жөн жатабы - Раззаков элдин өтүнүчү менен Кыргызстанга 35 жаш курагында келип, элге кызмат өтөй баштагандыгы айтылат. Анын партияга сиңирген эмгеги бааланып, Кыргызстан КП БКнын Биринчи секретарлыгына чейин көтөрүлгөндүгү баяндалат.

Андан кийин акын биртке болсо да курулай сөз менен мактай берүүдөн качып, анын элге кылган жакшылыктарын, адамкерчилигин көрсөтүү үчүн Т.Абдумомунов, А.Токтомушев, В.Карпов сыяктуу адамдардын Искак жөнүндө жакшы ойлорун ортого салат. Анан Искак менен Хрущевдин ортосундагы конфликт сүрөттөлүп, Титовдун келиши, акыры кызматынан бошоп, өз жеринен кетиши кейиштүү маанайда сүрөттөлөт. Ошентип, Искактын калган өмүрүн Москвада жашап өткөргөнү, бөтөн жерге сөөгү коюлгандыгы айтылат:

Маскөөнүн чет жагында бейит жатат,
Кылычсыз тындым болгон шейит жатат,
Азыркы абалына кейип жатат.

Арбагы Ала-Тоого келип жатат,

Армандуу, сырдуу ишарат кылып жатат... (10,232).

Кыскасы, Раззаков дастанда чечен, адамкерчилиги бийик, иштин көзүн көрө билген, чыгаан кыргыз уулунун образы катары берилет. Белгилүү окумуштуу К.Асаналиев кезинде бул дастан жөнүндө буларды жазган эле:

«Раззаков дастаны» баштан аяк бир ыргак, бир пафос менен жазылган дедим, ал кандай: каарманды бир беткей көкөлөтүп мактоо чыгарманын бүтүндөй көркөмдүк системасын түзөт:

Сөз жактан күлүк эле, чечен эле,

Иштидa сүйлөгөндөй чечер эле.

Курч болчу, сүрдүү болчу анын көзү,

Курч болчу, сүрдүү болчу анын сөзү,

Албарстай темирди да кесер эле.

Албетте, Раззаков эч качан Цицерон болгон эмес, бирок ал чынында чечен киши эле, өзүнүн тегерегиндеги партиялык-советтик функционерлерден кескин түрдө айырмаланып турчу, себеби «түн канчалык караңгы болсо, жылдыз ошончолук жарык жанат». Ошондой болсо да, бир талашсыз чындыкты моюнга алуу керек, Раззаков чечен сөз искусствосун жараткан эмес, ал коммунисттик демагогиянын жана риториканын эң үлгүлүү, эң талантуу жарчыларынан болгон. Акын жана кээ бир окурмандар бул айтылгандар менен макул болбосу белгилүү. Антүү – алардын эрки, укугу. Андай болгондо, каарманды «чечен эле», «сөзү албарстай курч эле» деп, жөн эле курулай, декларациялап мактабай, адамдык ошол сейрек сапатты ачып көрсөтүү акындын негизги милдети эле да. Тилекке каршы, көркөм чыгарманы көркөм чыгарма кылган ушул бирден-бир касиет, ачып көрсөтүүчү касиети «Раззаков баянында» жок болуп жатат» (11,5) - дей келип сынчы «Раззаков баянында» анын образын ишенимдүү сүрөттөп көрсөтпөй, курулай мактоодон, мурдатан келе жаткан нормативдерден сыртка чыкмайынча оригиналдуу көркөм чыгарма жаратуу кыйын экендиги тууралуу оюн ортого салган. Белгилүү сынчы К.Асаналиевдин айткандарынын көбүнө

кошулса болот. Дегинкиси, бул дастанда Н.Байтемировдун “Шабданындай” эле курулай мактоо арбын экендиги чындык. Өзгөчө Раззаковду эч кемчиликсиз кылып көрсөтүү аракеттери басымдуу. Ырасында эле ошондой болгон күндө да, аны ишенээрлик кылып сүрөттөй албаган чыгармалар көп. Кантсе да кийинки кездерде сенектик мезгилдин, Сталиндин, жада калса Лениндин, компартиянын кемчиликтерин ачык айтып чыгышпадыбы. Андай болгон күндө Раззаков - өзү каалап, өзү билип туруп кемчиликтерди кетирбесе да, ошол замандын уулу. Мына ушуну кемчилик эмес, адамдык трагедия катары да сүрөттөсө балким чыгарма башкачараак, ынанымдуу чыгат беле деген ой келет.

Атактуу элибиздин асылдары

Аталып “эл душманы” атылганы,

Жүрөгүн Раззаковдун чымчылады,

Актоого күчүн жумшап, тынчыбады,

Алардын өзүн дагы, атын дагы (10, 167).

Мына бул куплетте, «эл душманы» деп аталгандарды Раззаковдун актагандыгы айтылат, а бирок кантип актаган, кимди актагандыгы жөнүндө сөз жок. Иши кылып дастанда  ошол кезде өлкөбүздөгү жетишкендиктердин баары Раззаковдун үлүшүнө тийиштүү өңдөнүп сүрөттөлөт. Чынында балким ошондойдур, бирок аны кандайча ишке ашыргандыгы жөнүндө кеп аз гана болгон. Муну менен бул дастанды окуганга болбойт дегенден алысмын. Бул чыгармада акындын бизге көпкө дейре чала тааныш болуп келген таланттуу жетекчи, сейрек жаралуучу инсан Раззаков Искактын жеке өмүрүн, эл үчүн жасаган кызматын, адамдык сапаттарын чоң эргүү менен кабардар кылганынын өзү эле кубанаарлык иш экенин баса белгилегим келет. Бирок акын дастанды романга айландырууда да мурунку эле кемчиликтерди кетирген, көркөмдүк деңгээли деле өзгөрүп, жогорулап кеткен эмес. Ошентип, дастанда да, романда да борбордук каарманы, элибиздин аныгында эле залкар уулу И.Раззаковдун образы көркөм адабияттын бийик талаптарына ылайык терең жана ар тараптуу иштетүүдөн өткөрүлбөй, коомдук-саясий ишмердүүлүктүн жана адамдык оош-кыйыш мамилелердин реалдуу перипетияларында ачылбай калган.

И.Раззаковдун мамлекеттик албан ишмердиги, анын баскан жолундагы оорчулуктар жана ийгиликтер, адамдык улуулугу жана аны менен үзөнгүлөш жүргөн пенделиги сындуу келбети кургак патетикага сугарылып, чыгарма узак жана кыйла жери тажатма ода түспөлүн кийип калган. С.Жусуев канткен менен таланттуу, чебер акын катары бул дастанын 70 жаштан өтүп калган кезинде жаратып, адаттагыдай эле көп изденгендиги көрүнүп турат. И.Раззаковдун өмүр жолу, анын балалыгынан тарта жетилген курагына дейри башынан өткөн иштер, аны курчаган адамдар жана коом тууралуу зор материал топтоп, анан аларды өзүнүн көркөм ой элегинен өткөрүп, элдик нукура жаран, элдин чыныгы уулу И.Раззаковдой болуш керек деген концепцияны реализациялоону максат кылган.Чыгармада чебер жана ойчул акындын калеминен жаралган таасын жана терең ойлор менен  баа-ченемдер арбын болуп, алар ошондой эле көркөм элестүү, эмоционалдуу таасир-деми күчтүү ырларга салынган учурлар жыш кездешет. Бирок кептин баары, айтылгандай, чыгарманы көп сөздүүлүк жана кайталоолор, башкы каарманга алдын ала суктануу сезими басып кетип, сөзсүз мактоо азгырыгы анын образын, личносттук касиет-сапаттарын ар тараптуу жана ичкертеден ачып берүүгө кадимкидей тоскоол болгондугунда жатат. Жыйынтыгында негизги максат (И.Раззаковдун образы) өз натыйжасын анча көрсөтө албай, автордун татынакай изги ой-тилектери толук көлөмдө жүзөгө ашпай калган.

Ошентип, Н.Байтемировго да, М.Абылкасымовага да, С.Жусуевге да бирдей эле нерсе – өз каарманына ашкере суктануу сезими тоскоолдук жаратат. Бул албан акындардын өз каармандарын коомдук чөйрөнүн чок ортосуна коюп, эл менен эле жүргөн, ошол эл ичинен өсүп чыгып, белгилүү бийиктиктерге жеткен кадимки эле адамдар катары кароого чамалары келбей калып, натыйжада аларды башкалардан өзгөчөлүгүн, улуулугун көрсөтүү максаттары ишке ашпай калган, ашса да – ал чала-чарпыт мүнөздө, толук эмес.

С.Жусуевдин дагы бир **«Ырыспай»** аттуу чакан дастаны кыргыздын чыгаан уулдарынын бири, обончу жана композитор Ырыспай Абдыкадыровдун элесине арналган. Акын бул дастанында обончунун бала болуп жарык дүйнөгө келгенинен баштап, көзү өткөнгө чейинки өмүр жолу,

чыгармачылыгы жөнүндө аздыр-көптүр кабардар кылат. Автор Ырыспайдын балалык кезин сүрөттөп келип, анан чыгармачылыгын, талантын, ырларынын өлбөстүгүн даңазалоого басым жасайт. Дастандын көлөмү чакан болсо да, Ырыспайдын ыр жандуу жан-дүйнөсүн, адамкерчилигин, жөнөкөй, чыныгы таланттуу адам экендигин акын кеңири ачып берүүгө аракеттенген:

Ырда, Ырыспай,
Сенин ырың – тоо суусунун
Түндө күйгөн жалындай.
Сенин ырың – жазгы күндүн
Жан жыргаттар табындай.
Комуз күүлүү шарындай.
Сенин ырың – тоо койнунда
Анан ошол ырларынды
Ким тура алат сагынбай (10,133).

Ооба, анын сыйкырдуу обондору түбөлүккө кыргыз элинин рухий-эстетикалык энчисине айланып, түнөк тапкандыгы талашсыз. Бул чындыкты С.Жусуев андан да тереңдетип, бул дастаны менен Ырыспай жөнүндө дагы жаңы нерселерди ачып берген. Бардык эле таланттуу адамдар сыяктуу Ырыспай да бул дүйнөдөн армандуу кетти. Биздин жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн түнөк алган ырларды, обондорду жаратса да:

"Толо элек ырдан кумарым,
Толо элек гүлдөн ыр багым.
Жазыла элек али да
Жазылчу жакшы ырларым..." (10,136),-

деген сыяктуу анын арманы таасирдүү берилет.

Бирок көлөмү жагынан чакан бул дастанда акын дагы да жогорку чыгармасындай эле мактоо илдетинен кутула алган эмес. Ырыспайдын талантына, анын обондоруна кумары канчалык күчтүү болбосун, акын анын чыныгы инсандык жана чыгармачылык жүзүн ачып берүү ишин алдыңкы планга коюшу керек болчу.

Өзүң да билет чыгарсың,

Өзгөсүң бизден, чыгаансың

Биз – балгын, сен чынарсың,

Биз – күйкө, а сен – тынарсың.

Бийиксиң, бизден артыксың,

Биз – бөзбүз, а сен – баркытсың (10,138).

Ырыспай Абыкадыровдун чоң композитор экенин эч ким талаша албас, бирок, ал мындай бир жактуу мактоого муктажбы? Анын үстүнө кыргызда Ырыспайга тете Ж.Шералиев, К.Тагаев, А.Керимбаев, Т.Казаков өңдүү обончу-композиторлор да бар. Мына ошондуктан, С.Жусуев Ырыспайдын алардан өзгөчөлүгүн, окурманга тааныш эмес, артыкчылык жагын ачууга кылдат көңүл буруп, өнөрпоздук жана адамдык жүзүн терең ачып бергенде чыгарма мындан да дурус чыкмак.

Жыйынтыктап келгенде, майда-баратына дейре үңүлүп кирбесек да, жалпы жонунан талдоого алынган Н.Байтемировдун “Шабдан”, ,М.Абылкасымованын “Атаке баатыр жөнүндө баян”, С.Жусуевдин “Раззаков баяны”, “Ырыспай” сындуу чыгармаларын тажрыйбалуу жана таланттуу, аксакал акындардын “жаза басуулары” катары карасак болот. Кеп алардын “поэма”, “дастан” же “казал” деген өңдүү жанрдык аталыштарында эмес.Бул жерде жанрдык талаш-тартыштын мааниси деле жок. Чыгармаларда идеялык-мазмундук тереңдик, ажарлуу поэтикалык чеберчилик болбогондон кийин, болсо да алардын доминанты катары көрүнбөгөндөн кийин – жанрдык аныктама эмнени чечмек эле?! Маселенин баары шексиз керектүү жана маанилүү темаларга арналганына карабай, аталган чыгармалар нукура поэзиянын талаптарынан кыйла алыс тургандыгында, коюлган проблема, иштелүүчү образдар акыр-аягына чейин иштелбей жана автордук концепция негизги каарманга карата “мактоо гана жарашат” деген карапайым, жармач түшүнүккө байланып калгандыгында жатат.

Ал эми жалпы улуттук поэзия жана адабий процесс үчүн мындай көрүнүштөр боло келген жана боло берчү утурумдук нерсе катары гана каралышы керек.

*****

Эми XX кылым соңундагы кыргыз поэзиясынын нагыз бийиктиги болуп калган “Курманжан датка” аттуу поэтикалык романга кезек берели. Баарынан кызыгы бул роман жогорудагы биз негизинен терс баа берген “Раззаков баяны”, “Ырыспай” аттуу чыгармалардын автору, кыргыз поэзиясынын патриархы С.Жусуевге таандык. Ушундай да болот. Бир эле автор көркөм-эстетикалык нарк-насили эки башка чыгармаларды жаратып салат тура. Биздин баамыбызда анын сыры жөнөкөй эле. Ал – изденүү жана изденүүдө гана жатат.

«Сүрөткер маалымат-фактыларды, документтерди хронологиялык жактан тизмектеп, кынаптап гана тим койбостон, ар бир материалга «жан» киргизип, маани-маңызын ачып, көркөм-эстетикалык рахат тартуулай турган максатка жетүүсү керек. Тарыхый окуялардын доорун, инсандардын портреттерин, психологиясын, көз карашын, жүрүм-турумун, жалпы калайык-калктын жашоо турмуш-тиричилигин, каада-салтын, үрп-адатын көрсөтүүдө историзм принциби сакталып, сөз каражатын орунду пайдалануу талапка ылайык» (3,5-6) - деп профессор А.Акматалиев жазган талаптардын призмасынан алып караганда, кыргыз эл акыны **С.Жусуевдин 1994- жылы жарыкка чыккан «Курманжан датка»** аттуу тарыхый-биографиялык поэтикалык романы алда канча жогорку деңгээлде жазылып, образдар, кылдат, чыйрак иштелген. Ага учурунда татыктуу баа берилип, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон эле.

С.Жусуев активдүү ишмердүүлүгү оош-кыйыш окуяларга жык толгон Х1Х кылым ичинде өткөн, ошол мезгилдеги тарыхый инсандардын ичинен коомдук-саясий турмушка активдүү катышып, элдин кызыкчылыгын баарынан жогору койгон, акылман, көрөгөч, кайраттуу аял, кылдат саясатчы, кыргыз эле эмес, бүткүл Орто Азия элдеринин тарыхында аялдардын ичинен биринчи жолу датка деген бийик наамын алган, кийин орустар тарабынан «Алай ханышасы» (Алайская царица) деген атакка ээ болгон Курманжандын балалык кезинен өмүрү өткөнгө чейинки басып өткөн даңктуу өмүр жолун, күрөшүн, эл үчүн

жасаган өлбөс-өчпөс кызматын чыныгы поэтикалык эргүү менен жогорку идеялык-көркөмдүк деңгээлде бизге тартуу кылды.

Курманжан датка кыргызга гана эмес мурунку Совет өлкөсүндөгү элдердин тарыхына кызыкдар адамдарга аттын кашкасындай таанымал личность болсо да, ал мезгилде анын өмүрүн, ишмердигин изилдөө жана искусство чыгармаларын (анын ичинде адабий чыгармалар) жаратуу ачык колдоого алынбай, кандайдыр бир саксынган мамиле өкүм сүрүп келген. Мындай көз карашты дагы да залкар жазуучу Т.Касымбеков бузуп, “Келкел” романында ошол кездеги коомдук-саясий турмуш-тиричиликтин алкагынан ажыратпай туруп анын масштабдуу образын түзүп бергенден кийин өзүнчө эле азгырык башталып, бул темага билгени да, билбегени да, чала-чарпыт маалыматы барлары болуп, илимпоз-тарыхчы деле, сүрөтчү жана акыны, прозаиги жана санжырачысы деле аралашып, “бирдеме” айтып, “бирдеме” жазып коюну милдет көргөндөр, анысын ачылыш катары көрсөткөндөр көбөйдү. Бирок кандай болгон күндө да Т.Касымбековдун Курманжаны элдик аң-сезимден орун алып, анын аты аталганда эле коштоп жүрүүчү элес жаратууга жөндөмдүү болуп чыкты. Кийинки чыгармалар деле анын образын кай бир жагынан толуктаганы менен аны түп тамырынан бери өзгөртүп жиберген жок. Белгилүү сынчы К.Даутов “Сынган кылыч ” менен “Келкелдин” айырмачылыктарын туура, так ажыратып келип, бул чыгарманын мыктылыгы эмнеде экенин даана ачып берген: “Келкел” кадимки “Сынган кылычтан” мына бул төрт сапат белгилер менен айырмаланат: а) психологизмдин тереңдиги, психологиялык талдоо өнөрүнө эркин жетишкендиги; б) романга философиялык концепция берилиши; в) нукура профессионал романга таандык белги каармандын келки тагдырын, ички турмушун ичкертен көркөм иликтөөнүн, адам концепциясын түзүүнүн үлгүсүн берүүгө жетишкени; г) бийик эстетикалык көркөм жалпылоо жасоо мүмкүнчүлүгүнө эгедер болушу. Калгандарынын баарысы мына ушулардын айланасында чечилчү маселелер” (12, 245). Дал ушул себептен Курманжан жөнүндө кийинки жазылган чыгармалар ага оңой менен тең тайлаша албай келет.

Мезгил менен турмуш дегенибиз акын-жазуучуларды да алга жетелеп, көңүлүнө уялап, ышкысын козгогон коом турмушу жана адамдар тагдыры тууралуу өз сөзүн айтууга мажбурлайт. Ошол сыңары С.Жусуевдин Курманжандын трагизмге жык толгон тагдырына кайрылуусунда мыйзам ченемдүүлүк, ички муктаждык бар. Бекер жеринен акын өз чыгармасын “50

жылдык эмгегимдин үзүрү” деп жатканы жок. Демек бул чыгарманы жазууга С.Жусуев узак мезгил даярдык көрүп, аны көңүлүндө жана чыгармачылык лабораториясында ийлеп, бышырып отуруп жазган дегенибиз жөндүү. Ошон үчүн бул поэтикалык роман акындын И.Раззаков жөнүндөгү чыгармасына караганда алда канча жогорку көркөм-эстетикалык деңгээлге жеткен. Андай “нарктуулук” чыгарманын бардык тарабына (сюжет куруудан тарта образдардын иштелиши, диалог, монолог, лирикалык, философиялык ой-толгоол ордун орундуулугу, тереңдиги, таасындыгы жана поэтикалык жеткилеңдиги ж.б.) тиешелүү. Ошентип изденүү ийгилик өбөлгөсү болуп, кыргыз поэтикалык романынын жаңы сапаттык тепкичке көтөргөн чыгарма жаралды.

«Ырасын айтканда, кыргыз жазуучулары мурунтан эле анын өмүрүн, баскан жолун, элдин ынтымак-ырашкердигин, ар-намысын сактоо үчүн жасаган иштерин көрсөтүүгө далалат кылып келишкен. Бирок бир кездеги идеологиялык кысымдардын, ыгы жок саясий талаптардын шартында алар өз ойлорун толук жүзөгө ашыра алган эмес» (13,10) – деп котормочу жана жазуучу Олжобай Орозбаев жазгандай ошол оор шарттардан суурулуп чыккан Т.Касымбековдун “Келкели” кыргыз романистикасында мыкты чыгармалардын бири болуп калды. Анда жеке адамдын өмүр-баяны, тагдыры гана эмес, бүтүндөй кыргыз элинин жашоо-турмушу, ага карым-катышта жашаган элдердин коомдук-саясий, социалдык абалы да сүрөттөлөт. Т.Касымбековдун романы тууралуу убагында, кийин да көп жазылды. Кантсе да эпикалык масштаб менен берилген башка каармандар менен бирге анын Курманжаны көркөм-рухий дүйнөдө толук кандуу жашоого жолдомо алды да, атактуу адабий каармандар галереясына кошулду. Ал Т.Касымбековдун талантынан гана жаралган көркөм образ катары толук жекечеликке эгедер экендиги талашсыз. Бирок С.Жусуев: «Ар бир калемгер өзүнүн гана Жаңыл Мырзасын, Ак Мөөрүн, Ак Саткынын, Курманжан даткасын окурмандарга сунуш кылды. Мен дагы төрт жыл бою калемимди бек кармап эмгектенип, өз кыялымдан, шыгымдан жаралган өз Курманжан даткамдын, анын замандаштарынын, алар жашаган мезгилдин көркөм образын сиздерге тартуулап отурам!» (14,5) – деп адабиятта бир тарыхый личность, бир эле эмес нечендеген көркөм иликтөөнүн объектиси боло ала турган “укукту” айтып турганын жөндүү дебешке арга жок. Ошентип албан акын өз сөзү менен Курманжан тарыхын ыр түрүндө кайра жазып, мындай оор жана жооптуу ишке бекеринен чыгынбаганын далилдеп берди. Бирок эл тарыхына өчпөс из

калтырган залкар инсандар тууралуу канча автор тарабынан канча чыгарма жазылса да, аларды жакындаштырган учурлар болбой койбойт. Себеби болгон окуялар жана инсандар ишмердиги бир болуп жаткандан кийин жазуучу-акындар аларды башкача кылып, бурмалап салууга, же урунттуу учурларды аттап кетүүгө моралдык укугу жок болуп калат. Мындай ишке барса, анын чыгармасы документалдуулугунан ажырап, окурмандын ишеничинен чыгат. Ошол эле учурда бир инсандын өмүр жолун, анын башынан өткөн ири жана майда окуяларды ар бир автор өздүк көз карашына, позициясына жараша ар башкача трактовка жасашы ыктымал. Мындай укуктан алардык эч ким ажырата албайт. Мына ушул жагдайды эске алганда Курманжан датка тууралуу мурда-кийин жазылган чыгармаларды (Маселен, С.Раевдин “Ханышанын көз жашы”, К.Сактанов менен Т.Касымбековдун “Курманжан датка” драмасын, Б.Арстанбекованын “Курманжан датка” тарыхый поэмасын ж.б.) коё туруп, Т.Касымбековдун “Келкели” менен С.Жусуевдин “Курманжан даткасын” салыштырбай коюу мүмкүн эмес болуп чыгат. Булардын бири кара сөз менен жазылган тарыхый роман, экинчиси ыр менен жазылган роман экендиги бул жерде принципиалдуу маанисин жоготуп, формалдуу нерсе болуп калат. Себеби кеп төркүнү чыгармалардын жанры, алардын сюжеттик-композициялык түзүлүшү эмес (мунун маанисин жокко чыгарууга болбосо да), тарыхый жана көркөм чындыктын шайкеш келиши, тарыхый инсандардын көркөм образ катары берилиш даражасы, анын эмоционалдык-экспрессивдик таасири жана көркөм ынанымдуулугу деген өзөктүү маселеге барып такалат. Ушуларды эске алуу менен Т.Касымбеков менен С.Жусуевдин “Курманжаны” кандай, алардын эмнеси окшош, эмнеси айырмалуу деген суроого жооп издеп көрөлү.

Улуу акындын көзү тирүүсүндө өзү менен маектешкенибизде (2001) буларды айтып берген эле: «Бул роман - менин элүү жылдык эмгегимдин үзүрү, жемиши деп эсептейм. Мен бул чыгармамды качан гана өзүмдүн чыгармачылык күчүмө ишенгенимде баштадым. Бир жагынан чыгарманы жазууга мезгил өзү түрткү болду. Романды жазуунун алдында архивди казганым деле жок, Курманжан жөнүндө чыккан макалалардан, китептерден пайдаландым. Бул романды 1989-жылы жаза баштаганмын, 5 жыл иштедим, ошонун ичинен бир жылын романды кайрадан башына аягына чейин бир сыйра оңдоп чыкканга жумшадым. Ал эми Т.Касымбековдун «Келкел» романын окуй да элекмин. Бул

романды жазуу менен тилегиме жеткенсидим. Токтогул сыйлыгынын чыгармама берилгендиги үчүн ыраазымын».

Т.Касымбековдун прозалык чыгармасы сыяктуу эле С.Жусуевдин поэтикалык романы да “көчтүн карасында” калган карапайым чыгарма эместиги окурмандар колуна тийгенде эле маалым болуп, абройлуу адистердин алкоосуна татыды. Чыгарма негизи бир дем менен жазылган, бир сөзүн алсаң, бүт ыр сабына доо кетчүдөй учурлар анда арбын, б.а., С.Жусуевдин акындык чеберчилиги айрыкча ушул чыгармада таасын көрүнгөндүгү анык. Ал кандайдыр бир кайталангыс жаңылык ачып, окурманды таңдандырбаса да, романды ырдын эң татаал формасы болгон жети саптуу строфалык түзүлүшкө салып жазган. Акын ыр жазуунун техникасын өтө мыкты өздөштүргөнүн далилдеп, бирок ага берилип кетпей мазмундук тереңдикке умтулган. Чыгармадан кээ бир акындардыкындай эптеп кураштырылган, уйкашсыз саптарды табуу да кыйын.

«Акын С.Жусуев Курманжан жөнүндөгү романын жазууда поэзия чебери экендигин көрсөтө алган. Сөздөр, саптар сыдырма салгандай бардыгы өз ордунда, уйкаштыгы куюлушуп, табигый түрдө кыналышып турат. Бир гана эскерте турган нерсе, романды баштан аяк окуп отурганда автордук баяндоонун бирдей ыргакта кайталанып жүрүп отурушу окуучуну бир аз зериктирип жибериши мүмкүн. Бирок, бул романдын жалпы идеялык-эстетикалык деңгээлинин, көркөм табылгаларынын мол экендигине эч кандай кедерги боло албайт» (15,22-29), - деп белгилүү адабиятчы К.Артыкбаев  жазган болчу.

Романда Кокон хандыгынын кыскача тарыхы батырылган десек да болот. Мына ушу тарыхый окуялар аркылуу Курманжандын татаал тагдырын, психологиялык толгонууларын, эне катары да, саясий ишмер катары да көркөм образын жогору деңгээлде сүрөттөө - акындын негизги максат-мүдөөсү. Чыгарманын сюжетин реалдуу тарыхый окуялар түзүп, жеке адамдын тарыхтагы ролу, элдин эркиндик, теңдик, көз каранды болбос үчүн күрөшү, эл-жерди, мекенди чексиз сүйүү жана аны коргоо, жеке адамдын коом, Мекен алдындагы парзы, сүйүүсү, байлык, бийлик сыяктуу көптөгөн темаларды өз ичине камтыйт. Автор тарыхый маанилүү окуяларга аралашып жүргөн тарыхый личносттордун катышуусу, күрөшү аркылуу өз баасын берет. Негизинен Курманжандын өмүрү, ишмердиги, ошол мезгилдеги тарыхый кырдаал Т.Касымбековдун «Келкел»

романында, «Курманжан датка» драмасында да, С.Жусуевдин романында да бирдей эле берилген. Бирок ар бир жанрдын өз спецификалык өзгөчөлүгүнө жараша Курманжан датканын образы экөөндө өзүнчөлүккө ээ болуп, автордук көз карашка ылайык ар тараптан улам толукталып тургандай. Ошондуктан бул чыгармалардагы жалпылыктар жана айырмачылыктар тууралуу да сөз кылуу зарылдыгы бар.

Анын үстүнө дүйнөлүк адабий тажрыйбада да, чыгыш адабиятынын тажрыйбасында да окшош сюжеттерди колдонуу менен бир канча чыгармалар жазылып келген. Башка жакка барбаганда да, өзүбүздүн адабиятта Ак Мөөр темасына А.Осмонов, А.Токтомушев, С.Эралиев, Ж.Садыков, Э.Өскөналылар кайрылышып, жалпысынан тарыхый чындыкты негиз кылып алуу менен, ар кими өз Ак-Мөөрүнүн ар кандай деңгээлдеги көркөм образын жаратышты. Мына ушул жагынан да алып караганда, С.Жусуевдин «Курманжан датка» романы лирикалык маанайдагы ой толгоолор менен каныктырылып, каармандын ички дүйнөсүн ачууда өтө элестүү, маңыздуу чыгып, өлүм, өмүр, турмуш, адам тагдыры, эл тагдыры тууралуу философиялык тереңдикке жеткен, бийик идеялуу чыгарма болуп калган. Т.Касымбековдун “Келкели” 5-6-жыл мурда даяр болсо да 1986-жылы, ал эми С.Жусуевдин “Курманжан даткасы” 1994-жылы жарык көрдү. Экөөнүн аралыгын болгону сегиз жыл гана бөлүп турса да, Курманжандын жаркын образын (турмуш жолунун оордугуна, трагедиялуулугуна карабай ал кыргыз элинин эсинде сейрек кездешүүчү даанышман жана жаркын адам катары сакталганын белгилей кетели – С.И.) бири прозада, бир поэзияда өзүнчө бир көркөм ачылыш деңгээлинде жаратып беришти. Тарыхый негизинин бирдейлигине карабай эки автордун ага көз карашында, мезгилдик-мейкиндик ченем алкагында айырма бир топ. Профессор К.Артыкбаев “Келкел” романы негизинен Токтогул Сатылганов жөнүндөгү чыгарма экенин айта келип: “Ал эми Токтогулдун Токтогул болуп чыгышын көрсөтүү үчүн жазуучу ал жашаган коомдук турмуш тиричилигин, анын ээлери жана карапайым адамдар менен болгон ар кыл мамилелерин жеткире иликтеп сүрөттөп, эң башкысы – коомдук өнүгүш, аң-сезимдин агымы каякка баратканын, мындайча айтканда, типтүү кырдаалдардагы типтүү мүнөздөрдү ачып бере алууга тийиш болчу” – деп жазып (15, 218), жазуучу бул максатын эң

бийик чеберчилик менен жүзөгө ашырганын белгилеген болчу. Мындай “масштабдуу, панорамалуу романды” (К.Артыкбаев) Токтогул жашаган доордун көркөм реалдуу элеси тартылмайын, Токтогулдан башка адамдардын типтүү образдарын жаратмайын жогорку максат ишке ашмак эмес. Бул маселеде Т.Касымбеков жеке өзүнүн гана билимине, чыгармачылык кыял чабытына таянып, кимдерди иликтөө объектисине айландыруу керектигин өзү гана чечкени талашсыз. Токтогулдун башынан нелер өтпөдү, ал кимдер менен гана көздөшүп, кимдер менен гана өйдө-төмөн мамилелерди баштан кечирбеди. Бирок ошолордун ичинен жазуучу Ниязаалы, Жеңижок, Алымкан, анын атасы Суван Болуш, Арзымат, Осмонбек болуш, Керимбай, М.Фрунзе, Мырзабек, Жумаалы, Мадаминбек, Аман, Мойдун, Калкожо, Шермат, Карамолдо, Затаевич, Ионов, Скобелев, Шабдан, Чотон, Карасакал, Ак балбан, Ажымат эшен (ж.б.) сыяктуу окурмандарды күмөнсүтүп, бушайман кылбаган, социалдык статусу жана адамдык жүзү ар түркүн образдардын бүтүндөй галереясын түзүүгө жарамдуу, көбү тарыхта болгон адамдарды тандап алган.

С.Жусуев болсо мынчалык көп пландуулукту, масштабдуулукту жана кеңири панорама тартууну максат кылбаган. Аны кызыктырган инсан ириде – Курманжан датка.Бирок анын образын ачып берүү үчүн, дагы да ал өмүр кечирген доордун, доор-мезгилдин картинасын тартып берүү үчүн акын Курманжандын жөнүндө гана сөз кылуу менен чектеле алмак эмес. Бирок Токтогул сыяктуу эле Курманжандын башынан да нелер гана өтпөдү, ал не деген адамдар менен кездешпеди. Ошондуктан С.Жусуев Т.Касымбеков сыяктуу эле бул маселеде өз жолу менен кетет да, айрымдары “Келкелде” бар, жоон тобу анда жок окуяларды жана кейипкерлерди, кырдаалдарды өз чыгармасына киргизип, Т.Касымбеков сыяктуу алардын кээ бирин кыйла кенен, айрымдарын кыска жана үстүрт сыпаттап берет. Маселен, Молдо Нияз,  Мала хан, Аксирдин хан, Видгенштейн, Аалы (Алымбектин катчысы), Мамат (Курманжандын атасы), Суксур (курбусу), дубана, Вревский, Арстанбек (датканын небереси)  сыяктуу кейипкерлер Т.Касымбековдун романында кездешпесе (айрымдары жөнүндө кыска гана кабар берип өтсө), Токтогул, Алымбек датка, Камчыбек, Абдылдабек, Скобелев, Чотон, Полотхан, Кудаяр, Мусулманкул, (ж.б.) өңдүү каармандар эки

чыгарма үчүн орток болуп эсептелет. Жогоруда белгиленгендей Токтогул “Келкелдин” борбордук каарманы болсо, С.Жусуевде Курманжандын
Токтогулга Анжиян көтөрүлүшүнө катыштыгы бар деп түрмөгө түшкөн жеринен таанып, кайрат айткандыгы гана кыска баяндалат. Мындай жакындыктарга (аз гана) жана айырмачылыктарга (көп) өзгөчө назар салуунун деле зарылдыгы жок. Себеби эки чыгарма тең “тарыхий” деп мүнөздөлгөнү менен, алар тарыхтын таптак көчүрмөсү, окуялардын кынтыксыз летописи эмес. Демек, аларды салыштыруубуздун өзү шарттуу десек болот, ал салыштыруу көбүнчө адабий кызыкчылык үчүн жасалып жатканын да белгилей кетүү керек.

Чыгарманын көркөм-эстетикалык нарктуулугу көптөгөн компоненттердин жыйындысы (сюжеттик-композициялык өзгөчөлүктөр, образ жаратуу чеберчилиги, стилдик-поэтикалык артыкчылыктар, идеялык мазмун, проблема коё билүү жана аны чечмелөө ж.б.) менен өлчөнө тургандыгы белгилүү. Прозада анын мындай айрым белгилерин (М; идеясын, проблемасын) жалпы сөздөр менен кыска сыпаттоо мүмкүн болсо, башка бир жактарын айкындоо узак сөздү талап этип, жогорудагыдай белгилерди жалпылоого алып келет. Ал эми поэзияда акындын көркөм сөзгө үнөмдүү мамилеси, ар бир сөздүн орундуу жайгашуусу жана ар бир саптын, строфанын образдуулугу жана экспрессивдүүлүгү (окурмандын сезим-туюмуна таасир берүү дарамети) алдыңкы планга чыгып калат. Прозада бул сапат алынча кыска же узак тексттерге сиңирилип, анча баамга уруна бербейт. Демек, мындай учурда поэзия ыңгайлуу позицияда турат.

С.Жусуевдин ыр-романы жакшынакай кышкы пейзажды көз алдыбызга тартып, жайбаракат жана бейпил маанайда башталат:

Алай, Алай, Алайды бүт каптап кар,
Адыры да, аскасы да аппак кар,
Айланага көз жиберсең көрүнөт,
Аппак кыя, аппак кокту, аппак жар.

Ак оронгон чакан дарак, чоң дарак...- дегенден (14,6) тарта “жалаң көйнөк кайың”, “кайыккансып, чыйрыккансып” турган тал, кайжаккадыр “сансыз жылдыздарын бир-бирден жөнөтүп” жаткан асман, “ак тон кийген карылардай күпүйүп, ...чоң маселе бүтүрүп” жатышкансыган Жошолу

жергесинин дарактары таланттуу художник тарткан өзүнчө эле бир бүткөн картина элесин берет.

Агыш жарык тарап туш-туш жактарга,
Ажар кошту түндө жааган жаш карга.
Ар боз үйдөн түндүк жабуу серпилип,
Ар коломто өз казанын асканда,
Суйдаң түтүн, бозгуч түтүн, көк түтүн
Коюу түтүн, коңур түтүн, көп түтүн
Кашаң булап, каалгыды асманга (14,7).

Табияттын керемет бир учурун жүрөгүнөн өткөрө билген акындык сезимталдыктын бийик сереси деп ушуну айтуу керек. Мында терең ойчулдук да бар. Чыгарма мына ушундай идиллиялык маанайда ошол көп үйлөрдүн көркөмдүү, көлөмдүүлөрүнүн" биринде "уктай албай түйшөлүп чыккан," Мадыдагы балдарын сагынып, жол жүрүүгө камынган, токсон алтыга чыккан Курманжанды көз алдыбызга алып келүү менен башталат. Кооптуу эч нерсе жоктой. Болгону:

Көрдү тагдыр бешенеге жазганын,
Көрдү Алайдын,Ош, Кокондун асманын.
Аны акыры ушу чекке жеткирди
Өмүр – күлүк тынбай салып таскагын.
Кыйындар да укса койбос таңданбай,
Кылым жашап, кылымдарга калгандай
Өзү жазды өмүрүнүн дастанын  (14,10),

дегени менен акын акырындап "өмүрү дастан" болгон бул аялзатынын өткөнүнө сереп салууга өтүп, ал өмүр бейпил эмес, тескерисинче өтө тынчы жок, кооптуу болгонун кылтыйтат да, идиллия жеке турмуштук эле эмес, коомдук –социалдык драмага өтөт. Айылга бараткан жолдо Курманжан "көгүш күрмө, көйнөк кийип кырмызы, айылда өскөн кара тору бир кыздын" - өзүнүн тарыхын көз алдынан өткөрөт. Чыгарма ушундай башталат жана муну эң сонун, башка кыргыз акындарында кездеше бербеген жаңычыл башталыш десек болот. Акын 11-12 муундук ыр саптары, ар бири таасын жана салмактуу маани көтөргөн  кыска сөздөр жана сөз айкалыштары менен сүйлөй билет, алардын ар бирине тиешелүү

маани жана олуттуу ой, элес, образ сиңире алат. Ушундан улам анын бул теманы көп жылдар көңүлүндө калчап, 5-6 жыл баш көтөрбөй иштегенине ишенбей коё албайсың. Акын Курманжанга болгон өздүк симпатиясын жашырбайт. Аны чексиз урматтап, таазим кылары да ачык берилет. Бирок бул сезим "Раззаков тагдыры" романындай кургак патетикага, ашкере ынанымсыз мактоо-даңктоолорго сугарылган эмес. Автордун өз каарманына болгон суктануусу мында өтө реалдуу жана табигий сезим катары окурман тарабынан да туура кабыл алынат. Себеби, ал чыгарманын мазмунунан, сүрөттөлгөн коомдук кырдаал менен адам тагдырларынын, адамдык ой-толгоолор менен мамилелердин реалдуулугунан, аны ошондой деңгээлге жеткирген көркөм ынанымдуулуктан келип чыгат. Чыгарманын дагы бир артыкчылыгы мына ушунда турат. Анткени бир убактагы "каратору бир кыз", анан "аксанатай, буудай жүздүү келин" үй-бүлөдө, айылында, бүтүндөй Алай жана Ошто, анан бүтүндөй Парганада (акын ушундай жазат-И.С.) иш билги, сөз билги, жөн билги, калыс, акылгөй адам катары барк тапканы, "ургаачынын арстаны" деген даражага эл үчүн жасаган иштери менен татыганы кийинки баяндоолордо белгилүү болот. Акын анын башынан өткөргөн оор күндөрүн, "жеңишке жетип-жетпей кур калган" учурларын, элге арнаган узак жана түйшүктүү өмүр жолун бир калыпта, салмактуу темп, ыргак менен баяндап жүрүп отурат. Бирок ошол олуттуу жана жайбаракат көрүнгөн баяндын ичи буркан-шаркан түшкөн жашоо-тирлик менен анын чок ортосунда жүргөн Курмандын (акын аны урматтап, ызааттап кээде ушундай атайт-С.И.) бир саам да тынч койбогон драмалуу ой-саанасы, ага жараша иш-аракеттери менен толтурулат. Муну туура байкаган жазуучу Мамат Болот: "Терең суунун агымындай сыртынан мелт-калт мелмилдеген, түбүндө эмне деген **кургуй**, не деген агымдар күргүштөп акканын ким билсин, дал ошондой романга ылайык сыйымдуу да, кубаттуу ыркурам тандалып алынган", - деп жазат (16, 318) Кеп ыркурамда эле эмес, кеп акындын чеберчилигинде, ар бир сабы нечен ирет электен өткөрүлүп, ага таасын жана элестүү, образдуу ой-сезим, элес, түшүнүк, көрүнүш, кыймыл-аракет сиңирилип, аларда бекем шайкештик, гармония сакталгандыгында турат.

С.Жусуев берейин деген оюн окурманга жеткирүү үчүн жакшы ыкманы тандап алган. Ал романды он алты темачаларга бөлүп, алардын ар биринде

Курманжандын өмүрүндө болуп өткөн күрдөөлдүү тарыхый окуяларды берүү менен образын улам тереңдетип ачып жүрүп отурат. «Баш каармандын ички монологу, автордук баян, лирикалык чегинүү, автордук монолог, – дейт филология илимдеринин доктору, жазуучу Б.Усубалиев, – ушул үчөө камыр-жумур жуурулуша келет да, бир эсе окурмандардын кызыгуусун арттырууга дагы зор өбөлгө түзөт» (17,25).

Романда бир окуя башталаардан мурун, же бир окуя аяктагандан кийин Курманжан датканын психологиялык ой толгоолору, автордук баян берилип, ал аркылуу Курманжан датканын жолдогу абалын, кайсы жерге келип жеткенин, ошол жердин жаратылышынын кооз картиналарын сүрөттөп олтурат. Акын Курманжандын Алымбекке жубай болгонуна чейинки өмүр жолун, «Өмүр башаты», «Кыз пейили», «Көңүл көктөмү», «Алай келини» деп төрт темачага бөлүү менен көркөм, таасирдүү кылып сүрөттөп берүүгө жетишкен. Ошентип, адегенде жүзгө таяган Курманжан менен жолуксаң, эми анын “тарыхын” берүү үчүн акын ретроспекция жолун тандап алат.

Курманжан оокаттуу үй-бүлөдө туулуп чоңойгонун, алтын балалыктын санаасыз күндөрүн өткөрүп, зиректиги жагынан нaристе кезинен эле айырмаланып, теңтуш кыздарынан эле эмес, эркек балдар менен жарышып ат чабышып, чыйрак чоңойгонун акын чоң эргүү менен баяндоого өтөт:

Курман эңчү тыйындарды бала эңбес,
Жерде тыйын калчу эмес ал эңбес.
Ал жетилип окшоп эркек балага,
Артта калды мажирөө кез, чабал кез.
Көп кыздарга карганда эрте өсүп,
Болду Курман кыздан чыккан чабандес (14, 15).

Уруучулук-патриархалдык каада салт, өткөн замандагы теңсиздик көп учурларда жаштардын сүйүүсүнө, эркин үй-бүлө курууларына кедерги болгон мезгилде жашаган Курманжан да ушундай адилетсиз көрүнүштөн качып кете албай, ата-энеси бала кезинен кудалашкан жерине барып, тагдырга алгач баш ийди. Ал болочок күйөөсүн бир көрбөстөн Кашкарды көздөй жол тартты. Кыз кезинде эле болочок жолдошун кыялында элестетип:

Билбейм мага кандай күйөө туш болот,

Ийиниме кандай дөөлөт куш конот.
Ителги да, ылаачын да, шумкар да,
Кулаалы да, күйкө деле туш болот.
Мени күйкө же кулаалы бүктөрүп,
Эңип кетсе, өз жүрөгүм өзгөрүп,
Катып, тоңуп таш болот же муз болот (14, 17), -

деп ойлоп жүргөн Курманжанга шумкар эмес, күйкө туш келип, «Жапалактын сулуусунун» көңүлү чөктү. Бирок Курманжан тагдырдын мындай тамашасына баш ийбей, караңгы түндө «тапталган күлүктү» минип, качып кетти. Өмүр бою оор турмуштун запкысынан тажаган кыз-келиндерге бул жорук майдай жакса, салтты туу туткандар үчүн түшкө кирбеген жорук болот. Мамытбайдын иниси Аалыдан Курманжандын "жоругун" уккан Алымбек, бул өзгөчө кызды көргүсү келет. Мына ошентип Анжияндын башчысы Мамытбектикине келип, Курманжанды көрөт:

Кыргый мүчө, бою ноода келишкен,
Тоодо жүрүп түздү самап зериккен.
Маралга окшойт үйрүнөн бөлүнүп,
Мөл булакка түшүп келген эгизден.
Аруу жандын ою дагы таза да –
Ай жамалдуу бийкеч экен айзада,
Айтчу ар жигит болсо экен деп периштем (14,51).

Ою-дили ак, ай жамалдуу, ажарлуу, акылдуу, сөзмөр бийкечти Алымбек бир көргөндө эле жактырып, кыздын колун сурап, ал эмес Курманжандын "жөн эле аялыңыз эмес, кеңешчиңиз болоюн" деп койгон шартына да макул болуп кайтат. Алымбек менен Курманжандын ортосундагы алгачкы жолугушуу, сүйлөшүүсү өтө мазмундуу өтөт. Ал эми Т.Касымбековдун «Келкел» романында болсо бул тагдыр чечерлик окуя автордун сөзү менен көбүнчө маалыматтык, анча-мынча баа берүүчүлүк мүнөздө төмөндөгүдөй баяндалат:

«Жөнү жок, обу жок дымак күткүдөй Курманжан-бүбү не хан ордосунда, не бек өргөөсүндө туулган беле?! Чөлдө эгин багып күн көргөн жапалактан Маматбай деген жай адамдын үйүндө 1811- жылы дүйнөгө келген. Бирине-бири ылымта, бирине-бири күйүмдүү калың жармач журттун түйшүгүнө, шартына,

топугуна, жакшы нускасына ылайык таалим көргөн. Он сегиз жаш курагында атасы мурда кудалашкан жерине күйөөгө берип, бирок мурдатан бир жүз көрүшпөгөн Кул-Саид байбача көңүлүнө жай келбей калып, атасынын да, айылдын да «койкойлогонуна» болбой, бийге өзү түшүп, өзү күйөөдөн башын ачтырууга зардеси жеткен. Ошол «алтын чачтуу катындан бака баштуу эр ийги» деп турган заманда Курманжан-бүбүнүн бул кылганы бирөөгө чийинден чыккан болуп, бирөөгө «кыйын экен» дедирип, уккан элге дүң болду го?! Бул кезде «бий» гана аталган Алымдын кулагына жетип, жагып, насипке айла жок белем, 1832- жылы ага өмүрү кошулду. «Койчу, ошол томояктын кызын! Күң кылып жумшайбыз аны!» дешпейби мурун орун-очок алып калган күндөштөр, бирок Курманжан-бүбү күнү жоо күндөштөрдүн көңүлүн жайгарып, чиренген бек эринин купулуна толуп, акыры ага акылчы, айылына башчы болууга татып кетти» (19, 256). Кийин К.Сактанов менен биргелешип жазган «Курманжан датка» драмасында бул окуя башкача өңүттө сүрөттөлгөн. Негизинен жанрдык спецификасына жараша драмада Курманжандын өмүрүндөгү урунттуу гана окуяларга басым коюлуп, кыска, таасирдүү кылып берүү аракетти көрүлгөн, башкача айтканда, Алымбек менен Курманжандын жолугушуусу драмада эки романдан тең башкача мүнөздө өтөт. Айыл аксакалы келип, Алымбекке айыл жаңылыктарын айтып, анан Маматбайга Кулсейит деген неме калың берип кызын алса, ал кыз ата-салтын тепсеп, чанып жатканын кабарлайт. Алымбек бир чети таң калса, бир чети ал кандай кыз болду экен деп кызыгып чакыртат. Алымбек кыздын нары тик, нары кумарлуу, нары оттуу сурмалуу көзүнө тигиле карап, анын таазим этип, бирок тирмейе тайманбай тиктешин, жөндүү сүйлөгөн сөзүн көрүп, тан берет.  Ал диалогдун соңу мындай:

**Алымбек**: – Анда эмне кылайын дейсиң? Бу дүйнөдөн так өтөйүн дейсиңби?

**Курманжан:** -Жок! Өгөөгө бергис бүлөө бар, экөөнө бергис бирөө бар» дейт, бек ..Буюрган күнү…сиздей бирөө тургандыр.

**Алымбек:** (көздөрү пар ачыла түшөт) –О, шайтан кыз десе… Кана өз колуң менен куйчу кымыз? (ал сунган кымызды бир көтөрүп жутуп салат, анан жигиттерине бурулат) Немене…ыр-күүңөр жокпу? (баягы ырчы бектин сөзүн эки кылбай ашыктык ырынан төгүп сала берет) (20,18).

Андан аркы диалогдо Курманжан бекке болгон арзуусун кыйытып билдирет. Ырчы ашыглык ырын, секетбай, күйгөнбай ырдап Курманжандын колун сурайт. Бул сүйлөшүүдөн Алымбекке караганда Курманжандын образы динамикалуулугу менен эсте калат. Ошентип, Курманжандын өмүр жолунун башталышы үч чыгармада үч башкача берилсе да, кандайдыр бир жалпылыктар да бар. Себеби, үч чыгармада тең карапайым кыздын, “ачыла элек сандыктагы бычыла элек кундуз” экендигин, элге аты чыккан азаматка байлыгы, бийлиги менен эмес, акылы, адамкерчилиги менен тең экенин далилдөө максаты коюлат жана ал деталдык айырмаларга карабай негизинен жүзөгө ашырылат.

С.Жусуев андан ары романында Курманжандын:

Элге жагып, элге алынып бир өзү,
Элге сиңип, элдин болуп бүлөөсү
Курманжанды аздектешип баарысы,
Купулуна толук толуп мүнөзү.
Кээде аны Алымбекке теңешип,
Керек ишти турчу болду кеңешип,
Кеткен кезде сапар тартып күйөөсү (14,62), дегендей Алымбекке татыктуулугу кыска жана нуска саптарга сыйдырылган. Ошентип, Курманжан эстүү, акылдуу адам болгондуктан, элге бат эле сиңишип, урмат-сыйга ээ болуп, Алымбектин ишенимдүү кеңешчиси болуп калат. Алымбектин саясий ишмердиги Курманжандын айлана-чөйрөнү таанып билүүсүнө, коомдук иштерге акырындап активдүү катышуусуна таасир берип, калыптанышына өбөлгө түзөт. Курманжандын саясий окуяларга катышуусун сүрөттөө менен ушундан баштап Алымбектин образын ачууга көбүрөөк көңүл бурула баштап, ал даражага, атак даңкка, бийликке умтулган мансапкор бек катары да, ошол эле учурда элди баштай билген, элин сүйгөн адам катары да мүнөздөлөт.

Бирок ошол кездеги Алымбектин тилеген бирден-бир максаты Коконду бийлесем, хандын алдыңкы башкаруучуларынан болсом деген көксөө болду. Курманжан болсо дайыма бийликтин, мансаптын түбү жакшылыкка алып барбасын:

Тынбай эңсеп кулунчактан, тай чактан,
Үмүт үзбөй келатасыз мансаптан.

Ойлой берип, көксөй берип күнү-түн
Ошол үмүт жокпу сизди чарчаткан?
Мансап түбү кейиш болуп жүрбөсүн?
Мансап түбү бейит болуп жүрбөсүн.
Тынбас адам тыным алып жай тапкан?..,
деп эскертсе, ага Алымбек:
-Бийлик – шумкар, аны келет кармагым,
Кармап алсам, билет элем ары жагын.
Ага бардык башымдагы акылды,
Ага бардык каруумду бар арнагым (14,111),

-деген сөздөр менен сыпаттап, жан бирге жубайынан сырын жашырбайт. Ошентип, Алымбек менен Курманжандын көз караштары бирде айкалышса, бирде карама-каршылыкта өнүгүп отурат. Акын ички пикир келишпестиктерди да чагылдырат, бирок ал чоң конфликтиге айланбайт.

«Коога артынан коога» деген бөлүмдө Мусулманкул Алымбекти жектеп, аны өлтүртмөк болгондо Курманжан билип, Закир аттуу жигитине дасмал берип жиберип, датканы өлүмдөн алып калат. Алгач Алымбек Курманжандын мунусуна жини келип, жок жерден чыгарган жоругу катары кабыл алат. Ал күнү Курманжан датканын шарабына дары кошуп, эч жакка жибербей алып калат. Ойгонгон датка тигил жакта Болот, Сейит өңдүү арстан досторун таштап кетишин туура көрбөй кетем дегенде, Курманжан эл-жериңиздин, балдарыңыздын кашында үч-төрт күнчө туруңуз деп өтүнөт. Акыры Мусулманкул козголоңду басып, Оштон Алымбектин башын алганга үймө-үй издеткенин, аларга датка досторум деп эсептеген Болот менен Сейит да кошулуп кеткени дайын болот. Ошондо датканын Курманжанга болгон урматы ого бетер артып, өлүмдөн алып калганын эми сезет. Үңүлүп окуган адам Т.Касымбековдун «Келкел» романында Курманжан сырткы саясий ишмер, кылдат дипломат катары көбүрөөк элес калтырса, С.Жусуев каармандын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү, философиялык, нравалык ой толгоолорун, анын чыныгы пенделик жүзүн көбүрөөк ачып бергендей сезим калтырат. С.Жусуевдин чыгармасында Курманжан өтө жаман кабар болгондо белги катары дасмал берип, датканы өлүмдөн алып калса, «Курманжан датка»

драмасында күмүш камчыны жиберген болот. Бирок бийлик кумары Алымбекти тынч жаткызбай, кайра Кокон хандыгынын ордосуна тартты. С.Жусуев «Бийлик жана акын» бөлүмүндө Алымбек Мала менен биргелешип, Кокон ордосун басып кирип, Мала хан болуп, Алымбекке баш вазирлик тийгенден кийин Курманжан Коконго келип, Молдо Нияз акынга жолугушуусу бир топ эргүү менен сүрөттөп берет.

Акын Курманжандын дайым эли үчүн күйгөн, чыныгы элдин адамы катары образын улам тереңдетип отурат. Өзгөчө Алымбектен Малахандын орустарга каршы жүрүш жасаарын угуп, Курманжан буга каршы чыгат. Ал Алымбекке элдин убалына калбоосун өтүнүп, орустарды жеңе албастыгын алдын ала сезет. Жеке эле Курманжан эмес, Нарын бийлери да бул кеңешти колдойт. Ошентип датка Узун-Агаштагы болгон салгылашта өз колун урушка салбай, аман алып калат.

А эгер тарыхый фактыларга кайрылсак, И.Ювачев «Курманжан датка – Алай кара кыргыздарынын ханышасы» деген эмгегинде минтип жазган: «В.И.Наливкин жазган Кокон хандыгынын тарыхында Алимбай (же Алымбай) акими же болбосо Анжиян вилайетинин башкаруучусу деп жазылган. Ошол кезде улам бир шаарды каратып алып, түндүктөн орус аскерлери келаткан. 1860-жылы күзүндө Мала-кан өзүнүн сарттарына орустарга каршы чыгууга буйрук берет. Аларга Алимбек кошулган. Кышкы сууктан чыдабай сарттар тоңуп, ачкадан өлө баштайт. Ошондо Алымбек өзүнүн кыргыздары менен Анжиянга кирип кетет» (21,248).

Мындай тарыхый чындык Т.Касымбековдун «Келкел» романында так өзүндөй сүрөттөлсө, С.Жусуев үчүн анын башка жагы маанилүү. Ал Курманжандын образына басым жасап, жортуулга кетип бара жаткан Алымбектин калк каргышына калбай жакшылап ойлоонусун өтүнгөндүгүн баян этип, анын көрөгөчтүгүнө өзгөчө баа берет. Датка колду чогултуп, согушка аттанаар күнү Курманжан түшүнө кирип, ал ого бетер беймаза болот. Мына ошентип Малахан менен Алымбектин ортосуна доо кетет. Акыры өзү такка отургузган хан тарабынан куугунтукталып, Чотон аттуу канкордун колунан датка өлүмгө дуушар болот. Ошентип 52 жаштагы Курманжан Алымбектен айрылат. Мындай трагедия мурда мансаптуу күйөөсүнүн көлөкөсүндө жүргөн

Курманжандын мойнуна таза коомдук, элдик милдеттерди тагып, саясий ишмер катары биротоло калыптанышына жол ачат.

«Кокон ханы Кудаярды колдош үчүн Бухара эмири Саид Музаффар Эддин аскерлери менен Ошко чейин бир каттап өтөт. Ал жерде Курманжандын кара кыргыздардын ичиндеги кадыр-баркын билген Саид Музаффар Эддин эмир мусулман салтына туура келбесе да, ага датка наамын ыйгарган. Алымбектин уулу Жаркынбай өзүнүн атадан калган даткалык наамын өгөй энесине туура көргөн. Анын өзүн 1864- жылы Оштун акими кылып дайындашкан» (21,249).

Чынында эле бул – мусулмандардын тарыхында биринчи учуроочу окуя. Тарыхый маалыматтарга кайрылсак, Музаффар тарабынан бир жолу, Кудаяр хан дагы бир жолу Курманжанга датка наамын ыйгаргандыгы маалым. Мына жогорудагы тарыхый фактыны акын көркөм жалпылоого алып, ушундай бийик даражага ээ болгон Курманжан бийликке манчыркабай эл камын ойлоп, эл таламын талашып келишин анын эң негизги вазийпасы катары түшүндүрөт:

Айтты датка сөздү баштап алыстан:
-Алдаяр хан, элди эстеңиз жабыккан
Кудайга да салык салып жатасыз,
Куурап бүттү бүт букара салыктан.
Бардыгынан каруу-күчтүү эл болот,
Эл толкуса тоо томкорор сел болот.
Ташты дагы, такты дагы агызган (14, 177).

«Кудаяркан бир жолу алайлык көчмөндөргө салык салууга аракеттенип көрдү, бирок датка ага жол берген жок, ал тургай ханды жеңилдик берүү жөнүндөгү грамотага кол коюуга аргасыз кылат» (22,111), – деп тарыхчы В.Плоских жазгандай, Курманжан кандай гана кыйынчылыктар болбосун аны жеңип, элдин бакыбат турмуш курушуна аракет жасаган.

Т.Касымбековдун «Келкел» романында Алымбектин улуу уулу Абдылдабек жөнүндө да кыскача маалыматтар берилген, башкача айтканда, сөз арасында гана Абдылдабектин орустарга каршы күрөшү, анан Ооганстанга качып кетиши, ал жактан өлүп энесинин жүрөгүнө өчпөс так салышы айтылат.

«Генерал Скобелев:

– Датка айым, Абдылла-бекти чакырбайсызбы?

Биз жоокердин эрлигин кадырлайбыз, бизге душман болгонуна карабай, ага деле биздин пейили кең азирети ак пашабыздан кечирим болуп калышын эсиңизге салам.

Курманжан көзүн жума акырын баш чайкады:

– Ал эми келбейт, урматы улугум. Себеби ушул, аны «кошун жыйнайм, көмөк алам» деген кыжаалат айдап кеткен. Бирок эми ал баштагыдай дүпүрөгөн эли бар бекпи?! А ээрчиген кошуну жок, көксөгөн көмөгү жок болгон соң, намыстуу бала кара жанын багыш үчүн биякка кайра кайтып келе койбойт. Кам болбогула, урматы улугум» (19,97).

Романдын дагы бир жеринде Акпалбандын Абдылдабектин ак кийизге оролгон кол башындай жүрөгүн алдыга коюп, арман күү чертип, бегинин өлгөндүгү жөнүндө угузгандыгы кыскача гана айтылып өткөн.

Ал эми С.Жусуев романында көңүл борборун башка жакка топтоп («Кызыл өрт», «Жаңырык», «Абдылдабек» деген бөлүмдөрдө) Абдылдабек жөнүндө маалыматты кенен берип, өлүмүн башкачараак сүрөттөп берген.

Мында Абдылдабектердин Алайга орустарды өткөрбөй катуу согушкандыгы, Ыйманкул аттуу чыккынчы көрпенденин айынан Курманжандын балдары орустардан утулуп, Ооганстанга качышы, анын артынан Видгенштейн деген полковник кууп, жолдон өздөрү өлүп калаарда кайра артка тартканы абдан кенен, көркөм сүрөттөөгө алынган.

Акырында энесинин өтүнүчү менен балдары кайтарда Чотондун кылычы Абдылдабекти да мерт кылат.

Бул кылычты кармап канкор чамынган,
Бул кылычтан Кокондо кан агылган.
Ушул албарс мындан он үч жыл мурда
Алымбектин желкесине чабылган.
Келген тура эми Ооганга айланып,
Кешпири суук ээси Чотон байланып
Шум кылычты адам канын сагынган.

Канкор Чотон канкордугун эскерген,
Качан болсо кандуу түштөн сестенген.

Ичи ирип, илгир Абдылдабектин
Изин шимшип таппай жүргөн эч жерден.
Алымбектин балдарынын баатыры
Атак- даңктуу Абдылдабек акыры
Азуу салып, өч алат деп шектенген (14,237).

Инилери Маматбек, Асанбек Алайга кайтат. Алар агасынын сөөгүн ала кетели деп ойлошкон. Бирок:

Абдылдабек алган баатыр атакты,
Көз жумса да көрдү дагы чатакты.
Тирүүсүндө тарткан шору аз өңдүү,
Өлгөн соң да тартты жаңы азапты.
Анын сөөгүн мындан алып кетүүгө,
Алай карай күндөп-түндөп жетүүгө
Кабыл чоңу макул болбой тажатты (14,241),-

деп сөөгүн Кабылдагы көрүстөнгө көмүшүп, айласыз жөнүп кетишет. Кийин караңгы түндө келишип жоргого, Абдылдабектин сөөгүн артып алып кетишет да, ошондо гана датка айым энесине угузушат. Ошентип Курманжан Абдылдабегинен айрылат. Мына ушул жерден Бешкөкүл жөнүндөгү эпизод кошумчаланат. Абдылдабек өлөөрүндө жашыруун жашаган Бешкөкүлүн эстеп, мен өлсөм, ага кабар айткыла, мейли күйүп, боздосун деген. Кийин Абдылдабекти коёрдо Курманжан Бешкөкүлдү да алдырып келип, жанда жок кошокчу, көз жоосун алган сулуу экенин көргөн.

Ал эми «Курманжан датка» драмасында бул эпизоддор эки романдан такыр башкача ыңгайда сүрөттөлөт. Түркстан губернатору генерал Фон Кауфман кабинетинде Скобелев, Ионов ж.б.менен отуруп, Орто Азияга киргенине быйыл он жыл болгонун айтып, 1873- жылдагы Кокон, Хива согушу, өткөн жылкы Пулат хандын козголоңу жеңиш менен аяктаса да, кемчиликтер дагы көп экенин, Курманжандын уулу Абдылдабектин Алай тоосун жамынып, орустарга каршы күрөшүп жатышы ага жакпастыгын маалымдайт. Кандай болсо да Абдылдабекти тирүү кармоого буюрат. Мына ушул жерден Шабдан келип, Курманжанды шартнаамага кол коюуга макул кылууга аракет жасаарын билдирет. Ошентип Курманжан менен Шабдандын

жолугушуусу сүрөттөлөт. Бул жолугушууда Шабдан Курманжан менен элдин акыбалынын оорлоп жатканын, анан орус эли кыргызды ынтымакка, биримдикке чакырган ак батасы болгон шартнаамага кол коюууга макул экендигин билдирет. Тактап айтканда, драмада кыргыз эли орус элинин карамагына өтүүдө тарыхый инсан катары Шабдан да чоң роль ойногонун аз да болсо көрсөтө кетишет.

Ал эми Камчыбектин өлүмү эки романда тең кеңири, өтө таасирлүү берилген. Абдылдабектин бөтөн жерде өлгөнү аз келгенсип, эми жалган жалаа менен Камчыбеги датканын көз алдында даргага асылат.

Ошентип датка Камчыбегинен айрылып, тагдырдын дагы бир оор жазасын башынан кечирет. Ошондо да датка ар-намысын түшүргөн жок. Кара мүртөз Шыйковский датканын эркин сындырууга аракеттенип, датка баласынын жанын сурап жан соогаласа деди. Бирок датка душманга багынгысы келбеди. Эне менен баланын бийик мамилеси, эне мээрими, анын оор кайгысы, трагедиясы эки романда тең терең психологиялык  жактан өтө терең сүрөттөлгөн.

Бирок С.Жусуевдин романында Курманжан Анжиян козголоңу болгондон кийин Алайдан атайын Ташкентке келет. Ал жоон топ ак боз аттарды айдатып келип Ташкендин базарын Алайдын күлүгүнө толтуруп салат. Андан кийин Курманжан Түркстандын аскер губернатору Вревский менен сүйлөшүп, кетүүгө камынып жаткан убакта генерал Повало-Шыйковский ат сатып аткан учурда жолугат да:

Абдан ыкчам жетсе датка канчалык,
Ал селт этип, токтой калды жалтанып.
Аң таң болду Арстанбекке бергизсе,
Генералга пулун кайра кайтарып.
-Оо, генерал, мен даткамын, карачы.
Бул Арстанбек – Камчыбектин баласы,
Сыймыктанып айткым келет жар салып!

Жок, генерал, минген аттан түшпөңүз!
Бизден чочуп, бизден пастык күтпөңүз.
Канткен менен бул дүйнөгө бир келген

Биз адамбыз, бизден күдөр үзбөңүз,
Экен сизге ак боз күлүк ат керек-
Бизден сизге болсун ушул ат белек!
Биздин максат – тамыр жайып, түптөнүш! (14, 291),-

деп, Курманжан генералдан жакшылыкча акыл менен өчүн алды.

Эл буларды карап калды жарданып,
А Паоло - Швыйковский таң калып,
Болгон ишке ишенип да, ишенбей,
Не кылаарын билбей турду шалдайып.
Козголгонсуп сезими анын кишилик
Ат минсе да, ал пасайды кичирип,
Азыркы ушул абалына арданып (14,291).

Бул жерде акын «атаңды өлтүргөнгө, энеңди алып бер» дегендей, мылтык атпай, кылыч чаппай, акыл менен гана элдешкис душмандын денин өлтүргөн датканы даңазалады. С.Жусуев Камчыбектин өлүмү жөнүндө эпизодго мына ушу окуяны кошумчалаган. С.Жусуевдин романында Токтогул менен кезигүүсү бир гана кичинекей эпизод аркылуу берилсе, «Келкелде» кенен, көркөм, таасирдүү сүрөттөлөт. Курманжан датка менен Токтогул мурун эле Гүлшаа аймагына акыйкат издеп келе жаткандыгы, кийин датканын атайын Алайдан Ташкенге келиши, карапайым эл үчүн, аларды кыргындан алып калыш үчүн аралжы болоюн деген ак тилеги кеңири баяндалат. Бирок бул ою ишке ашмак тургай, анын үмүтү Вревский төрө менен жолуккандан кийин биротоло өчөт. Датка жанындай көргөн балдары өлгөндө да, Алымбек өлгөндө да мындай акылдан адашпаган, дайыма сабырдуулугу, акылкөйлүгү менен ар ишти экчечү датка азыр бүткүл журттун үстүнө каран түн түшүп жатканда, эч нерсеге аралжы боло албасын сезгенде, ою онго, саанасы санга бөлүнүп, өзү жанчылып, бир мөгдүрөгөн кемпир абалына келе түшөт.

Эмне кылаарын билбеген датка акыры уулу Асанбекти Керимбайга жиберип, Токтогулду алып калуусун өтүнөт. Датканын өтүнүчү боюнча Керимбай Токтогулду алып калууга аракеттенет. Бирок Токтогул Керимбайга ырчы болуп, аны мактап, жалган нерселерди ырдоодон баш тартат. Ошентип, Токтогул жалган жалаа менен Сибирге сүргүнгө айдалат. Токтогул менен

датканын мамилесин жазуучу бир топ таасирдүү сүрөттөп берет. Негизи, «Келкелде» «Курманжан датка» романына караганда Алымбек менен Курманжанды саясий ишмер катары сүрөттөөгө көбүрөөк басым жасалганы жогоруда айтылды. Себеби, «Келкелде» Алымбектин Узун-Агачтагы орустарга каршы күрөшү, Канат-шаа менен болгон карама-каршылыгы, Чүй, Нарын тараптагы бийлер менен байланышы, Мала-хан, Молла-Алымкул менен болгон конфликт, акыры анын Чотондун колунан өлүшү деталдаштырылып көркөм сүрөттөлөт. Мына ушул болуп өткөн окуяларга Курманжан түздөн-түз кийлигишип, дайыма элдин пайдасына чечиле тургандай кеңешин берип, бейкуттукту сактап калуу жагын гана көздөгөндүгү да айтылат. «Келкелде» Кокон хандыгы үчүн болгон саясий жан согуштук күрөш кенен баяндалып, алар өзүнчө көркөм картина катары жогорку идеялык-эстетикалык деңгээлде баяндалат.

Өзгөчө датканын өлүм алдында жатканы, балдарына, туугандарына керээзин айтышы, ошондой эле аны дайыма жолборс коштоп жүргөндөгү тууралуу баяндар өтө таасирдүү чыккан. «Ошол жыйырма жаш чагынан ушул кезине дейре ал кызыл жолборс өзүнө гана көрүнгөндөй, жол жүрсө алдында, жатса аяк жагында, отурса оң тизесинин жанында, бирөө менен сүйлөшкөн убакта ал адамдын ичи жакшы болсо үргүлөп тынч – көңүлүнө ишеним, ичи жаман болсо түктүйө айбат кыла – сүр болуп жүргөндөй эмес беле?!

– Сурачы, Маамыт?..

– Эмнени, эне?

– Биздин балдардын бирөвү көрбөдү бекен?.. Бирөвүнө барбады бекен?..

Дагы «жолборсун» айтып жатканын түшүнүп, Маамытбек акырын:

– Макул, эне, сурайын, – деген болду көңүлүн улап.

– Кокус, жолукса бириңе, – деп Курманжан үнү үнүндөй болбой акырын каргыл шыбырады, – коркпогула, качпагыла, акыры бирөөңө кабылып калышы ыктымал… ал – кызыл жолборс. Же чоочутуп, же күтө албай... таажыктырып жибербегиле... Айт, Маамыт, балдардын кулагына салып кой, Маамыт...» (19, 264).

Дагы бир кошумча эпизод катары Алымбектин «түшкө кириши» айтылат. Мына ушинтип жатып датка дүйнөдөн кайтат. Балдары жер-жерлерге кабар

берип, эсепсиз эл келет. Сөөк Ош шаарынын күн чыгыш четиндеги Сар-мазар бейитине коюлганы маалымдалат.

Ал эми С.Жусуевдин романында датканын өлүмү башкачараак баяндалып, өлүм алдында өмүрдүн таттуулугун, көз ирмемге келбей өтүп кеткенин, өмүр, өлүм, ак, кара, жакшылык, жамандык тууралуу өкүнүчү толтура терең санаа, ой толгоо менен көз жумат:

Мен хан болдум таажысыз да, тактысыз,
Мен жан болдум бактылуу да, бактысыз.
Бул дүйнөдө жакшы болбойт жамансыз.
Бул дүйнөдө жаман болбойт жакшысыз.
Башка ар кыл күн келээр анык да:
Кээ бирде мен магдырагам мамыкта,
Кээ бирде мен жайда жаткам асты сыз.

Билбейм кайда, кимде экенин күнөөнүн:
Сырттан куунап, ичтен куурап жүдөдүм.
Мен чынында болсом дагы ырыссыз,
Сыр билдирбей ырыстуудай жүрөмүн.
Көбү мага ырыстуу деп суктанып,
Бирок, бири алалбады куткарып
Өрттө күйүп жатса дагы жүрөгүм...

Зордук менен зомбулукту жектедим,
Зомбучулду, зордукчулду кектедим.
Элим билет эң эле чоң арманым
Жүрөгүмдүн тереңинде кеткенин.
Арылбаган ал арманым - көрбөдүм,
Бүт кутулуп запкысынан өңгөнүн,
Кыргызымдын азаттыкка жеткенин (14,298-299).

Мына ушундайча акын каармандын психологиялык толгонуулары аркылуу жакшы иштер үчүн сүйүнүп, өзүн бактылуу сезген, бирок эзилген элди, адилетсиз заманды көрүп, арманы ат башындай болгон эл адамынын образын алдыбызга тартат.

Өмүр өттү. Болгондо да узак, кайгы-касирети менен кубаныч-шаттыгы толтура, бир убакта жаштык жалыны күйүп-жанган, эми баарын - арманын да, асылын да, жакшысын да, жаманын да өзүнө батырган, жеке өзүнүн, өз жакындарынын эмес, аз гана саны, калдайган карааны дайымы күч-кубат, дем берген, кыргыз элинин эртеңкиси деген ой-санаа гана коштогон даңазалуу бир өмүр ошентип ала салып, келбес жайга кетти. Бирок анын артында өчпөс үмүт калат, элдин көкүрөгүндө өчпөс жарык нур шоола калат. С.Жусуев өзүнүн Курманжаны менен окурманда мына ушундай сезимдерди жаратат. Курманжандын адамдык улуулугун, анын сейрек кездешүүчү кайталангыс личносттук келбетин поэтикалык боёктор менен тартып берүү С.Жусуевдин негизги максаты болгон. Бирок анын образы бир жактуу жана жансыз эмес. Ал – көркөм реалдуу образ. Ошол эле учурда кыска жана жыйынтыктуу берилген эпизоддордогу окуялар, алар тууралуу ой-толгоолор аркылуу акын Курманжандын эл тагдырын баарынан жогору коюп, анын кызыкчылыгы үчүн алынын жетишинче кармаша билген, бирок “ой жеткен менен кол жетпеген” иштерин ойлоп санаадан саргайса да чечкиндүү жана кайраттуу мамлекеттик ишмер катары калыптанган көрүнүктүү инсан экендигин таасын көрсөтө алган. Бул эки өзөктүү сапат бири-бирин толуктап турат. Жасалма, күчтөлгөн учурлар дээрлик жок. Муну маалында С.Жусуевдин романы тууралуу пикир айткан адистердин бардыгы белгилешкен.

«Биринчиден, романдын сюжети ары ишенимдүү, ары кызыктуу, ары жандуу жүрүп отурат. Экинчиден, көпчүлүккө белгилүү тарыхый кейипкерлер – Курманжан менен Алымбектин образдары мурда биз укпаган, биз билбеген эпизоддор менен толукталып, акылман ой жүгүртүүлөр, сөздөрү, жасаган кызматтары, ишенимдүү ыр саптары аркылуу чагылдырылып жүрүп отуруп, натыйжада эл сүйгөн хан менен ханышанын реалдуу образдары жаралган» (23), – деп Бекмырза Рахман уулу жазгандай, акын бул романында Курманжандын саясий ишмер, кадимки пенде, эне, аял катары образын жеткиликтүү жана элестүү ачып бере алган. Ал бардык адамдар сыяктуу эле төрөлдү, турмуштун азап-тозогуна күйдү, ыйлады, күлдү, өлдү. Табийгат ага адамдарга берген касиеттен ашыкча эч нерсе берген жок.

Романда эл үчүн өз өмүрүн өлүмгө кыйган, өз элинин келечеги үчүн кандуу күрөш жүргүзгөн Алымбек датканын, уулдары Абдылдабек, Камчыбек, Мамытбек, Асанбек, ошондой эле орус империясынын аскер өкүлдөрү Скобелев, Ионов, Шыйковскийдин, элдик көтөрүшчүлөрүнүн башчысы Исхак (Полотхан), Мерген уулу Мамырдын, каардуу хан Кудаярдын, Малахандын образдары доор, заман чындыгы менен биргеликте сүрөттөлгөн. Акын элин саткан Баба менен Мамыттын, Кочкорчу Ыманкулдун пас пенделик жүзүн ачып бере алган.

«Европага чейин «Алай ханышасы» деген ат менен белгилүү болгон Курманжан датканын басып өткөн жолу бир кыйла татаал, карама-каршылыктуу болгон. Ал эл башкаруу, журт башкаруу даражасына өзүнүн акылдуулугу, алымдуулугу, аракетчилдиги, адамкерчилиги аркылуу гана жеткен» (13,22), – деп К.Артыкбаев «Сыйлыкка толук татыктуу чыгарма» деген макаласында жазгандай, аял датка биринчи кезекте эң акылдуу, өтө адамкерчиликтүү аялзаты болгон. Ал кандай гана оор окуяларды, карама каршылыктуу ситуацияларды, адам көтөрө алгыс оор кайгыларды башынан өткөрсө да, баарысын акыл менен чечүүгө аракеттенди. Уулу Камчыбекти дарга асаарда жансоогалап, баласынын жанын сурабастан, датканын гана ишаратын күтүп турган элди кыргынга салбай, бүт баарын акыл менен экчеп:

Жалгыз уулум кетсе өлүмдөн кутулуп,
Жалпы журтум калмак чогуу тутулуп.
Жалгыз уулум утуп кетсе кокустан,
Жалпы журтум калмак чогуу утулуп.
Уулум үчүн элди солоп базарга,
Башын тосуп, кармап берсем ажалга,
Мени кетер өз элимдин тузу уруп!.. (14,267),-

деген чечимге келет. Датка - мына ушундай акылы менен бийик. Бул жашоодо адам пендесинде ата-эненин баласынан ажыраганынан оор нерсе болбосо керек! А эне үчүн ал - жүз эсе оор кайгы. Ал эми өз көз алдында баласы дарга асылып, ичи өрттөнүп жатса да, бир былк этпей, күйүткө жеңдирбей, акылы, ар-намыстуулугу менен кайгыны жеңген Курманжандын энелик турпатын айтып түгөтүү кыйын.

Т.Касымбеков Х1Х кылымдын экинчи жарымы ХХ кылымдын биринчи чейрегиндеги кыргыз элинин тагдыры, оор чайпалууларга алып келген коомдук-

саясий ишмердигине көбүрөөк назар салат жана бул жагынан эң сонун ийгиликтерди жаратат.

Кылымга тете өмүр сүргөн Курманжандын турмуш жолун ийне-жибине чейин так кесе билген эч ким жок. Бирок өзүнүн атак-абройлуу өмүрлүк жолдошу Алымбек датка сыяктуу анын эл оозунда суктануу жараткан, элдин баамында анығында эле болгон, чындыгы талашсыз деп эсептелген иштерин, сөздөрүн, үй-бүлөлүк жана элдик маселелерди чече билүүдөгү акылгөйлүк менен даанышмандыгын айгинелеген аңыз кептерди С.Жусуев да, Т.Касымбеков да айланып өтө алышкан эмес. Манастын Каныкейи сыяктуу Курманжандын идеалдуу образын тарыхый документтери жок эле эл өзү жаратып алганын калемгерлер дайыма эсинде бек сакташкан. Датка айымдын так ошол элдик образы аларды чыгарма жазууга жетелеген баштапкы түрткү болгонуна да шектенбей эле койсок болот. Тарых болсо да алар үчүн кийинки булак катары кызмат өтөгөн. Ушуга байланыштуу Т.Касымбеков менен С.Жусуевдин романдарындагы дагы бирин-экин учурга назар сала кетели.

«Улук генерал М.Д.Скобелев менен жолугушуусу, өзгөчө орустарды таң калтырып, табышмак менен генералдын колуна күмүш табакты карматып, чач учтугунан бир байлоо ачкычты табакка салат. Мунусу Коконго баш ийген 7 шаардын ачкычы эле. Бул силерге кошулдук деген белги эле.

«Оо-оо укмуш», акыл менен, акыл менен, – дешип дуулдап жибериштти» (18,246), - Курманжан аттан түшпөй, орус генералын өзү конокко чакырып, ошол жерден иштин калганын бүтүшөөрүн сунуш кылат. Мындай турмуштук да, көркөмдүк да ынанымы жогору учурлар Т.Касымбековдо арбын. Ал эми С.Жусуев жогорку эпизодду бир аз башкачараак сыпаттайт.

Скобелев Курманжанды чоң сый, урмат менен тосуп алат, даткага сары алтынбап чепкенди кийгизип, шартнаамага кол коюлуп бүткөндөн кийин залга музыка жаңырып, орус офицерлери бийлей башташат. Скобелев Курманжанды бийлеп көргөн жан бекен деп бийге чакырат. Датка өмүрү бийлеп көрбөсө да, айланадагы бийлеп жаткандарды карап, ичинен алла таала колдо деп, бийлеп кетет.Мында кырдаал жумшартылып, жайбаркат абалга келтирилген. Тымызын тирешүү жок. С.Жусуевдин ыр-романында ушундайча Курманжандын кадыресе

адамдык сапаттарына басым коюп, бирок ошолор аркылуу анын улуулугун ачып берген эпизоддор кыйла көп.

«Тарыхый маалыматтарга карасак, Зыйнат деген псевдоним менен ыр жазган деген пикир бар. Албетте, бул – азырынча тактала элек, талаш-тартыш туудура турган маселе. Бирок С.Жусуев романында Курманжанды ыр жандуу каарман катары сүрөттөйт» (3,171), – деп А.Акматалиев айткандай, Курманжан Молдо Нияздын элдин башынан өткөрүп жаткан оор турмушу жөнүндөгү көйгөйлүү ырларын угуп, акын менен кошо кайгырды. С.Жусуев Молдо Ниязды бир эле эпизодго киргизсе да, улуу акындын чыгармачылык портретин тартып, анын ырларында оор замандын бир топ көйгөйлүү маселелери козголгонун кеп кыла кетет.

С. Жусуев Курманжанды ыр жандуу адам катары сүрөттөйт. Ал күйөөсү Алымбек менен Коконго барганда, акын Молдо Нияз менен таанышып, батасын берет. Чыгармада Молдо Нияздын образын ачууга болгон автордун далалатын байкоого болот. Залкар акындын жүрөгү да ыйга-муңга бай. Кокон хандыгынын эзүүсү аз келгенсип, түндүктөн келе жаткан коога볼 сезип:

Бирде муңдуу, бирде болуп көңүлдүү,
Жазды Нияз өмүр менен өлүмдү.
Адам туулса, анын жүзү жадырап,
Адам өлсө, көздүн жашы төгүлдү (13,125).

Ошондой эле Курманжан Токтогулду камактан көрүп, жүрөгү эзилип, арманынын күчөшү бир топ эргүү менен сүрөттөлөт.

Романда Алымбектин образын ачууга да көп көңүл бөлүнгөн. С.Жусуев аны «Келкел» романындагыдай эле мансапкор, бийлик үчүн жан берген, ошол эле убакта сезимтал, эр жүрөк эл башкаруучу, өзүнчө тарыхый жүк көтөргөн инсан катары сүрөттөгөн.

Андан тышкары Абдылдабектин, Камчыбектин, Полотхандын, Закир, Суксурдун образдары, орус өкүлдөрү Ионов, Скобелев, Повало-Шыйковскийдин образдары да жетишерээлик деңгээлде ачылып берилген.

Курманжан датка тууурасында өз кезегинде макалалар англис, немец, француз, поляк, венгер тилдеринде жарыяланган. Ал эмес орус окумуштуулары Л.Ф.Костенко, Ю.Л.Тагаев, алардын замандаштары К.К.Абаза, И.П.Ювачевдер да

ал туурасында жергиликтүү жана борбордук басма сөздөргө кеңири жазып чыгышкан.

Эгемендүүлүк доорунун кийин Алай кыргыздары, алардын атактуу жол башчылары Алымбек жана Курманжан даткалардын өмүрү, ишмердиги тууралуу көптөгөн изилдөөлөр жазылып, бир топ көркөм адабий чыгармалар жарык көрдү. Изилдөөлөрдүн арасында ырааттуу, далилдүү жазылгандары менен катар "имиш-имиш" санжыра мүнөзүндөгүлөр болгон сыяктуу эле адабий чыгармалар да көркөм-эстетикалык даражасы боюнча бирдей эмес. Алардын баары ак-карасы ажыратылып, тарых чындыгына төп келген ыңгайда сыпатталышы керек эле, бирок бул иш аягына чыгарыла элек.

Кандай болгон күндө, биз жогортодо сөзгө алган Т.Касымбековдун "Келкели" жана С.Жусуевдин "Курманжан даткасы" бул темадагы эң мыкты чыгармалар экендиги талашсыз. Алардын бирин өйдө, бирин төмөн коюу мүмкүн эмес. Айрым деталдык, эпизоддук айырмачылыктар да буга негиз болуп бербейт. Алардагы эң негизги өзгөчөлүк автордук концепцияга байланыштуу. Т.Касымбеков Курманжандын образын башка өзөктүү каармандардын бири катары караштырып, алдыңкы планга чыгарганы менен ошол доордун картинасын чагылдырууга кызмат өтөйт. Ал эми доор картинасы жана анын нукура жүзү ошол тарыхты жаратуучулардын алдыңкы сабында турган личносттун мисалында айрыкча таасын ачылаары белгилүү (эгер калемгер таланттуу, чебер болсо).

Ошентип, прозаик Т.Касымбеков да, акын С.Жусуев да тарыхый темага комплекстүү (ар тараптуу) мамиле жасай алышкан. Алар кыргыз коомунун дээрлик бир кылымга жакын турмушун, анын борборунда турган Токтогул, Курманжан датка (ж.б.) сындуу кайталангыс инсандардын ички жана тышкы дүйнөсүн (өмүрү, ишмердиги, сүйүүсү, күрөшү, кайгы-кубанычы ж.б.) диалектикалык биримдикте карап, алардын көзгө толумдуу образдарын, доордун өйдө-төмөнү толтура көркөм картинасын бири кара сөздүн керемет күчү менен, бири поэзиянын ажайып тили менен таасын ачып берүүгө жетишкен. Ал эми бул эки чыгарманын "ички дүйнөсүнө" байланыштуу маселелер тууралуу адабиятчылар жазган, дагы да далай жазышарына күмөнүм жок. Себеби, улуттук адабияттын "алтын казынасына" кирген чыгармалардын тагдыры сөзсүз ушундай болот.

Колдонулган адабияттар:

1. Жакыпбеков Ж. Шабдандын тарыхтагы орду жөнүндө. –Китепте: Шабдан баатыр. –Б.,1992.

2. Габдельманов С. Тянь-Шань тоосунун терең өзөктөрүнөн. –Китепте: Шабдан баатыр. –Б,1992.

3. Акматалиев А. Көркөм чыгармалар жана баатыр инсандар. –Б.,Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору, 1999, -174 б.

4. Байтемиров Н. Кылымдар деми. Дастан, казал, ырлар топтомдору. –Б.,Учкун,1994, -399б.

5. Закиров С. Шабдан баатыр жөнүндө баян. –Китепте: Шабдан баатыр. –Б.,1992.

6. Закиров С. Кыргыз санжырасы. –Б.,КЭнин башкы ред.,1996.

7. Абылкасымова М. Үшүк. Ырлар жана дастандар. –Б.,2001, -280б.

8. Кебекова Б. Дастандар. –Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. 1-том (А.Акматалиевдин жалпы ред.аст.). -2-бас. –Б: Шам, 2004, -605-637-б.

9. Шериев Ж. Тыныгуу жок акында. //Кутбилим, 1996, 20-сентябрь.

10. Жусуев С. Адамдар: ырлар жана дастандар. -Б., Кыргызстан, 1997,160-б.

11. Асаналиев К. Социализм доорунан кийин. –Кутбилим, 1996,5-декабрь.

12. Даутов К. Келкелдин керемети. – Китепте: Доорлор чындыгы көркөм адабиятта. –Б.,2016, -495б.

13. Орозбаев О. Адабиятыбыздын омоктуу көрүнүшү. //Заман Кыргызстан, 1998, 10-июнь.

14. Жусуев С. Курманжан датка: ыр менен жазылган роман. -Б.: Бийиктик,2004, -303 б.

15. Артыкбаев К. Сыйлыкка толук татыктуу чыгарма //Аалам,1998, 22-29-июль.

16. Артыкбаев К. Т.Касымбеков. –Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. XX кылымдагы кыргыз адабияты (60-жылдардан кийин). А.Акматалиевдин жалпы редакциясынын астында. –Б.,2012, 7-том.

17. Усубалиев Б. “Курманжан датка” – өз доорунун жаркын элеси. //Дил газетасы, 1998, 25-август.

18. Болот Мамат. “Курманжан датка” – X1X кылымдагы кыргыз турмушунун энциклопедиясы. –Китепте: Жусуев С. Курманжан датка: ыр менен жазылган роман. 2-басылышы. –Б.: Бийиктик, 2004.

19. Касымбеков Т. Келкел. –Ф., Мектеп, 1990.

20. Кол жазма.-18-бет.

21. Ювачев И. Курманжан датка – Алай кара ханышасы. –Китепте: Кыргыздар. –Б: Кыргызстан,1993.

22. Плоских В.И. Первые киргизско-русское посольские связи. –Ф., 1970.

23. Бекмырза Рахман уулу. Курманжан датка //Сүйүү, 1996, 15-июнь.

## О.Султановдун "Адамдын турмушу" романынын жанрдык-стилдик өзгөчөлүгү.

Поэтикалык роман тууралуу сөз болгондо, анын талашсыз классикалык үлгүсү саналган А.Пушкиндин "Евгений Онегини" эске келери анык. Бир кездеги орус турмушунун поэзиядагы энциклопедиясы аталган, төгөрөгү төп келип, кынтыксыз гана эмес, акындык чеберчиликтин кайталангыс көрүнүшү катары "мен-мендеген" акындарга түгөнгүс сабак бере келген бул роман тууралуу 200 жылдан бери кимдер гана жазышкан жок, жазып да жатышат. Реалистик адабияттын салттарын өздөштүрүп, нукура профессионал көркөм-эстетикалык чыгармачылык катары өнүгүү жолуна түшкөн дээрлик бардык улуттук адабияттарда поэтикалык романдар бар. Салт катары алар сан жагынан аз, прозалык романдарга караандабайт. Ыр түрүндөгү романдардын жанрдык табияты тууралуу Пушкинден бери арбын сөз боло келген, ал азыр да аягына чыга элек. Көркөм адабияттын бардык жанрлары сыяктуу эле ал кайсы бир белгилерин туруктуу сактап калса, заман-доорго, көркөм чыгармачылыкка коюлган талаптарга жараша кайсы бир жагынан трансформацияга учурай келгени белгиленип жүрөт. Ошондуктан бул маселенин теориясына тереңдеп кирбей, залкар акын **О.Султановдун "Адамдын турмушу"** романынын мисалында анын урунттуу учурлары тууралуу кеп кылуу зарыл болуп турат. "Бул – бир кыргыз адабиятында гана эмес, жалпы түрк асманындагы, кала берсе дүйнө мейкиндигиндеги эң бир кызык, уникалдуу чыгарма", - деп адабиятчы жана философ Ч.Өмүралиев (1,264) оболото баа берген бул роман чын эле эмнеси менен кызык да, эмнеликтен уникалдуу деген суроого жооп берип, аны же төгүндөп, же бекемдөө керек. Кыргыз адабиятында ага дейре А.Токомбаевдин "Таң алдында" ("Кандуу жылдар"), А.Токтомушевдин "Алтын тоо", С.Жусуевдин "Курманжан датка" аттуу эки-үч гана ыр-роман болгонун эске алсак, чыгармага кызуугубуз ого бетер артаары бышык. Кийин XX1 кылымдын баш ченинен тарта ыр-роман, дастан, казал аттуу чыгармалардын катары коюланып кетти да, алар кандай чыгармалар экенин аңдап – билген адабиятчылыр деле болбоду. Андай жанрдык табияты, көркөмдүк дэңгээли ар түркүн чыгармалардын арасында О.Султанов бул чыгармасы өзүнчө бөлүнүп, жүк көтөрүп турат. Акын өз чыгармасында коюлган максат-мүдөөсүн:

Бир кабелтен, эмгек берсем деп ойлойм

Кыргыз балдар кыргызчалап окуган.

Уккандарды көз көргөндү көп ойлойм

Окурман да ойлоноор деп окуган, -деген саптарга сыйдырганы менен ("2,26") анын чындап жазылыш себебин мындайча түшүндүрөт**: "Мен "Адамдын турмушуна" чейин жалаң өзүм жөнүндө жазып келиптирмин. Ал эми "Адамдын турмушунда" Х1Х-ХХ кылымдарда жашаган адамдардын ким экендигин, алар кандай турмуш өткөргөнүн, эки кылым учурундагы өзгөрүштөргө дуушар болгонун, коом кандай өзгөрүштөрдү алып келгенин айткым келди"** (3,4). Ошентип, "мен жазбасам, ким жазат" деген принципке таянып, акын социалдык абалы жана тагдыры ар түркүн адамдардын мисалында бир кылымдан ашуун, эки доорду кучагына алган кыргыз коомунун кыймылын, анын алгалоо жолундагы карама-каршылыктарын, көйгөйлөрүн ачып берүү максатын коёт, аларды жаш муундар билсе экен дейт, кыргыздар эне тилинде окуп, анын кереметин жүрөгүндө сактаса дейт. Ошентип, бир кылымды эки доорду ичине камтыган чыгарманын өзү эле анын канчалык масштабдуу, мезгилдик чеги канчалык узак экендигин кабарлап, эми ошол кеңири алкакта автор эмнелерди баяндап бергиси келди жана анын өтөсүнө кандай чыкты деген суроо жаралбай койбойт. "Адамдын турмушун" үзүл-кесил болуп он жылдан ашык убакытта жазып бүттүм" (2,7) дептир акын . Чындыгында эле роман тээ 1980-жылдардын башында жазыла баштап, андан кийин гана 1996-жылы "Жан берели сүйүүгө" деген жыйнагына киргизилип, жарык көргөн. Адегенде эле белгилей кетчү нерсе – 11-12 муундук ыр түзүлүшү менен жазылып, көбүндө уйкаштык сакталса, көбүндө эркин ыр түзүлүшүнө өтүп кеткен, бирок кандайдыр бир ички ыргактуулук сакталган бул романда О.Султанов сөзгө сараңдыктын үлгүсүн көрсөткөн. С.Жусуевдин "Курманжан датка" романыныда да сөзгө үнөмчүл, кылдат мамиленин үлгүсүн көрөбүз. Бирок ал уйкаштыкка, ритм менен рифманын бекем шайкештигине өзгөчө назар салса, О.Султанов антпейт. Акын үчүн шыдыр уйкаштык анчалык мааниге ээ эмес, айтыла турган ой, тартыла турган көркөм картина маанилүү. Бирок мындай эки ача формалык

көрүнүш бул акындардын экөөнө тең утуш гана алып келип, ар бири өз алдыларына койгон максаттын өтөсүнө чыгышкан.

Чакан ырлардан тарта көлөмдүү поэмаларга дейре көп сөздүүлүк, бир нерсени эзмелеп, чоюп, кайталап сүрөттөө деген мүчүлүштүктөр кыргыз поэзиясын илгертен коштоп келе жаткан илдеттердин бири. О.Султанов муну мыкты түшүнүп, өз романын башкача манерада жазат.Балким башка бир акын 5-10 баракка батырчу "нерсени" акын 14 сапка гана сыйдырууга үлгүрөт. Диалогдор бир-эки сап менен кыска берилсе, аларга удаалаш же кыстырыла келген автордук чегинүүлөр (комментарийлер десек да болот) да кызыгуу менен окулат. Романдын кээ бир бөлүмдөрүндө диалогдор басымдуу, бирок алар кыска жана маанилери түшүнүктүү. Мындай учурларда окуянын жүрүшү окурманга дайын болуп турат да, автордун кийлигишүүсү талап этилбей калат.

О.Султановдун сөзгө сараң мамилеси 14 ыр саптан турган маанилик жактан өзүнчө "поэтикалык текст" функциясы жүктөлгөн строфалар аркылуу кырдаал, кыймыл-аракет, персонаждардын ич ара мамилеси, алардын портреттик жана кулк- мүнөздүк, психологиялык өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтарды топтоштуруп берүү аракетинен айрыкча таасын көрүнөт. Мындай сапат ар бир акында эле кездеше бербейт жана мына ушул жагынан ал айрыкча чебер экени ачык көрүнөт.

...Уруш маалы ...Уруш маалы... дей берет
Эки оозунун бир оозунда сөзгө алып.
Эскерүүдө убайымды жей берет
Кээде унчукпай жерди тиктеп көз талып,
Таш өңдөнүп ыргытылган тереңге,
Жалдырама тийип, окшоп кереңге (2,60).

А Балбайдын келиши айтпай, тымызын

Андагынын адеп-салты боюнча,

Анча жакшы жышана эмес, курусун

Айтылбаган мөртү бар да оюнда?! (2,98).

Күүгүм менен күүгүм болуп бир караан

Какшаал жактан таштап оор кадамын

Келе жатты. Аял экен балалуу.

-Айланайын бир туугандар жакшыбы?

Келатамын көз жашымды көлдөтүп.

Көрөөр бекем касиеттүү көл барын.

Арып ачкан ал-абалын билгизбей:

Чүрпөмдү эле оозандырып койгула,

Эки күндөн бери наар ала элек (2,184).

Кабагы кууш кара киши да жүрөт

Аялды улам ала берген баласы .

Кантти экен деп ойлоп койдум. Ал жүдөп

Калың бырыш каш кабактын арасы(2,219).

Акындык чеберчиликтин мына ушундай өзгөчөлүктөрүн эске алып. Ч.Өмүралиев: "Сүрөттөлүп жаткан окуялардын кармалап көрсөң болгудай деталдарга ушунчалык жыш ширелгендиги, образдардын жасалмасыз нукуралыгы, турмуштук тактык – мына ушунун баары элдик тилдин ширесинде берилищи, чыгарманы кадимки кара сөзгө жазылган эпос-романды окуп жаткандай таасир калтырат", - деген тыянагын чыгарат (1,264). Ырасында эле,

О.Султанов  бир карасаң, топурактын арасынан алтын издегендей сөз казып, өзгөчө бир поэтикалуу сөз түрмөктөрүн издеп, иргеп, шөкөттөп отурбай эле ритмикалуу кара сөз ыргагындагы тексттерди тизмектеп жүрүп отургандай көрүнөт. Бирок бул алдамчы көрүнүш. Абайлап, баамдаган кишиге романдын текстти терең иргеп-ылгоодон өткөрүлгөндүгү, анда артыкбаш сөздөр жана ыр саптары дээрлик жок экени, акын аң-сезимдүү түрдө сырты карапайым, бирок ичтейи маңыздуу, ширелүү, семантикасы көп катмарлуу, каймана, көмүскө подтексттерге бай стилди тандап алганы көрүнөт. Кызык жери – стиль же поэтикалык ыкма дейбизби – алар сүрөттөлүп жаткан көрүнүштүн, персонаждын кебете-кешпирине, маанайына ылайык келип, өзгөрүлүп турат. Демек романдын стилинин ички курулушу татаал жана көп катмарлуу десек жарашат. Ыр менен романды «мен акынмын» дегендин баары эле жаза калып, анын өтөсүнө чыга албайт. Анткени, ыр менен жазылган роман – бул жалпы талаптары эпикалык тектин роман жанрынын принциптерине ылайык келип, ыр формасында жазылган чыгарма. Мына ушул романдык масштабдуу ой жүгүртүү, турмуш чындыгын эпикалык мүнөздө баяндап, каармандардын ички сезимдерин, санаркоолорун лирикалык сүрөттөөлөргө тыгыз айкалыштыра берүү менен аны поэтикалык көркөм табылгалар аркылуу өзүнө ылайыктуу ыр формасында көркөм дүйнөгө айландыруу барып турган машакаттуу иш экени айтпаса да түшүнүктүү.  О.Султановдун «Адамдын турмушу» романы өзүнөн мурда жазылган ыр-романдардан башкача манерада, башкача стилдик өзгөчөлүктө жазылган. Романда белгилүү бир да тарыхый инсан катышпайт, кыргыз элинин башынан өткөргөн күрдөөлдүү бир мезгил, башка чоң-чоң романдагыдай кандайдыр бир үзгүлтүксүз жүрүп отурган сюжеттик өзөк менен окуялар деле өнүкпөйт. Мында лирикалык каармандын айтуусу боюнча Качынын өмүр жолунун урунттуу учурларына байланыштуу гана окуялар сүрөттөлүп жүрүп отурат. Чыгармада бир карапайым адамдын туулгандан өлгөнгө чейинки турмушун сүрөттөө менен бир кылымга чукул мезгилдеги турмушту, тактап айтканда, Октябрь революциясына чейинки турмуш, 1916- жылкы улуттук боштондук көтөрүлүшү, Совет бийлигинин орношу жана 1980-жылдарга чейинки турмуштагы оң-терс көрүнүштөрдү кадимкидей көз алдыңа тартылат.

Чыгармада бир эле адамдын өмүр жолун көрсөтүп тим болбостон, анын чөйрөсүндө алакалашкан адамдардын жасаган иш-аракеттерин, жамаат ичиндеги ролун ачып берүүчү эпизоддорду киргизүү менен башка каармандардын образын да белгилүү деңгээлде ачып берген. Анда кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхый окуялардан бир үзүмдөн, бир эпизод катары киргизүү менен, аз да болсо Октябрь революциясына чейинки жана революциядан кийинки совет мезгилиндеги адамдардын психологиясындагы болгон өзгөрүүлөрдү, турмуштагы ак-караны ажыратып берүү аракети күчтүү. Бул жагынан алып караганда, акын кеңири, романдык масштабда ойлонуп, чыгарма сөздүн толук маанисинде романдык формага жооп берет. Романда окуяларды, ой жүгүртүүлөрдү кеңири масштабда түшүнүүгө көмөк болуучу көптөгөн подтексттер бар. Акын бир-эки сап же бир куплет менен эле бир нече ойду айтууга жетишкен. Муну акындын бирден-бир жетишкендиги катары дагы бир жолу баса көрсөтүүгө болот.

Романда өзөктүү эки каарман бар. Бири – өспүрүм курактагы лирикалык каарман - автордун өзү болсо, экинчиси – анын авасы (чоң атасы – С.И) Качы. Иш жүзүндө автордун өзү болгон лирикалык каарман ошол Качы авасынан уккандарын, аны менен жолукканда көргөндөрүн баяндап берсе, Качы бир жагынан баяндалган окуялардын тикелей катышуучусу, күбөсү катары өтсө, экинчи жагынан ал да болгон окуя же санжыра, уламыш катары уккандарын ортого салат. Мунун баарын баяндап окурманга астейдил жеткирген лирикалык каарман жансыз сөлөкөт, жөн эле ортомчу эмес. Ал баарын жүрөгүнөн өткөргөн, ар бир нерсеге өз баа-ченемин бере билген сезимтал, баамчыл, ойчул каарман болуп эсептелет. Анын романда баян этилүүчү адам турмушу тууралуу ою романдын башталышында эле (“Киришүү” бөлүмү) төмөнкүдөй берилет:

Байкап көрсөм бир адамдын турмушу -
Бир дүйнө экен айлампада айланган.
Өзүнө чак бар түйшүгү, жумушу –
Тагдыры бар огуна тең байланган.
Ал ошондон артта калбайт, аша албайт,
Бурула албайт, кете да албайт, кача албайт,
Маңдайына жазып койгон жазуусу, -

Узун, кыска жолу алдында басуучу, -
Сапарында көтөргөн жүк ар жандай:
Бири багат жан талашып өз жанын,
Бири көрөт аралашып эл камын,
Көрүү керек экен баарын таң калбай.
Ошон үчүн турмуш турат күчүндө,
Эмне болбойт бул кең дүйнө ичинде (4,173-174).

Мында жана автордун “Адам деген жан аттуунун уулусу – Улуу болуш керек өтөөр турмушу” деген жогорку строфаларга куйрук улаш келген саптарында чыгарманын өзөктүү идеяны, узак мезгил аралыгындагы адам(дар)дын оош-кыйыш, узун-кыска, таза-ыплас, тунук-киргилт, бактылуу-бактысыз, ырыстуу-ырысы жок, сүйкүмдүү-сүйкүмсүз (ж.б.) турмушу, өмүр жолу жана анын өтөлгөсү тууралуу программалык көз карашы, философиясы чөгөрүлүп, адамдагы “улуулук” жана “пастык” деген категориялар көркөм териштирүүдөн өткөрүлөт. Бирок адам турмушу тууралуу философия курулай акыл-насат, дайынсыз ой-жоруулар менен ишке ашпайт эле. Муну мыкты түшүнгөн акын адам турмушун кандай болсо ошондой кылып жасалгалап, коооздобой сүрөттөөнү чечет. Өз түшүнүгүнө, баа-ченемине, чыгарманын башында эле ачыкка чыгарылган концепцияга ылайык болгонун, болуп жатканын, атүгүл болчусун ушул принципке таянуу менен сүрөттөө керек. Бирок жасалголоочу, шөкөттөөчү нерселерден автор качып кутула албайт. Ал – чыгарманын өзү, анын сюжети жана композициясы, анын поэтикасы жана образдар системасы. О.Султанов бул маселеде көп мээнет кылып, зор түйшүк тартканы талаш жаратпайт. Анткени чыгарма турмуштун фото көчүрмөсү эмес. “Кыргын сай” деген бөлүмдө:

Он төрт сапка оолаштырып батырдым
Тогоштуруп кара сөздү ыр менен, - (4,175) деп өзүн өтө эле жупуну көрсөтсө да, акын адам турмушунун көркөм философиясын ырга салууда нечен ашуу ашып, нечен суу кечкени чыгарманы ынтаа менен окуган адамга дайын болуп калат. Чыгармадагы ар бир строфа, айтылгандай, өзүнчө поэтикалык текст функциясын көтөргөн 14 ыр сабынан турат. Окуя, кырдаал болобу, диалог-монолог болобу же автордук чегинүү дейбизби – бардык жерде бир ой аягына чыгарыла айтылып, түйүндөлгөн бир маани берилип, алардын ар

бири 14 ыр сабына батырылат. Чыгарманын башынан соңуна чейин ушул принцип сакталат. Бул кызык көрүнүш. Эмне үчүн 14 сап, эмне үчүн 8,12 же 20 сап эмес. Бул жөн жерден эмес. Акын романды дүйнөгө белгилүү "Евгений Онегиндик" поэтикалык ыкма менен жазып, бул форманы кыргыз поэзиясында биротоло калыпка салып салды. «Бул романды окуп отуруп, акындын көп изденгенин байкоого болот. Өзгөчө кээ бир каармандарды, окуяларды өтө так конкреттүү сүрөттөөсү, көрө, сезе билүүсү, уйкаштыктын күтүлбөгөн ыкмалары буга далил. Пушкиндин «Евгений Онегин» романында колдонулган строфа куруу ыкмаларынын таасирлеринен үйрөнгөндүгү ачык байкалып турат. Автор, – дейт К.Артыкбаев, – ыр түзүүнүн ыргагында жаңычылдык киргизүүгө умтулуп, поэтикалык ташымалдарды колдонгон"(5,23). Мындай жаңычылдыкты О.Султановдой таланттуу жана чебер акын гана ишке ашыра алмак. Жогоруда белгилегендей автор болушунча, максималдуу кыскалыкка умтулуп, бүкүлү бир ой тутумун, бир окуя-кырдаалды, бир портрет менен жан-дүйнө абалын 14 сапка топтоп, кийинки 14 сапта аны улантат, тереңдетип-кеңейтет, же башка, жаңы көрүнүшкө өтөт.

Бала кези авамдын бир кеп болгон
Кантип аман калганына өзү таң.
Эл үрккөндө алты агасын "жеп" койгон
Бир уядан болгон алар сегиз жан.
"Үч-Турпанда" ата-энесин бир күндө
Жерге көмөт, өзү бала күлгүндөй,
Көлгө бооруна келет эптеп өрмөлөп.
Өлбөсө эле суу ичет да, күн көрөт:
Жетим болуп улагада жүрүптүр
Ашындай жеп көрүнгөндүн жемесин.
Башын байлап улуу жесир жеңесин,
Алып алып өзүнчө эшик түрүптүр...
Түштөй сасык ал бир өткөн кез дечү!
Кабак чытып эстемексен эстечү (4, 191).

Бул 14 сапта "ашындай жеме жеп чоңойгон" каармандын (Качынын – С.И) башынан өткөн өзүнчө эле бир "доору", өмүр жолундагы өтө маанилүү, ага өчпөс из калтырган окуялардын өзүнчө эле бир тутуму жатат. Мезгил да бир

күндүк же бир жылдык эмес экени түшүнүктүү. Балким, башка бир акын муну алда канча узак, алда канча таасирдүү же жугумсуз сүрөттөп берер эле. Бирок акын өз ишениминде эң туура жана натыйжалуу деп эсептелген жогорудагыдай поэтикалык ыкмасында жүзөгө ашырат. Бул ыкма чыгарманын бүтүндөй мазмундук структурасына таасир берип, 100 жылдык адам жана коом тарыхын кургак сөз, тажатма баян менен эмес, эмоционалдык-экспрессивдик жогорку дем менен баяндап берүүгө алып келген. Муну "семантикалык концентрация" же формалык-мазмундук топтоштуруу, майда-барат, түпкү максат үчүн маанисиз нерселердин баарын сүрүп, ыргытып таштап, көңүлдү, ой-санааны бир жерге топтоо ыкмасы десек да болот. Муну кыргыз поэзиясына алып келген Омор Султанов болуп эсептелет.Чыгарманын мындай өзгөчөлүктөрүнө чөп башылай белгилеп, ал терең жана кенен изилдөөгө муктаж экенин айта кетели да, жогоруда сөз болгон каармандар жана окуялар маселесине кайрылалы.

Жогорудагыдай поэтикалык ыкма, композициялык түзүлүш чыгармада баяндалган мезгилдин кеңдигине гана эмес, окуялардын жана каармандардын көп түстүүлүгүнө жана көп катмарлуулугуна алып келген. Бирок ошол "көп түстүүлүк жана көп катмарлуулук" алардын саны менен өлчөнбөйт, башкача айтканда, акын "сандык" көрсөткүчкө өз чыгармасын бастырып жибербейт. Бул түшүнүк көбүнчө адам турмушунун, адамдын кулк-мүнөзү менен тагдырынын көп катмарлуулугу жана көп түстүүлүгүнө байланыштуу. "Адам жана турмуш", "адам жана тагдыр" бир калыпта, бир чен-өлчөмгө салынбайт экен. Акын мына ушуну көрсөткүсү келет. Ошол адам турмушун өкчөп, бийлеген, бир калыпка салгысы келген факторлорду, алардын эбеп-себептерин ачып бергиси келет. Чыгарманын түпкүлүктүү маани-маңызы мына ушуга барып такалат.

Мына ушу өңүттө автор "адам жана бийлик" проблемасына кайрылып, анын "кебете-кешпирин", бардык замандар үчүн өзөктүү, жалпы жактарын ачып берүү максатында өз көз карашын чыгармадагы окуялар жана каармандар аркылуу жүзөгө ашырат. Тарых жана адам темасы да мына ушуга баш ийдирилет. Адамдын улуугу жана көрпенделиги, жакшылыгы жана жамандыгы, кеңпейилдиги жана көркоолугу (ж.б.) деген түбөлүктүү көйгөйлөр аны менен кош бирдикте коюлат. Ушул максатта автор Качынын санжырасы, айрымдарын өзү көргөн, айрымдарын өзүнөн улуулардан уккан аңыз кеби катары тарыхый

инсандарды сөзгө алат. Алардын бири – легендарлуу Балбай баатыр. Совет доорунда аты аталбай, бирок кийин көбүнчө чыныгы баатыр, эл тагдыры үчүн канжыгага баш байлаган адам катары сыпатталып жүргөн Балбай чын эле ошондой адамбы? Акын аны бир жактуу мактабайт, бир жактуу жектебей эле уламыш болуп айтылган бир окуяны баяндап берип, кандай бүтүмгө келерин окурмандын өзүнө калтырат. Окуя мындай: атактуу Жанек баатырдын жашы жыйырмалардагы, кең далылуу, келишкен жээни жер уусун билбей Көлдүн тескейине барып, казактардан ооп келген экен деп жылкы тийип келет. Бирок ал жылкылар Балбайдыкы болуп чыгат. Жанектикине алты айдан кийин күтүүсүз Балбай келип, үч күн сый көрсө да, үндөбөй отурат. Мунун сырын Жанек баатыр билсе да, ал да сыр бербейт. Кыдыр аке да келет. Кетеринде гана Ырыс аке ага "келиптирсиң, Баатыр, сапар карытып,?" деген суроо салууга батынат. Ошондо гана түнөргөн Балбай келген себебин, Жанек анын жылкыларын тийип алганын айтат. Жанек баатыр бул иш жаңылыштык болгонун айтса, Балбай "анда ошол жээн өзүнө кызмат өтөп, күнөөсүн жуусун" деген өктөм жообун берет. Салт боюнча жок дешке болбойт эле. Бирок жолго чыгаарда "желге ойногон" ат үстүндөгү жээнди Балбай ойдо жок жерден как жүрөккө канжар сайып өлтүрүп, атын теминип кете берет. 14 саптык он строфада мына ушундай трагедия баян этилет. Улуу, элдик деген адамдар да ушундай иштерди жасашкан экен. Эми Балбай ким? Ушундай билбей кетирген күнөөсү үчүн гүлгүндөй жаш жигитти өлтүрүү керек беле? Бул Балбайдын баатырдыгыбы же жырткычтыгыбы?! Аны окурман өзү чечсин деген ой жатат чыгармада. Бирок автордун позициясы ачык:

Жээн эмес мен жылкыга тийгендей
Жээнди эмес мени Балбай сайгандай,
Жанек, Балбай – эч киминен ийменбей
Айтчу сөздү айтып барам ар кандай.
Ойлоп аттан кулап түшкөн жээнди
Жүрөк сыздап кейитемин зээнди (4, 227-228).

Кыргыз урууларынын жана "эл жакшыларынын" мына ушундай эч бир акылга сыйбаган чатактары, зөөкүрдүктөрү элдин ынтымагын ыдыратып, өнүгүшүнө кедерги болуп келген. Акын Балбайдын жоосунсуз жоругу менен мына ушул ойду да кыйыта кетет.

Качынын дагы бир санжыра-аңгемеси айтылуу Тилекмат элчинин уулу Чыныбайга байланыштуу. Бул жерде адамдын зулумдугу башкача өңүттө баяндалат. Тилекмат кезинде өзүнөн бийлик талашка укугу бар тууганын талап – тонотуп, өзүн кайра айыптуу кылып, башка жакка (Нарын тарапка) качты кылып, бирок жолдон тындым кылат. Арадан кыйла жылдар өтүп, эми ошо тууганынын бойго жеткен уулу Эр Табылды өз жерин бошотуп, "Эмки жазда мен элиме кайтамын.., Ага чейин элиңизге көчүңүз",-деген талап коёт Чыныбайга. Чыныбай "баатыр" коркуп, сарсанаа болуп ооруп калат да, үч айда араң "мал" болот. Бирок Чыныбай Табылдынын жакын тууганы Койкелдини алдап-соолап көндүрүп (өзүң журт башы болосуң деп), Нарынга жиберет. Ал Табылдыны көчкү алдында калып өлдү кылып, "жайлап" келет. Чыныбай эми Койкелдинин көзүн тазалатып, анын өлүмүн тууганы Абакка оодарууга жетишет. Айласы кетип, амалы жок калган Абак ар кимдин көзү түшкөн "элик моюн, эрди калың, шам кулак" атын жана үлпүлдөтүп өстүргөн "түнүндө ачып, күндүз жапкан чанагын, бейиш гүлүндөй" кызы Айжаркынды алып, кун төлөмөккө жөнөйт. Бул акылды "тогуз айып төлөөгө алы жок" Абакка кызы өзү айтат:

Аман болсом өчүңдү алып берермин,<br>
Оомат оогон кезеги бар келер күн, - дейт ал.

Каракашка аргымагы менен кызын алып Абак Чыныбайдын айлына жөнөйт. Чыныбай билмексен болуп, анткорлонуп тосуп алат. Окуя ушуну менен бүтөт. Чыныбай кунга келген бул эки баасы жок белекти алдыбы, жокпу – айтылбайт. Алса, Айжаркын кантип өч алды, ал тууралуу да сөз болбойт. Мындан акын үчүн окуянын андан аркы өнүгүшү эмес, Чыныбай өңдүү баатыр сөрөйлөрдүн ченемсиз зулумдугун жана ач көздүгүн, мерездигин жана эки жүздүүлүгүн, бийлик үчүн ал ондогон адам тагдырларын кыйганга даяр каарамүртөз киши экенин ачып берүү маанилүү деген жыйынтык келип чыгат. Чыныбай Т.Касымбековдун "Сынган Кылыч" романындагы Абил бийдин образын аргасыз эске салат. Көрсө, теңсиздик заманда Чыныбай, Абил бий сыяктуулар адам тагдырларын өздөрү каалагандай калчап, бийлик үчүн эч нерседен кайра тарткан эмес. Муну бири кара сөз менен, бири ыр менен эстен кеткис, кайталангыс көркөм образдарды жаратып, алар аркылуу өткөн турмуш элесин эстен кеткис кылып салат. Ошентип, байлык, бийлик талаштын акыры ар

дайым ушул өңдүү трагедиялар менен аяктап келген, бирок ошону менен бүтүп, токтоп калбаган. Совет бийлиги гана буга чекит коюп, байлык менен бийликти бөлүштүрүүнү "өз колуна" алды. Бирок ал адамдардын байлыкка жана бийликке болгон кумарын биротоло өчүрө албады. Бул күрөш заманга жараша башкача түр-түспөл алды, заманга ылайыкташты. Акын мына ушул түбөлүктүү маселенин тек - жайына назар салып, анын кайсы бир жактарын чагылдырып берүү максатында жогорку эпизоддорго кайрылат. Окурманды бирге ой калчоого чакырып, ага жүйөлүү себептерди келтирет**.**

Романдын башынан аягына чейин катышкан өзөктүү каарман Качы. Анын балалыгы Улуу Үркүнгө туш келип, бир күндө эне-атасын жерге берип, андан соң алты агасынан ажырап, өлбөс үчүн ар кимдин улагасында жүрүп, бой жеткенде жокчулуктун айынан өзүнөн улуу жесир жеңесине баш кошот. Көп өтпөй Совет бийлиги орноп Качынын тагдыры аз да болсо өзгөрүп, коомдук иштерге активдүү катышып, ал эмес согуш мезгилинде колхозго башкарма болуп иштеп, бирок убакыттын өтүшү менен билимдүүлөр чыгып, ордун аларга берип, өзү жылкычы болуп тоого кетет да бүт өмүрүн элинин жыргалчылыгы үчүн арнап, чыныгы коммунист катары эл арасында эмгеги сиңет. Бирок Качынын жеке адамдык жашоосунан жолу болгон жок. Гүлгүндөй жаш кезинде өзүнөн улуу жеңесин алды, андан кийин алган жаш аялы акылсыз чыгып, ал эки баласын алып баса берди. Баладан да жолу болуп алардын ырахатын көргөн жок. Акын Качынын бул жаш аялын деле обу жок сюжеттер менен сүрөттөп отурбай Жаңылдын образынын адамдык касиетин ачып берүү үчүн аны романдын эки-үч жеринде гана эскерет. Бирок ошо сүрөттөө менен эле макороок, ажаан, чалпоо, түшүнүгү тайкы аял көз алдыңа келет:

Жаңыл-апам авакемден көп кичүү
Жака дебей, жайлоо дебей билишчү,
Куба түшүп арак ишчү, вино ишчү.
Төрөп берип эркек эки баланы,
Атасы деп койчу тергеп авамы,
Авам кээде эркелетет "жинди" деп,
Эркеликпи, эссиздикпи ким билет?
Мен андайды көрө элекмин бөлөктөн,

Келсе ачуусу бирдемеден авама,
Төгүп ийип эч нерсеге карабай,
Саап аткан бээнин сүтүн көнөктөн,
Айда аябай авамды анан кыйначу,
Авам байкуш кээде отуруп ыйлачу (4,196).

Романдын дагы бир жеринде:

Жаңыл анда эптүү жакта кайкалай
Карамыгат уйкусуна жеңдирип,
Баласынын буламыгын байкабай
Оозу экен деп кулагына жедирип.
Ал карайлап отту сүзүп отурат,
Коломтодо казан кайнайт боркулдап.
Өткөн тарых сөзүң менен ишиң жок,
Жок дегенде көргөн оңдуу түшү жок,
Арбын келип уйку менен жашчылык,
Бир коктунун болуп сулуу чүрөгү,
Көрүп калса өткөн эркек бирөөнү:
- А-ай, келе кет, - деп кымызга чакырып,
Тегиз баарын теңтуш кылып сүйлөчү,
Анткени анын картымак да күйөөсү (4, 195).

Сөз баккан, эл арасында кадыр-баркка ээ башкы каарманыбыз аялынын мындай кылыктарына наразы болсо да эки баласы үчүн чыдап жашоосун улантат. Бирок, баркына жетпеген ажаан, акылы тайкы, аягы суюк аялы Качы эски оорусу күчөп ооруканага жатып калганда эки баласын жетелеп баса берет. Эми Качынын карманаары жалгыз небереси – Белеги. Ал да кудайдан болуп тээ Үркүн учурунда таап, багып алган баласы Жанузактан калган белеги (Жанузак да бой жетип жаңы эле үйлөнгөндө согушка кетип ошо бойдон кайтпай калган). Бойго жетелек, Качыга арка-бел боло элек тестиер баланы авасы ооруканада жатканда өзүнүн кылган ыплас иштери үчүн ал күнөөлүдөн беш бетер аны сабап, кордоп, түн ичинде Жаңыл үйдөн кууп чыгат. Ага боору ооруган Акун баланы интернатка өткөрүп берип, качан гана Качы

ооруканадан чыгып жалгыз калганда жанына кааран болсун деп кайра алып келишет. Бул Качынын жеке үй-бүлөлүк жашоосундагы трагедиясы эле.

Анын экинчи трагедиясы - Качы чалдын районго акыйкат издеп барып, ушунча жыл эл үчүн жасаган эмгеги желге учуп, өмүрүндө бүлбүлдөп жанып турган жалгыз үмүтүнүн жерге күбүлүшү болду. Байкуш Качы карыганда акыркы үмүтү райкомдо болуп, ага арызга келсе: «Документтиң барбы колдо канакей?» – деп чакчырылып, бир кездеги көргөн азабы менен азыркы уккан ачуу сөз жанынан өтүп, жашоодогу акыркы жакшылык үмүтү жерге күбүлгөндөй болду. Ал райкомдун төрагасына бара жатканда мурунку акыйкат жетекчилердей ойлоп, акыйкатты ошол жерден гана табам деп барбады беле. Ал бүт өмүрүн элине кызмат өтөө үчүн арнаса да, акыры 12 сом пенсия алып отуруп калат. Качынын мындай аянычтуу абалда калышына ким күнөөлүү, документин бүчүдөйдөн чогултпаган чалдын өзүбү, же жетекчилерби анын арызын укпаган, же өкмөтпү анын эмгегин баалабаган деген көмүскө ойдун башын чубайт да, калган суроону акын окурмандын өз таразасына коёт.

Ошентип, Качынын образын талдай келсек ал идеалдуу каарман эмес. Акын да алдына андай максат койгон эмес. Ал турмуш кандай таатаал болсо дал ошо татаалдыгын көрсөтүп, андагы ар түрдүү адам тагдырларын турмуштун нагыз фонунуда ачып берүүнү көздөгөн. Акын койгон максатына жетти. О.Султанов Качы аркылуу сөз баккан, сабырдуу, токтоо, эмгекчил, байлыкка да, бийликке да жутунбаган, токпейил, достукка бекем, намыскөй, момун, тактап айтканда, кыргыздарга мүнөздүү жакшы сапаттарды өзүнө топтогон АДАМдын образын табигий түрдө эч жасалмасыз жаратты. Ал туулгандан өлгөнгө чейин турмуштун канча кыйноосунан өтсө дагы бир күн адамдыктан кетпей, адамча эмгек кылып, адамча элге мамиле жасап, ак жашап өттү. Ал дал ошол адамдык бийик сапаттары менен элинин эсинде (убактылуу иштеген чоңдордун эмес, карапайым калк ичинде) өлбөс болуп калганын романдын «Акыркы сапар» деген бөлүмдө берилет. Акун өлүк ээси сыяктанып, колунан келген жакшылыгын, аракетин кылып, ушул айылды түптөгөн, эмгеги элге сиңген Качы карыяны акыркы сапарга узатаарда чоңдордун бир басып келип, алакан жайып бата кылбаганына, арык кара уйду союп, ушул асыл адамды узатып жатканына жаны кейип турду. Ошентип, эмгекти баалабаган эр көкүрөк чоңдорго караганда, Акун өтө кайгырып,

ушундай асыл адамдын асылдыгын сезип, айрылганына чындап жүрөгү ооруп, Качыны көргө коёрдо да, күйгөн киши катары митинг ачып, карыянын кылган эмгегин даңктап турду. Автор Катчыбай менен Кул аттуу карапайым адамдарды ушул бир эпизоддо сүрөттөө менен ал каармандардын элесин тартууга жетишкен.

Кара ашына арык уюн сойдуңар
Калкозду алгач уюштурган кишиге.
Арбагынан бир мал аяп койдуңар
Бет чымырап койсо боло кичине.
Өмүрүндө ким деп жанын сабады?
Өлгөндө эмгек унутулуп калабы?
"Урдум мындай өмүр жолду!" – дебейби.
Катчыбай ма колун жаңсап элейди.
"Камуниске калкоз малын сойбойлу".
Камуниске куру сөздөн башка да
Арзыбаган тартымдык асмайга,
Картайганда жардамдашса болбойбу?
Дүйнө жыйса жыйнап коймок Качы авам!
Кайран киши абийир менен жашаган.

- Кул экөөбүз көр акысын албайбыз,
Кирпич куюп эстелигин камдайбыз.
Биз адамбыз. Бизге намыс, ар керек,
А Чоңдорго адам эмес, мал керек.
Мындай киши келбейт эми кайрылып
Сүйлөп берген санжырасы эмне эле?!
Жүрүп берген карааны чоң дем эле.
Кайран киши калдык сенден айрылып.
Кош, Качы ава! Кош бол эми түбөлүк! –
Деп көз жашын сүрттү сөзү түгөнүп (4,310).

деп Катчыбай эң сонун сөз айтат. Бул сөздө жөн гана Качыга күйүү эмес, ага карапайым элдин акыйкатты издеп табалбай жатышы, чоңдор менен элдин ортосундагы ажырымдын күчөшү сыяктуу көптөгөн проблемалар сиңирилип

айтылган. Мына ушул кичинекей эле эпизод менен акын социализм үчүн жан дилин берип иштеген, ошол жыргал жашоону алып келген коммунисттердин эмгегин баалоо солгундап, кийинки жылдардан баштап жетекчилик катмарында деградация көбөйө баштаганын ачык, даана элестеткен.

Мына ошондой жетекчилердин бири райкомдун төрагасы Болгонбаев. Бул образ аркылуу акын карапайым эл менен чоңдордун ортосундагы ажырымдын боло баштаганын бергиси келген. Мисалы, романдын «Пенсия» деген бөлүмүндө Болгонбаев колхозчулар менен жолугушкан жериндеги сүйлөгөн сөз менен анын эле эмес, жалпы эле ошол 1980-жылдарда саясаттын да туура эмес жолго түшкөнүн батырат. Бул жерде мындан ашык сөздүн кереги да жок эле. Райкомдун төрагасы Болгонбаев:

“Данды жыйнап алыш керек маалында,
Болуш керек дайым анын камында.
Ар ким азыр саясатты колдосун,
Бир баш эгин калуу аңызда болбосун...
Күнү-түнү ошоо керек күчтү үрөш...
Калып калса тоокторчо чокутам,
Каяша айтсаң намазыңды окутам...”

“Өл-тирилгин эт планын камдагын...
Сүт боюнча карызыңар белчеден,
Саасаң дагы катыныңдын эмчегин,
Толтурасың быйыл сүттүн планын...
Районду бүт артка тартпагын.
Жарытпайсың, жүндөн жагы арттасың
Жуурканыңдын жүнүн сөгүп жуламын...
Жоготкула, жылкы зыян кызылдай
Пленумдун чечими бар ушундай (4, 299),

деп жогортодон көргөзмө берип, элдин үрөйүн учурганда, ошол жерде отургандын бири да үнүн чыгара албай калышат. Көрсө Совет мезгилиндеги теңдик, жыргал турмушка карабай, мындай терс көрүнүштөр көп эле кездешчү. Өлсөң талсаң да, калп жаздырсаң да, планды аткарыш керек. Баарыбызга

белгилүү болгондой мындай жалган пландар канчалаган адам өмүрлөрүн кыйды. Дал ушул чындыкты акын дагы баягы өзүнүн чебер ыкмасына салып ушул эпизод аркылуу эле берип салды. Автор Болгонбаев деген атты да бекеринен берген эмес, ушул фамилияны коюу менен жалпы жетекчилердин көбүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн жатканын боолгололо болот.

Романда жакшы иштелген образдардын катарына Акундун образын айтсак болот. Ал – негизи карама-каршылыктуу каарман. Бирде ал – адамдардагы эң жаман сапат кекчил, мактанчаак, кур намысчыл, ал эми бирде ал – күрөшчүл, чынчыл, эл-жерин сүйгөн, башка иш түшсө жанын аябаган, ак көңүл адам катары сүрөттөлөт. Роман пролог менен башталат. Анда лирикалык каарманыбыз болгон Белек Курмановдун эр жетип, эл кишиси болгондон кийин атасынын кыйышпас досу Кудайберген Муратович Муратов менен болгон маеги берилет. Мына ошол убакта арызын көтөрүп Акун келет. Ал алгач Акунду тааныбай, качан гана:

Көлөшчөндүн окуп бүтүп арызын:
– Акун… Акун… коё тургун, кайсы Акун?
Үнсүз бирөө:
Кайсы Акунду айтасың? –
Бүшүркөтүп сурап турдум ичимен.
Анан бир кез көргөн өңдүү түшүмөн,
Бүтөп келип уранды эстин кемтигин
Аттиң-ээй… деп Акунду эске келтирдим..
Акун байкем!.. Кайран Акун байкеме
Өткөн экен мезгил мизи оо дагы,
Таштабаптыр бирок көнгөн кааданы –
Бул мендеги принцип деп айтчу эле…
…Аны жакшы таанырымды билгиздим,
Өзүм барып эшик ачып киргиздим (4,181-182) -

деп, арызды окуганда тааныйт. Көрсө, Акун байкеси баягы арыбаган, чарчабаган арызын дагы эле көтөрүп жүргөн тура. Бир кезде Зырмурунга уюн жедирип ийип, аны кайтарып алуу аракетинде жүрөт. Анын үстүнөн арызданып жүрүп мугалимдигинен да ажырап, сугатчы болуп калды. Романда Зырмурут Акун менен болгон конфликтиси учурларында эле сүрөттөлөт. Ал Акундун уюн

кайтарып бермек тургай башкарма менен биригип алып, аны аябай убара кылышат, анын үстүнө Зырмуруттун кудасы облсот. Муну менен акын бийлик ээлеринин карапайым адамдарга жасаган караөзгөй мамилесин ушул эпизод аркылуу эле окурманга түшүндүрөт. Акун өзүнө катылган кишиге кекчил, анын жамандыгын кечире албайт. Ал эми өзүм деген кишиге эч нерсесин аябайт. Ал Белек кичинекей кезинде Жаңылдан токмок жеп түн ичинде үйүнөн куулуп калганда, ага боору ооруп Караколго интернатка алып барып өткөрүп берет. Кийин Качы авасы ооруканадан чыгып келип коколой башы калганда жанына караан болсун деп кайра барып алып келишет. Акундун бийик адамкерчилиги, айланасындагы карапайым адамдарга салыштырмалуу өзгөчөлөнүп турганын Качынын көзү өткөндө да ага өлүк ээси катары (Качыга жакын тууган болбосо да) башында туруп, ал катардагы эле карапайым адам эмес экенин түшүнүп, митинг жасап, эли кандай кеменгер адамынан айырылып жатканын айтып турган эпизоддордо даана ачылат. Акундун башкаларга караганда өзүнө жетерлик билими да бар. Ал өзүн коргогонго, адамдарды баалаганга, учурдагы болуп жаткан окуяларга ой жүгүртүүгө алы жетет. Антпесе, Качыкенин кийинки жаштарга өрнөк болчу өмүрүн айтып, алар угуп калсын деп аракет кылбайт эле да. Акыйкат (ал өзү ошондой деп эсептейт-И.С.) үчүн ал өмүр бою күрөшпөйт эле. Романдын «Пенсия», «Акыркы сапар» деген бөлүмдөрүндө Акун биринчи планга чыгат. Ал карып бара жатса да эски блокнотун колдон түшүрбөй, бир эле убакта газетага кабар жазып, ошол эле убакта колхоздо болуп жаткан терс көрүнүштөргө каршы арыз жазып тургандыгы жөнүндө айтылат. Анда колхоздун башкармасынын кылган тетири иштерине эл ичтеринде нааразы болсо да, ага айласыз көнүп, баш ийүүгө аргасыз болушса,  жалгыз гана Акун көнбөстөн, үстү-үстүнө арыз жазып турат:

Жалгыз Акун такыр ыкка көнбөгөн.
-Бул үчүнбү?!.. Бул иш үчүн өлбөгөн
Жерде калып, барчу жерге барамын! –
Моюн бербей жазып жатып карарып,
Кайрып алган мугалимдик кесибин.
Башкармабыз жоготом деп канча аны
Басып, тепсеп айда аябай калчады.

Бирок Акун жедирген жок кешигин.
Болгонбаев келгенде да текшерип
Айтышыптыр тилин тартпай бет келип. (4, 303-304),

Ал чындык үчүн акырына чейин күрөшөт. Романда дагы ийгиликтүү иштелген эпизоддук каармандарга Катчыбай, Кул, Анна, Сергейдин образдарын да кошууга болот. Аларды автор кыска, бирок психологиялык мазмундуу кырдаалдарда сүрөттөп, аз да болсо алардын адамдык адамкерчиликтерин көз алдыга алып келет.

Чыгарманын мазмуну жеке адам тагдырын, тарыхый окуяларды, достук, эл-жерди сүйүү, интернационализм, адамкерчилик сыяктуу көп маселелерди өз ичине камтыйт. Романда жеке адам тагдыры эл тагдыры, Ата Мекен тагдырына өтүшүп, ажырагыс биримдикте сүрөттөлөт. Акын романды он сегиз главага бөлүп, ар бирине темаларды коюп, ар бир бөлүмүндө жаңы турмуш чындыгын, жаңы ойлорду ачып жүрүп отурат. Акын улам эпизод сайын жөнөкөй карапайым адамдар менен жетекчи, кызматчылардын мамилелеринин нугун кеңейтип, курчутуп отуруп, социалисттик мезгилдеги, б.а., ошол замандын ишенимдүү облигин тартууга да үлгүргөн. Акын 1980 – жылдары эле элдин социалисттик түзүлүшкө, коммунизмге баратабыз деген ишеничтен тайып баратканын прогрессивдүү адам катары эчак эле түшүнгөн. Ал ишенич өзгөчө Хрущевдин бийликке келиши менен анын Сталинге каршы жүргүзгөн саясаты кошумча болгон. Аны акын романдын “Акырык сапар” деген бөлүмүндөгү:

- Койсоңорчу ой, анын жөнү алыстан
Келүүчү кеп. Бу силердин Качы эмес,
Сталинди көрдөн сүйрөп салышкан...
Деп, сүйлөштү бир тобу ошо арада,
Туз себишип ылжыраган жарага (4, 308)

Мында коммунисттин, ак жүрөк, чынчылдык баркынын кеткенин таасын берет. Мисалы, акын совет мезгилиндеги элибизге жат көрүнүштөрдүн жашообузга сиңип бара жаткан Караколго деп чыккан автобустун ичиндеги окуялардан эле жетишээрлик деңгээлде сүрөттөп берген. Бул эпизоддордо жолдо келе жатып автобустун дөңгөлөгү жарылып, оңдолгуча күтүп турушкан мезгилде

эле персонаждын кебете-кешпирин, маанайын, ар кыл адамдын портреттерин чебер художниктей эле картинага айлантат. Анда аны талдап отурбай, бүкүлүсүнөн эле окуп көрөлү:

Биллиарддын чачыраган шарындай
Жолдун өйүз-бүйүзүнө жайылды.
Көпүрөнүн алдынан суу шарылдап
Ары барып жаза отуруп аялдар,
А эркектер ызат кармап аялдап,
Жууган болуп колун сууга эңкейип...
Шляпачан семиз неме деңкейип
Көз айнегин коет улам оңдолоп.
Кара костюм, кара шымчан, өтүкчөн,
Бел кырчоосу бөлүнбөгөн көчүктөн,
Ойлоп койдум ал кишини "Чоң" го деп.
Эки арык кыз каакумга окшош мен курдуу
Серендешип сууга барып жуунду.

Авам баштап бир топ киши топ болуп
Суу жээгинде көк майсаңга отурду.
Артын тырмайт колу калса бош болуп
Бир кишини "чүчөк го", же "котурбу"? –
Деп ойлодум беритен көз жиберип,
"Дамбалы көп" кызыл келин чидерип,
Те-е обочо жалгыз кетип калыптыр.
"Аны кайсы жеп атты эле карышкыр"...
Арабадан жаңы чыккан аңгидей
Жаңкы студент келин жакка шылкыйып,
Маал-маал артын карап кылтыйып,
Бара жатат санаасында барбы дейм
Бизге айтпаган бир сыр, бир ой тилеги?!
Тинтпеген соң ичин кайдан билейин.

Ары карап бала эмизип отурат
Сары карын болуп бүткөн бир аял.
Дене бою салыңкыраак, бошураак
Менин тиктеп турганымды билеби ал?!
Эки бутун таштап коюп балбырап
Эмчеги ийип наристени кандырып,
Бир демени өзү чайнап жеп коюп
Турпат тулкун эркин таштап, тек коюп,
Аккан сууң, аваң менен иши жок,
Өзүнчө бир болуп толук дүнүйө,
Жасап жүргөн ишин жасап күнүгө,
Ага же бир көңүл бурган киши жок,
Күн да ошондой тийип турат кайдыгер,
Жүрүп турат жибек саамай жайкы жел (4,241-242).

Романда адабиятчылар, тилчилер үчүн изилдөөгө көп материал болуп берчү нерсе анын - тили. Акын өзү жазгандай “кыргыз балдар кыргызчалап” окугудай кылып башка тилдерден келген сөздөрдү да кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүгү менен аларды адабий тилге айландырууга батынган. Бул барып турган мекенчилдик десек болот. Анткени, башка тилден келген сөздөрдү кандай болсо дал ошондой калыбында сүйлөй берсек тилибизди байытмак тургай, аны жардылантып, жок кылууга чейин барышыбыз мүмкүн. Акын ошол маселени да туура түшүнүп романдын тилин накта кыргызча сүйлөтө алган. Мисалы; газета-гезит, колхоз-калкоз, коммунист-камунис ж.б көптөгөн сөздөрдү эл арасында кандай айтылып жүрсө дал өзүндөй колдонуп жазган. Муну дагы чыгарманын бир жетишкендиги катары карасак болот.

Ошентип “Адамдын турмушу” кыргыз поэзиясындагы ыр-роман жанрындагы жаңычыл көрүнүш, мындан мыктысы жазылганга чейин анын соңку бийиктиктеринин бир дешке болот. Автор коомдук-тарыхый кырдаалдарды жана көбүнчө аны менен да, өздүк “менчил” жагдайлар менен да шартталган адам тагдырларын сүрөттөөнүн жаңыча ыкмасын сунуш кылат. Бирок “жаңыча” дегендин баары эле сапаттын, жаңы бийиктиктин кепилдиги боло албайт. О.Султанов муну мыкты түшүнөт. Түз сызыктуу

сюжет, кашкая көрүнгөн конфликт дегенден оолактап, акын турмуш казанындагы бир чети көнүмүш көрүнгөн, бирок ошонусу менен нака турмуштун өзү болгон учурларга басым коюп, ошолордун тегерегинде ой калчаган философ-ойчул сыпатында көрүнөт. “Евгений Онегин” деле ушундай ыкмада жазылган. Мунун өзү “Адамдын турмушу” кынтыксыз чыгарма дегендик эмес. Ал шексиз мыкты чыгарма. Ага профессор А.Иманов “Сөз менен да картина-сүрөт тартса болот экен” (6,11) деп суктанса, залкар адабиятчы-сынчы К.Артыкбаев жазат: “Ошондой болсо да, акындын поэтикалык изденүүлөрүндө дагы чыйралта иштөөнү, дагы ийине жеткирип коюуну талап кылып турган айрым бир строфалар, саптар, сөздөр да учурабай койбойт. ... окурманды бир аз бушайман кылгын саптар да кездешет” (5,23). Ал эми Ч.Өмүралиев болсо: “Адамдын турмушу” – бул, улуттук колоритке ушунчалык карк канык жана ошол эле учурда маани-маңызы боюнча жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ чыгарма”, - деген көкөлөгөн тыянак чыгарат да, анысын алынча далилдөөгө аракет көрөт (1,281). Бул баа-ченемдердин калетсиз кашкайта далилдеген эмгек “Адамдын турмушу” боюнча али жазыла элек. Буга бир чети көркөм адабиятка болгон коомдук, атүгүл мамлекеттик кызыкчылыктын болуп көрбөгөндөй төмөндөөсү себепкер болсо, экинчиден (ушундан улам) мындай чыгармалардын артынан сая түшүп, оңду-солду талдап берген кашкөй адабиятчы-сынчылар сээлдеп кетти деген ойду дагы бир жолу баса белгилейбиз. Жадакалса ошол сынчылырга майдан болуп берүүчү адабий гезитибиз да жок. Болбосо, “Адамдын турмушу” көз жаздымда кала турган чыгарма эмес. Бирок бардыгына өзүнүн калыс баасын берип, бардыгын орду-ордуна коё турган мезгил деген бар. Менимче “Адамдын турмушу” мезгил сынынан буйдалбай өткөн окумдуу чыгармалардын катарын толуктайт. Ошондуктан адистер ага дагы нечен кайрыларына күмөнүм жок.

Колдонулган адабияттар:


1. Өмүралиев Ч. Тубаса. Пролог. Омор Султанов ким? – Китепте: О.Султанов. Адамдын турмушу: ыр-роман. –Б,2017, -296 б.

2.Султанов О. Адамдын турмушу: ыр-роман. –Б.,2017, -296 б.

3. Султанов О. Адамдын турмушун кандайча баштап калдым. – Китепте: О.Султанов. Адамдын турмушу: ыр-роман. –Б,2017, -296 б.

4. Султанов О. Жан берели сүйүүгө: ырлар жана роман. –Б.,1996, -312 б.

5. Артыкбаев К. Адамдын турмушу романы тууралуу. –Китепте: О.Султанов. Адамдын турмушу: ыр-роман. –Б,2017, -296 б.

6.Иманов А. “Адамдын турмушундагы” Жанек баатыр. – Китепте: О.Султанов. Адамдын турмушу: ыр-роман. –Б,2017, -296 б.

## Өткөөл мезгилдин поэмалары (1985-2000)

Бүгүнкү күндөгү кыргыз поэзиясы илгеркисиндей эле жанрдык жана тематикалык жактан бир түстүү эмес. Анда мурдагы эле салттуу поэзиянын граждандык, пейзаждык, философиялык, махабат, саясий, патриоттук, публицистикалык, дидактикалык пафоско сугарылган лириканын ички жанрдык түрлөрү менен катар эпикалык поэзия да, тактап айтканда поэмалар менен поэтикалык романдар да бирде басаңдап, бирде ыкчам өнүгүп жатканынын көрөбүз. Чакан лирикага караганда эпикалык поэзия сан жагынан көп эмес. Бул түшүнүктүү. Себеби эпикалык поэзия чакан ырлардай бир дем менен жазыла калбайт, ал акындан алда канча чоң даярдыкты, камылганы талап этет (чыгармага материал чогултуу, анын сюжеттик түзүлүшүн, формасын жана мазмунун, образдарды түзүү сыяктуу ж.б.). Мындай талаптардын зарылдыгын тээ илгери эле, ал кездеги жаш сынчы Б.Шамшиев таасын байкап: "поэма жазууга көрүнгөн эле калемгер кирише бербейт, бул белгилүү өлчөмдө поэтикалык тажрыйба топтолуп, анын жанрдык табиятын аңдап, ошого чыгармачылык жактан өсүп жетилгенден кийин болчу көрүнүш..." деп жазган (1,119). "Чыгармачылык жактан өсүп жетилүү" дегенди сынчы атайын белгилеп, бул жерде ал акындын жаш курагына эмес, көп компоненттерден куралган татаал түшүнүктү эске алып жатат. Демек поэманын жана поэтикалык романдын көркөм-эстетикалык функциясы алда канча

кең жана татаал десек болот. Аларда эреже катары адам жана коом турмушунун кыйла узак жана кеңири мейкиндик-мезгилдик бүктөмү камтылып, акындын өткөнгө да, бүгүнкүгө да кайдыгер эмес позициясы ачыкталат. Акындар өздөрү жарыя кылбаган поэзиянын мындай өзгөчөлүгү тууралуу орус сынчысы Юрий Кашуктун мындай таасын байкоосу бар: "Поэзия-по сути своей-во все времена остается "впередсмотряшим" в литературе, хотя проявляется это в разные периоды по-разному. На виду или в тени - всегда, в каждый момент своего существования, поэзия занята наблюдением и изучением того, что иными средствами человеческого познания ненаблюдаемо и незучаемо" (2, 121)

Калетсиздиги талаш туудурбаган бул ойду поэзиянын бардык жанрларына, анын ичинде анын эпикалык түрүнө да тикелей багыштасак болот. Учурда жазылган поэмаларда өзгөчө новаторлук жаңы табылгаларды, жаңы көркөм ачылыштарды көрүү кыйын болсо да, поэмалардын проблематикасы, тематикалык багыттары кеңейгендигин, бирок поэтикалык табылгалар, ага жараша ой-калчоолор менен тыянактардын өзгөчө тереңдигине жетишип, ошонусу менен окурманды тамшандырган чыгармалар жокко эсе. 1985–2000-жылдары эпикалык жанрда адам тагдыры жана анын коомдогу ордун чагылдырган С.Акматбекованын «Бадачы жана бак жөнүндө поэма» (1985), А.Рыскуловдун «Дүйнөлүк жүк» (1986), Ж.Садыковдун «Жер керемети» (1986), өмүр, өлүм, адам, жашоо, келечек, эмгек, бийлик, байлык, эне-бала, сүйүү сыяктуу жашоонун ар кыл тарабына ой жүгүрткөн лирикалык, лиро-эпикалык мүнөздөгү С.Жусуевдин «Жеңиш жана келечек» (1985), Н.Байтемировдун «Өчпөс элес» (1985), «Тынышбек боорум» (1986), «Миң казал» (1989), А.Жакшылыковдун «Өмүр», "Каниет", "Кездешүү", К.Белековдун «Узак жолдун жомогу» (1993), өмүр жолундагы урунттуу, эсте калган мезгилин поэтикалык тилге салган автобиографиялык жанрдагы Ш.Дүйшеевдин «Карагайчы кемпир» (1993), "Айымай булак» (1993), улуттук ар намыс, улуттук аң-сезим проблемасы А.Өмүркановдун «Күкүк» (2000), "Ак Мактым", "Эсойготор", Б.Чотурованын "Найман", жер шарынын, адамзаттын келечек тагдыры, "инсан кесири" маселеси козгогон С.Эралиевдин «Кесиринсан» (1991), С.Акматбекованын "Каниет, сапар же кайрылуу поэмасы" (Чернобыль кырсыгынан кийинки ойлор) (1987) поэмасы, азыркы учурдун ачуу чындыгын, турмуштагы ар кыл жат

көрүнүштөрдү сынга алган Ж.Саалаевдин «Жан-дүйнөмдүн кудурети» (1984), Н.Байтемировдун «Эмне калды» (1986), «Келди окшойт бир кезек» (1990), «Мен көргөндөр» (1996), С.Жусуевдин «Ачык сөз» (1989), Э.Ибраевдин «Ойлон кыргыз», А.Өмүркановдун "Заман ой",(2013) аттуу публицистикалык поэмалары, кыргыз элинин өткөн тарыхына кайрылган А.Рыскуловдун "Кийиз коңгуроо", элдин трагедиялуу тагдыры, дос-душман темасында А.Жакшылыковдун "Достун огу" драмалык поэмалары, жаратылыштын жаралышынан жок болушуна чейинки жол, башкача айтканда, кудайдын түбөлүктүүлүгүн даңазалаган А.Жакшылыковдун «Кыргыз койчу жана үркүн жөнүндө баллада» (1993), «Топон суу жана тайгак жол жөнүндө» (1995), «Адам ата баяны» (1997-98), «Аскадагы нур» (1998) баллadaлары жарыяланды. Мындан сырткары Н.Байтемировдун «Шабдан» (1991), «Байтик» (1992), С.Жусуевдин «Ырыспай», «Раззаков баяны» аттуу дастандары, Н.Байтемировдун «Курманжанга гүлдесте» (1991), «Мен ааламдын» (1992), «Кудайдын тура булбулу» (1992), «Зууракан жердин энеси» (1992), «Сагындым» (1993) аттуу казалдары жарыкка чыкты.

Булар кийинки мезгилде лиро-эпикалык жанрда жазылган чыгармалардын толук эмес тизмеси, б.а., ирдүүлөрү. Ошентип, аталган мезгилдеги поэмалардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн айтуудан мурун, кандай багыттагы поэмалардын жаралганына карасак, мынабу нерсе байкалат: ушул жылдары жазылган поэмалардын көбү сюжеттүү болсо, айрымдары үчүн ал милдеттүү эмес болуп чыгат. Бир нечеленген каармандардын образын түзүүгө аракет кылган эпикалык поэмалар менен катар, нукура лирикалык ой-толгоолор менен бирге философиялык, публицистикалык ой-санаа басымдуулук кылган поэмалар жазылгандыгын, аларда адамдык ар-намыс, ыйман маселеси коомдук-саясий маселелерден мурда козголгондугун көрөбүз.

Аталган поэмалардын жоон тобу, башкача айтканда, 1985-1995-жылдары жарык көргөндөрү акындардын мурдатан көрүлгөн даярдыгынын натыйжасы болуп эсептелет. Эгерде ушул мезгилдеги поэмалардын бир даарында Совет доорунда калыптанып калган идеялык нуктун алкагынан келип чыккан салттуу темалардагы чыгармачылык изденүүлөрдүн доошу кадимкидей сезилип турса, 90-жылдардан кийинки жазылган поэмаларда лейтмотив башкачараак. Алардын алгачкыларында "көз карандысыздыктын" салтанаты, эми тагдырыбыз өз

колубузга тийгенден кийин дүркүрөп өнүгүп, тез эле “кой үстүнө торгой жумурткалаган заманга жетебиз”, ал үчүн бардык шартыбыз бар (тообуз, суубуз бар, эгин талаалары, жайыттар кенен, миллиондогон малыбыз, завод-фабрикаларыбыз жетиштүү, илимдүү-билимдүү адамдарыбыз арбын деген өңдүү) деген ишеним басымдуу болсо, эгемендүүлүктүн алгачкы 5 - 6 жылы аны чар учкандай жок кылып, “этибиз эмес табагыбызды таппай калган” заман келгенин түшүнгөн шарттагы поэмаларда көңүл чөгүү, кейип-кепчүү, “мындай болбош керек эле” деген маанай орун алып, ал бара-бара кескин сындоо жана каршылык көрсөтүү деңгээлине жеткенин байкоо кыйын эмес. Кандай десек да, аталган поэмалардын көбүнүн булагы жана негизи катары объективдүү жашоо тириликтин өзү, кыргыз коомундагы өтө маанилүү өзгөрүүлөрдүн, карама-каршылыктардын өзү кызмат кылгандыгы шексиз. Ал эми ошол бизге баш ийбеген коом турмушу менен адам тагдырлары алардын өйдө-төмөн, каршы-терши жактары менен канчалык көркөм иштетүүдөн өткөрүлдү деген маселе акындардын акындык дараметине, изденүүсүнө, чеберчилигине, акыры алардын автордук позициясына тикелей көз каранды экендиги баарыбызга маалым (бул жагдайды ич ара биримдикте карап изилдөө өз кезегин күтүп турат десек болот).

1985-1995- жылдардагы, башкача айтканда, “кайра куруу” деген масштабдуу саясат Совет өлкөсүн “кайра курбай” эле кыйроого алып келип, эл “эркиндикке” жетип, эйфорияга тунуп турган мурдагы союздук республикалардын эски-жаңы жетекчилери да, элдери да эмне болуп кеткенин, эртең эмне болорун толук аңдап биле албай турган кездеги адабият, анын ичинде поэзия да ошол “арабөк” доордун (“өткөөл” доор деп да жүрөбүз) көркөм-эстетикалык туундусу катары ачуу-таттуу идеяларга, оң-терс пафоско сугарылганын байкоо кыйын эмес. Алардын көбүндө “Эгемендүүлүк эмне алып келди, ага жеттик, бирок эмнелерден айрылдык” деген кооптонуу адегенде күңүрт болсо, бара-бара ээ-жаа бербеген “жапайы” капитализм кыргыз турмушун астын-үстүн кылып, мурда түшкө кирбеген терс көрүнүштөр басып киргендигине күйүп-бышып каршылык көрсөтүү мотиви күч алат. Өткөөл кездин эпикалык поэзиясында жаңы замандын али башы ачыктала элек проблемалардын көптүгүнөн улам салттуу өмүр-турмуш, тагдыр, сүйүү, табият тармактарынан тышкары эми кеңири жол ачылган “бардык темалар жарышы” башталып, ыкчам иштелүү жолуна түшөт. Акындарда “жаңы

заман" чын эле жакшы болуп жүрбөсүн, бүгүн болбосо, эртең оңолуп кетебиз деген үмүт да чоң эле. Ошондуктан алардын көбү эгемендүүлүк менен кошо келген терс жагдайларды адегенде эле басып жыгылышпай, аны сындоого аста-аста киришкени, ал сын акырындап курчуп күч алганы ачык байкалат.

Кызык жери - жаңы мезгилдеги сынчыл-публицистикалык поэзиянын көч башында Н.Байтемиров, С.Жусуев, Э.Ибраев, Ж.Садыков, О.Султанов, Б.Алыбаев, А.Өмүрканов, Ш.Дүйшеев, А.Жакшылыков, Т.Бекболотов, Ж.Саалаев, К.Култегин (ж.б) сыяктуу мурунку жана кийинки заманды бирдей көргөн улуу-кичүүсү аралаш акындар турат. 1980-жылдары төрөлүп, бүгүн 30 жаштын тегерегиндеги акындарда эки заманды салыштыруу мүмкүндүгү болбогондуктан, алардын публицистикалык поэзиясы башкачараак нукта өрүш алды.

Ал эми улуу муундун өкүлдөрүнүн жаңы мезгилдин терс жактарына каршылыгы (муну өзүнчө эле "поэзия сопротивления" десек болот), анын эбеп-себептери ачык эле жерде жатат. Совет коому кийин ачыкталган кемчиликтерине карабай, кантсе да кыйла адилеттүү, теңчил, адеп-ыймандуу өлкө болчу деген текши калыптанган түшүнүктүн өзү жогорку топтогу акындардын күргүштөп кирип келген ыплас, терс көрүнүштөргө (коомдук турмуштун бардык жактарында) каршылык көрсөтүүсүн шарттаганы табигий көрүнүш болучу.

Кандай болгон күндө да азыркы кыргыз поэзиясы кечээкинин түздөн-түз уландысы экендиги шексиз. Бирок ал мурунку кыргыз поэзиясынын кайталанган көрүнүшү да эмес. Ал - өзгөргөн доор-замандын тикелей рухий-көркөм туундусу. Демек, ушуга жараша азыркы поэзиянын, анын ичинде эпикалык тармагынын көтөргөн рухий-эстетикалык функциясы, авторлордун көздөгөн максаттары да башкачараак. Бул жагдайга кеңири назар салбай туруп (аны кеп кылуунун да шарты келээр деп), адегенде "кайра куруу жана ачык айтуу" деп аталып, Совет коомундагы зор өзгөрүүлөргө жол ачып (1985), анан беш-алты жыл өтпөй (1991) зор мамлекеттин кыйроосуна алып келген учурдан берки кыргыз эпикалык поэзиясы окурмандарга эмнелерди берди, эмнелерге жетишип, кандай жаза басуулар болду деген маселелерге кыйла үстүрт болсо да кайрылуу керек болуп турат.

Сөз болгон мезгилде үзүрлүү эмгектенип, бир топ жыйнактарын чыгарып, акын катары чеберчилигин арттырган акыныбыз **Н.Байтемиров** бир катар

лирикалык, эпикалык, публицистикалык поэмаларын жазган. Акын жөнүндөгү замандаш, калемдештеринин эскерүүлөрүнүн көбүндө анын бийик адамгерчилиги, орошон таланты, ойчулдугу сыяктуу жакшы адамдык жана чыгармачылык жактары баса белгиленип келет. Ал кандай темага кайрылбасын дайыма учурдун актуалдуу маселелерди туура козгоп, курч коюп, элдин көйгөйүн жүрөгүнөн өткөрүп, аны жазуудан талыккан эмес. Калемин калк жүрөгүнө уялатып, эл жана жер менен ээн-эркин сырдаша билген көп кырдуу талант - турмуштан чөмөрүп алган окуяларды кыялдын көөрүнө салып, көркөм чындыкка айландырып, андан көлөмдүү чыгарма туудурушка устат. Бирок, ал  көзүнө көрүнгөн окуялардын баарын эле тизмелеп, саймедирей бербей, ал коом турмушундагы урунттуу окуяларды, адамдык, социалдык мамилелерди изилдейт да, аларды жараткан адамдардын тагдырын баяндашка кумарланат. Адам тагдырларын карапайым баяндап, примитивдүү сүрөттөбөстөн коом менен эриш-аркак призмадан алып, андагы курч маселелерди алып чыгат.

Акындын **«Миң казал»** поэмасы демократ акын Токтогулдун 125 жылдыгына байланыштуу жазылган. Мында акын Токтогулдун кайталангыс талантын, анын күүсү кыргыздын канында, ташында, суусунда, тоосунда, нөшөрүндө, абасында жашай берерин даңазаласа, **«Эмне калды»** (1990) деген поэмасында жогорку чыгармасындагы ойду улап, алгач адамдагы ач көздүк, өмүр, өлүм, жашоонун тек-жайы сыяктуу нерселердин маңызы тууралуу ой калчап, анан өзү бул дүйнөгө ак кагазга кеп калтырганын, ага убакыт өткөндө «барктуу Насир» же «шордуу Насир» деп келечек муун өз сынын айтаарын, сен өлсөң күн да, жер да сени жоктобосун, жалгыз эмгегиң гана сага өлбөс канат болуп калаарын ырга салат. Анан ошол эмгектери өлтүрбөй бүгүнкү күнгө чейин “жашоо берген” Жусуп Баласагынды, анын «Билим Куту» миң-миң жылдан бери көңүлгө рухий азык болуп келишин даңазалайт. Акын мезгил бардыгын жеңет, жалгыз гана эл үчүн жасалган эмгегиң түбөлүктүү деген ойду Жусупка байланыштуу улам кайталап айтып жүрүп отурат:

Баары өлдү, өлбөй турган кеп калды,

“Баласагын “Бийлик куту” деп калды.

Эч бир заман бузуп-жарып кире алгыс,

Ыр аталган сөздөн бүткөн чеп калды. (3,225), - деп, Баласагын сыяктуу ата-бабасына ыраазы болуп, акындын эмгегинин барган сайын терендеги сырлары ачылып, түбөлүккө жашайт деген оптимизм менен поэма аяктайт. Бүгүнкү күндүн ачуу чындыгын таамай айтуу жагынан акын Н.Байтемиров акындардын алдыңкы катарында турду. Ал өткөөл заман тууралуу бир топ ырларынан сырткары «Келди окшойт бир кезек» (1986), «Мен көргөндөр» (1996), “Эмне калды”, “Бир убакта”, “Курманжанга гүлдесте”, “Байтик”, “Шабдан” сыяктуу чакан публицистикалык жана лирикалык, эпикалык поэмаларды, дастандарды калтырды.

Акындын **«Келди окшойт бир кезек»** аттуу публицистикалык поэмасы мындай саптар менен башталат:

Келди окшойт бир кезек,
Да бир миң жыл ураган.
Артка экчелип жүз кылым,
Каршы-терши сулаган (2,208)

Канчалаган заман шамал болуп урунуп, деңизге сиңгендей изи да жок болуп кеткенин айта келип, акын ар замандын тагдыры тууралуу ой жүгүртүп, анан убакыт, мезгил жөнүндөгү ой талаасына өтөт да, аны мындайча сүрөттөйт:

Ырдап, ыйлап өтсө да,
Жолою ошо мезгилдин.
Күүсүн анын токтотоор,
Күчү келбейт мезгилдин (3,208).

Ошол мезгил жаралгандан бери ким калат? Бул суроого акын салмактуу ой камтыган төмөнкү саптар менен жооп кылат:

Ый менен ыр болбосо,
Күү каяктан жаралмак?
Ай-ааламдын сыймыгы,

Бул үчөөнөн таралмак.

Күндү, түндү ээрчиткен,
Күү көрүнбөс канаттыр,
Кубалашып бул дүйнө.
Күү болууга жараптыр (3,209).

Акын эсепсиз эл тарыхы баткан ошол күүлөр да замандан заманга өтүп, эскирчүсү эскирип, эскирбегени мезгил мерчеминен өтүп жашап калаарына ишенет. Ал эми мезгил артынан мезгил өтүп, а адам “бечара” күн артынан күн өткөрүп, жада калса түн ичинде да тынч уктай албай түш көрүп кыйналаарын кеп кылып, адамзатка боору ооруйт. Чыгарманын аягында мезгил бул тынымсыз күрөш деген жыйынтык чыгарылат. Поэмада адамдын жашоосу, тагдыры, турмушу жөнүндөгү, дегеле адам баласынын татаал бир көрүнүш, кубулуш экенине философиялык ой жүгүрткөн саптар да арбын.

Адам өлөт, төрөлөт,
Кайраланып жаңысы.
Келер, кетер дүнүйө,
Деген сөз го анысы.

Сырт жагынан карсаң
Сулуулук деш – сымбаттыр.
Адамзаттын тышынан,
Ичи абдан кымбаттыр.

Тышын көрүш опоңой,
Дилин кантип көрөсүң.
Жан болгон соң ошентип,
Жаздым басып жүрөсүң (3,210).

Адам жан дүйнөсүнүн татаалдыгын, жашоо кумар экенин, жашоого, бийликке тойбогон адам кылымдан-кылымга дале жашап, далай азап-

тозок, жыргал-куурал өткөнү жөнүндө ой калчайт. Көрсө, ошол жыргал-кууралды адам өзү тилеп алып, байлык, мансап үчүн эл-жерди бүлүнтүп, далай жүрөктөрдү оорутуп, өзүнө-өзү жамандыкты көп кылат экен. Акын мунун баары эмне үчүн жасалат, бир куу кекиртек үчүнбү, же башкабы деген суроону окурмандын алдына коёт да, кайра ага өзү жооп издейт. Анын оюнча мансап, бийлик, байлык үчүн болгон күрөш адамдын өзүнүн – өзүнө жасаган жамандыгы.

Кайда туулуп, кайда өлөт,
Аны тагдыр ченеген.
Жашайт адам жутунуп,
Жан чыкканча денеден.

Кедей болсо бүжүрөп,
Байып алса чалкалап.
Кедейди да карабай,
Кетмей жокпу талкалап? (3,211).

Мындай адат адамда бүгүн эле пайда боло калган жок, ал тээ атамзамандан бери, эзелтеден бери эле ушундай болуп келе жатканын билген адам эми эртеңкисин ойлонушу керек. Акын “эртеңкинин” ары татаал, ары кооптуу экенин сезип турат. Мурдагыдан да коркунучтуу мезгил келе жатканын, “космос-космос” деп калган заман кандай экенин акын мындайча сүрөттөйт:

Коркунуч көп алдыда,
“космос-космос” дей берсек.
Жексен болуп калбайлы,
Жерди аябай жей берсек?!

Миң жыл мындан илгери,
Акыл өөрчүп жеткендир.
Күбүп салып тапканын,

Күм-жам болуп калыптыр (3,213).

Акын бүгүнкү ааламдашуунун, жер жүзүнө саякат бүтүп, эми космоско чыгып мансап, акча деп жан үрөп калган заманды көрүп кабатырланат.Биз төш каккылап жеткен цивилизациянын түбү жамандыкка алып келбесе экен деп санааркайт. Ааламды башкарам деп жутунган адамдар күкүм болуп кеткени, бу дүйнөдө өлбөй жай, күз, кыш, жаз гана калганын, а бирок бу дүйнөнүн сыры ачылбай али күнгө табышмак болгон нерсе көп экенин түшүндүргүсү, түшүнгүсү келет.

Ойдо жокту ойлогон,
Опурталдуу чактабыз.
Кылт этсе жер кыйрачу,
Кылга илешип турабыз.

Не апкелип, кетерин,
Кайдан билдик мезгилдин.
Келмек эмес дегеле,
Акылына эч кимдин.

Бир башкача болот бейм,
Миң жылдыктын аягы.
Ойго келгис өзгөрүп,
Адамзаттын абалы.

Келди окшойт бир кезек,
Ойдо жокту ойлонткон,
Желге минип кыялкеч,
Жер чимирип ойноткон... (3,214).

Ашыкчылыгы деле жок бул мисалдарда байкалгандай, акындын аяр

жүрөгү “көз ирмемде дүйнөнү” жок кылып ийчү кезектин келгени туюп, мындан да жагымсыз замандын келе жатканын андан ары кемелине келтире сүрөттөйт. Акынды андан да кабатырлантканы -“түшүнөн аян берген”, дартынды сурабастан “тамырын кармагандардын”, көзү ачыктардын, аянчылардын көбөйгөнү. Акындын баамында булар - жаман жышаан.

Бул поэма кыргыз элинин жаңы эле эгемендүүлүккө ээ болуп, баш-аламан заманга туш келген мезгилде 1990-жылы жазылган. Ошондо эле билимдүү, акылы тунук акын Н.Байтемиров эл арасындагы мындай терс көрүнүштөр аягы жамандыкка алып келээрин сезсе керек. Эгер дал ушундай мезгил улана берсе кандай күн болот деген акын саанага батып поэманы мындайча аяктайт.

Дувагөйлөр арбыды,
Жаңылаган денеңди.
Көз алдыңа көргөзгөн,
Өлгөн ата, энеңди.

Кеп салбасын жетиктер,
Келечекти сүйлөгөн.
Кайдагы бир белгисиз,
Кабар берип дүйнөдөн.

Айта берсе баш катат,
Ар нерсени эскерип.
Ташып турган чагыбыз,
Табышмактуу кез келип.

Эртең эмне болорун,
Эч ким билбейт аныгы.
Кеңейеби, тарыйбы,

Кең дүйнөнүн жарыгы (3,218).

Мына ушул “Келди окшойт бир кезек” поэмасындагы ойду акын **“Эмне калды”** деген публицистикалык поэмасында логикалык жактан улантат. Жогорудагы чыгармасындагы мезгил жөнүндөгү философиялык оюн андан ары да тереңдетип, окурмандын сезимин селт этирчү саптарга батырган.

Мезгил учту, арасында чаң калды,
Күүсүнө анын Ай да, Күн да таң калды.
Тоо уратып, таш кулатып кезинде,
Түз ордуна, кемер, жарча, аң калды.
Дайра соолду, башка нукка бурулду,
Чөп көгөрдү, жаңы булак чубурду.
Жел акактап өтө албаган жерлерден,
Наристенин күлкүлөрү угулду.

Быркырады далай жылдыз көктөгү,
Жаңы-жаңы планета көктөдү.
Жашап, өлүп кете бермей тынымсыз,
Мезгилдин ал өкүмү экен, өктөмү.
Мезгил керең, Мезгил дудук тили жок,
Ойлоп турсам адамзаттын ичинен,
Мезгилге окшоп айлакердин бири жок (3, 219).

Мындай ойлоп келсең мезгил деген сөз абстрактуу көрүнүш. Аны кармап көргөнгө, жыттап көргөнгө, даамын сезүүгө мүмкүн эмес. Мына ушу мүмкүн эмес көрүнүштү акын конкреттештирип мезгилдин кадимкидей картинасын тартат. Далай мезгил өттү, эл жаңырды, далай адам төрөлдү, өлдү. Ал эми далай шумдуктарды көргөн мезгил эч нерсе көрбөгөндөй керең, дудук, тили жок, ташбоор, макоо, өткүр, акылман. Мезгил күчтүү, мезгил өктөм, мезгил түбөлүктүү. Бирок адам жашоосунун түпкү максат-маңызынан алып караганда ал утурумдук эле. Акын акырында мезгилдин төмөнкүдөй так, даана, элестүү

берген чен өлчөмүн, элесин көз алдыбызга тартат.

Мезгил бекен, а адамдын пейличи?
Андай болсо Мезгил – адам дейличи.
Берип турган, алып турган тынымсыз,
"Жашоо үчүн күрөш" экен белгиси (3,221).

Мына мезгил деген ушу. Мезгил - бул адам, адам болсо "жашоо үчүн күрөшүү" үчүн жарык дүйнөгө келген. Жашоонун күрөшүндө сен жеңилсең ыңжыңсыз өлөсүң, жеңсең өлбөстүктүн мезгилине кетесиң. Ошентип мезгилде эки гана жол бар.

Акын да жетимиш жыл эли менен бирге жашап барктуу да, шордуу да Насир аталды. Бирок, акындын санаасы өткөн мезгилге байланып калбай, ал дайыма кыргыз элинин келечеги үчүн гана чоң кайгыга батат. Ал кыргыз эли жоголбосо, түгөнбөсө, бүлүнбөсө экен деген тилегин түз дагы, каймана маанисинде да айтуудан тажабайт. Андан ары акын туулган жери Буранага кайрылат. "Бурана ал дүйнө баткан казал" экенин, анда миң-миң жылдап жашап өлбөс "Бийлик кутун" жазган Жусуп бабасы төрөлгөнүн, аны ардактарын, урматтарын, миң жылдан кийин бабасы төрөлгөн жерде төрөлүп калганына сыймыктанарын кеп кылат. Баарынан да сыймыктанаары - ошол кездеги ягма, карлук, тухси сыяктуу бир топ элдер жок болду, бирок өлбөй турган "Баласагын... Бийлик куту" калды, бай, бий, хан, бек болсоң да өтөсүң, бирок өлбөй турган эмгек гана калды, Жусуп Баласагын калды. Мезгил бороондорунан эч тайбастан өтүп, анын өлбөстүккө айланганына суктанып, сыймыктанат акын. "Тайгалак кырда" жашап турган мезгилде бир гана өлбөстүккө умтулуу эмгек кылуу экенин дагы баса белгилейт. Андан да жоопкерчиликтүү нерсе элдин биримдигин, бүтүндүгүн сактап калуу экендигин акын публицистикалык маанайда жеткиликтүү, таасирдүү берүүгө умтулат.

Ушул өңдүү **"Мен көргөндөр"** аттуу чакан чыгармасында өз башынан өткөргөн, көргөн мезгилдерин баяндай баштайт. Акын мезгилди гана сүрөттөп отурбастан ага калтырган өзүнүн изин да баалоого аракеттенет.

Көп муңгүрөп, аз күлдүм,
Ушул өткөн чагымда.
Көкөлөбөй пас жүрдүм,
Тогумда да, ачымда.
Теңтуш күттүм, дос күттүм.
Теңим кылып жаш, карын.
Деле ойго албадым,
Тепсеп өтүп жатканын (3,256).

Акын бул жашоодогу күнүмдүк бийлик, байлык үчүн кор болгусу келбей, барына топук кылып жашоого үндөйт. Акындын бул поэмаларында адамдарга куру акыл-наасат айтпастан, өзүнүн жаркыраган лирикалык “мениним” мисалында окурмандарды ойго салып, түйшөлтүүгө жарамдуу коомдук маселелерди козгойт.

Акындын назик, топуктуу жүрөгүн ооруткан, өмүр бою ойлонткон бир гана нерсе - бүгүнкү катаал заман жана элинин эртеңи. Заманды курутуп, бузуп аткандар мансап, байлык үчүн дос-тууганынын, үй-бүлөсүн сатып жиберүүгө, жада калса, коомду, элди тоноого даяр турган адамдар экенин сүрөттөйт. Дагы да коркунучтуусу азыркы турмушта каймактап чыга келген аракечтик, алдамчылык, алып сатарлык, уурулук, ач көздүк сыяктуу терс көрүнүштөрдүн күндөн-күнгө көбөйүп, жакаңды карматкан түрлөрү пайда болуп жатканын ар тараптан поэзия ыргагына салат.

Кайра куруу тушунда,
Кайра шайлоо башталды.
Эл укугун алышып,
Эркин добуш такталды.

Мактагандар көбөйдү,

Өзүн ташка койгулап.

Депутатка жулунуп,

Бир жагынан чойгулап (3,259),-

деп “коомдук оорунун” башаты, чырдын чордону депутаттык шайлоодо жатканынын, мындай жат көрүнүштөр кайра куруу мезгилинен башталгандыгын жазып, эми эгемен мезгилде ал адат күч алгандыгын айтат. Депутаттардын алдамчы, абийрсиз жүзүн ашкерелеп, кер какшыкка алат.

“Үй берем» деп бири айтат,

«Уй берем» деп бири айтат,

«Көл жасайм» деп бири айтат,

«Сый берем» деп бири айтат.

“Андай-мындай кылам» дейт,

«Айтканыма турам» дейт,

«Сары-Жазды апкелип,

Ысык-Көлгө куям» дейт.

Шайлоочулар астында,

Шаа жетпеген кеп салат.

“Санааңарга түшпөгөн,

Шаар тургузам” деп салат (3, 260).

Акын жалгыз ооз сөз үчүн жарым күн сүйлөшүп, колунан келчү да, келбечү да убадага тойгузган депутатарды мазактайт. Иш азайып, сөз көбөйгөн, элдин көбү жумушсуз калып, завод, фабрика, шахталар жабыла баштаган заманда уялбай эч аткарылбас убадалары менен элдин курсагын тойгузган атка минерлерге наалат айтып, кейишке түшөт. Мында “сенек заман” деген сөз каймана маанисинде айтылып, ары жагында болбой эле “социализм” жалпы эл үчүн жакшы болгонун жашырбайт. Бирок, ал мезгилдин саясатында да көп кемчиликтер болгонун, “жылаңач ач жүрсөк да, “”жыргал” дедик, жок нерсени

“бар” деп, “ач курсакты ток” деп, жалгыз Сталинге сыйынган заман да өткөнүн, мунун баарына жалгыз Сталин эмес, күн-түн дебей ушак менен жүргөн баканооздор, өзүбүз күнөөлүү экенибизди жашырбайт. Ушундай адамдардын артынан далай эл азаматтардын тагдырына балта чабылганын, “эл душманы” аталып, ак жеринен атылып кеткенин жазат. Ушундай кайгыны өз башынан өткөргөнүн мындайча сүрөттөйт:

Өзүм туулуп көз көргөн,
Ата конуш жериме.
Басаар жолум түгөнүп,
Батпай калыш эмне?

Кайда барам эми деп,
Карайлаган жол тарып.
Камап коёр бекен деп,
Караан көрсөм калтырап.

Агып жаткан шаркырап,
Суудан кере канбаган.
Эсил жанды жыргатып,
Эркин баса албаган. (3,260)

Андай күндөрү жанынан айланчыкпай жүргөн досторун да жок болуп, Биримкул, Аалы сыяктуу актыгынан шек санабаган кишилер гана жанында калып, “көңүлү чөгүп турганда, көзүнүн карасы” болгонун, бирок ал мезгил өтүп, “коммунизм курабыз, мына жетип келди” деген Хрущевдик, Брежневдик заман да өткөнүн баяндайт. Акын өзү көргөн замандардын жакшы, жаман жагын айтып келип, эми жастым баспай оңолсок экен деген тилегин билдирет. Н.Байтемировдун аталган чыгармалары жеңил окулуп, элестүүлүгү, ойлордун тактыгы жана түшүнүктүүлүгү менен эсте калат.

*****

Тематикалык көп түстүүлүк - аталган мезгилдеги поэмаларга мүнөздүү көрүнүш. Акын өз көңүлүнө, жүрөгүнө уялаган турмуш көрүнүштөрүн, чиеленишкен адам тагдырларын ачып берүүгө, аларга өзүнүн автордук позициясын сиңирүүгө умтула тургандыгы түшүнүктүү. Бирок мындай аракеттердин майнабы канчалык? Мындай олуттуу суроого айрым поэмалардын, болгондо да кээде бири-бирин тематикалык жактан улап, бирок жекече идеялык-көркөмдүк нарк көтөргөн, башка учурда ар башка темаларда жазылса да, кандайдыр бир жакындыктары, үндөштүгү бар чыгармалардын да мисалында да жооп издөө керек.

Маселен, жазуу стили, автордук көз караш жана сүрөттөлгөн адам турмушу, коомдук көрүнүштөрдүн өзгөчөлүгү ачык көрүнүп турса да, улгайганда мыкты поэтикалык чыгармаларды жараткан **Э.Ибраевдин** айрым поэмалары Н.Байтемировдун поэтикалык ой-толгоолорун кайсы бир өңүттө улантып, алардын кайсы бир жактарын толуктап турганы менен өз бет алдынча чыгармачылык изденүүлөрдүн натыйжасы экендиги анык. Э.Ибраев 20-кылымдын соңунда жөнөкөйлүгү менен өзгөчөлөнгөн, бирок маани-маңызы таасын жана терең далай ырларды жана поэмаларды мураска калтырып кетти. Алардын бир тобу публицистикалык маанайда жазылып, акын көкүрөгүн өйүгөн коомдук маселелерди көтөрөт, ачуу чындыкты бетке айтып, окурмандын ой-сезимин козгоп, үн кошууга чакырат. Бул жагынан анын **“Ойлон кыргыз”** аттуу поэмасы публицистикалык жигер-деми боюнча үлгү болорлук даражада жазылып, окурмандын жан дүйнөсүнө бүлүк салгандай деңгээлге жеткен десек аша чаппайбыз. Э.Ибраев да өз доорунун реалист акыны, патриот уулу катары турмуш чындыгын чагылдырып гана тим болбостон, ага сын көз менен кароого жетишет.

«Поэмада азыркы кыргыз урпагынын социалдык-нравалык, идеологиялык татаал маселелерге олуттуу көңүл буруусун түздөн-түз талап кылган гуманисттик идеялар арбын. Автор акыркы он жылдык оош-кыйыш турмушубуздан орун алган ар кыл жат көрүнүштөрдү акыйкат сынга алуу менен, алардан позитивдүү тыянак чыгаруу зарылдыгын көрсөтөт» (4,396),-деп адабиятчы Э.Акунов жазгандай акын азыркы күндөгү кыргыздарда кичине болсо

да унутулуп бараткан трайбализм, б.а., урук-тууганга, жердешчиликке бөлүнүп алып топ уюштуруу, өзгөчө жаштарыбыз өткөндүн жакшы салттарын үйрөнбөй, рухий жактан ачка жаштардын көбөйүшү сыяктуу турмуштагы терс көрүнүштөрдү көркөм, таасирдүү кылып берүүгө жетишкен.

Адебиңди сакта, кыргыз,
Абийириңди сатпа, кыргыз
Жаштарынан ыйман кетип,
Жандүйнөсү ачка кыргыз,
Жаман жолго баспа, кыргыз!
Билерманы бээ де десе,
Беркилери төө деп турган,
Күлтүңдөгөн залимдери
Момундарын жөөлөп турган
Кара жемсөө жегичтери
Казынадан өөнөп турган,
Аксымдары четтен чыгып,
Акыйкатты көөлөп турган.
Алы кеткен акыйкаты,
Алда кандай күн болот деп,
Арык уйдай мөөрөп турган,
Курган кыргыз!
Курган кыргыз!(5,359-360).

Ошентип, Э.Ибраев поэмасынын кийинки куплеттеринде кыргызды биримдикке чакыруу менен коомдо болуп жаткан ар түрдүү көрүнүштөрдү реалдуу чагылдырууга алса, кыргыз эл акыны **С.Жусуев «Ачык сөз»** аттуу публицистикалык поэмасында, темасы эле айтып тургандай, адам баласына ачык

кайрылат. Акын жаратылыштагы болуп жаткан кыйроолорго, алар барып-келип эле адамзаттын өмүрүнө балта чабаарына жаны кейип, табигатты көздүн карегиндей сакташыбыз зарыл экендигин, ошондой эле суу, жер, аба проблемаларынан келип чыккан ой-толгоолорун ортого салат:

Кенебестик касиети тийгенден
Соолду Арал деңизи.
Табиятты ыйык көрүп,
Токтой элек Ысык-Көлдүн
Тайыздашы, деңгээлинин кетиши.
Менин ишим, сенин ишиң –
Табиятты бапестеш -
Эл иши! (6,48).

деген чакырык менен поэманы аяктаса, **А.Өмүрканов “Заман ой”** публицистикалык поэмасында кыргыз эли эркиндик алган күндөн, тактап айтканда, Акаев хан болгондон Бакиев качып кеткен учурга чейинки мезгилдеги бийлик өкүлдөрүнүн (өзгөчө А.Акаев менен Б.Бакиевдин) элге жасаган кыянат иштерин ачык айтат. Чыгарманын башында баягы уруу-урууга, колот-колотко бөлүнүп, канжар, бычак сайышкан, кылчылдашып кылыч менен чабышкан мезгил өтүп, баары бүтүп эми эркиндик колго тийгенде “кыйшаңдап кытай куурчактай, Акаев калды башкарып” деп, анын жүргүзгөн жараксыз реформалары элдин эсин оодарып, жашоо кыйындап, жалгыз өзүнүн гана “мафиясы” жыргаганын таасын сүрөттөйт да, ал алып келген замандын кебетесин мындайча элестүү берет:

Эзели буюм сатпаган,
Эл сатты койун, уй, атын.
Анан жылга жеткирбей
Сатты арын, уйатын.
Батпай кетти көчөгө
Бака баштуу ургандар,
Эмчегиңде энеңдин
Акча бар десе ойлонбой
Кесип кете тургандар.

Ырахаты дүйнөнүн
Алтында деп сезчүлөр,
Атаңдын көзү алтындан
Десе олуп кетчүлөр.
Коога менен таң атып
Санаа менен кеч кирди (7,240 ).

Анан эмне болду? Бардык жагынан кыйналган эл жалган күлүп жылмайган Акаевди кетирип, чоң үмүт менен К.Бакиевди бийликке алып келгени айтылып, ал андан бетер демократияны талкалап, жер-жерлерге бир туугандары "президент" болуп, элдин жон терисин жукартканы ачык сүрөттөлөт. Акын Бакиевдин заманын мындайча чагылдырат:

Чөмүчтөп шорпо ичирип,
Сабы менен көздү олгон.
Акаевден миң эсе
Бакиев, арамза чыкты гүл ойрон.
Көбөйүп кетти шаарда
Атылган менен жоголгон.
Мезгилдин мерез акмагы
Өз ишин, мыктыларын кыргыздын
Атуу менен баштады.
Сары изине чөп салып
Аңдып жүрүп айды атты,
Жылып жүрүп жылды атты (7,250).

Адамды адам дебеген, кыргызды шорун кайнаткан Бакиевдин да жанталаша чогулткан байлыгы бат жоголуп, кандуу бийлиги да көпкө турбай эл тарабынан, "ок тийгенден корккон", "от күйгөндөн корккон" немени ажалга тике караган эрлерибиз кууп кетиргени курч, таамай, ачык сүрөттөлөт. Акын өткөнгө наалат айтып шордуу элдин эртенкисине кайгы жеп, эми келген убактылуу өкмөт жакшы иштесе экен деген оюн айтат да, поэманын негизги идеясын төмөндөгүдөй мыкты, мааниси терең саптар менен берет:

Өрт басылса күл калат,
Сел чайкаса кум калат.

Өктөөсү күч өмүрдө
Өлбөй тирүү ким калат?
Аккандардан Суу калат,
Көтөргөндөн Туу калат.
Жашоо берип өмүргө
Жарык тийген Күн калат.
Элим деп өлгөн эрлерден
Эзели өчпөс Нур калат (7,259).

Адам жашоого убактылуу келет. Демек, байлыгың да, бийлигиң да убактылуу экени өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Акын дал ушул убактылуу нерсе үчүн элинин келечегине балта чапкан эки президентти мисалга алуу менен сабак болчу саптарга бай мазмун киргизип, улуттун келечегине кабатырланат да, эртеңки муунга үлгү болорлук иш кылууга үндөйт.

Белгилей кетчү нерсе – Н.Байтемиров, Э.Ибраев, С.Жусуев, А.Өмүрканов жана алардан кийинки муундагы акындардын тынчын алган маселелер тамырлаш, өзөктөш, бири-бирине бекем байланышкан көрүнүштөр болуп эсептелет. Адам жана коом, коомдогу социалдык-саясий, маданий-рухий процесстердин, адамдын табиятка болгон мамилесинин адеп-ыймандуулукка тийгизген оң-терс таасири түйүндөшө келип кандай натыйжаларды берди жана дагы кандай болушу ыктымал деген ой-түйшүгү алардын дээрлик бардыгын аралап өтөт. Мына ушулардын алкагында “адамдын адамдыгы” деген түбөлүктүү проблема алардын борборуна коюлуп калат. **С.Эралиевдин “Кесиринсан”** поэмасы (1991) кылым аягындагы кыргыз поэзиясында салмактуу орду бар чыгармалардын катарына кирет. Илимий-техникалык прогресс чексиз энергиянын очогу болгон атомдук (ядролук) “жинди” эркиндикке чыгаргандан кийин жер шарынын, адамзаттын келечек тагдыры ага байланып калганы тез эле түшүнүктүү болуп калды. Эми ошол энергияны адамзат акыл-эстүүлүк менен пайдалана алабы, же баягы эле көрпенделик кызыкчылыктар алдыга коюлуп, адамзат анын азабын тартабы деген маселе күн тартибине коюлган. С.Эралиевдин поэмасында таяныч катары мына ушул көмүскө ой-санаа жатканы менен акын аны коом-адам турмушуна ажырагыс биримдикте карап, глобалдуу масштабга жеткирет. Себеби адам менен табият

эгиз, алар бирисиз экинчиси жашай албайт. Жер тагдырына өзүн анын падышасы сезген адам жоопкер. Табиятта күнөө жок. Аны оңдой турган да, буза турган да адам. Демек кылган бардык иши үчүн адам жоопкер болушу керек. Поэмада маселе ушундай кырынан коюлбаган менен, мындай сарсанаа анын тулкусуна сиңирилген. 1986-жылы 26-апрелинде Украинанын Чернобыль шаарындагы атомдук электростанцияда авария болуп, болуп көрбөгөндөй радиациялык коркунуч жаралган эле. Натыйжада АЭС бетон менен көмүлүп, иштен биротоло чыккан. Миңдеген адамдар радиацияга кабылып, оорукчан-майып болуп калышкан. Бул кырсык атомдук энергиянын, болгондо да анын тынчтык максатта колдонулган түрүнүн тиешелүү шарттар сакталбаса, канчалык коркунучтуу экени адамзаттын көзүн ачкандай болду. С.Эралиев мына ушул мүшкүлдүү окуяны “Кесиринсан” поэмасына негиз кылып алат да, адам коому канчалык борпоң экени, аны туш тараптан курчаган, ошол адам өзү жасаган коркунучтар канчалык арбыганы, ач көздүк менен эгоизм ооздукталбаса, жаратылышка болгон текебер мамиле кейиштүү, трагедиялуу натыйжаларга алып келери жөнүндө ой жүгүртөт. Акындын ой чабыты кенен, масштабдуу жана терең, ал ой-чабыт С.Эралиевге башынан мүнөздүү чебер поэтикалык формага салынып, окурмандын да жан-дүйнөсүнөн орун алат. Акын утурумдук, жергиликтүү проблемалардын чегинен чыгып, жер шарына адамзаттын бирден-бир түбөлүктүү Энесиндей мамиле жасап, аны сакташыбыз керек, ал үчүн Адам ыйман-ысабын бийик кармаш керек деген ойду жар салат. “Кесирлүү инсандын” (адамзаттын) келечеги бүдөмүк. Поэманын пафосу мына ушуга барып такалат.

Чернобыль кырсыгын сүрөттөө менен акын өлүм, өмүр, Мекен, адам, жер, суу, аба жөнүндөгү проблемаларды философиялык мүнөздө сүрөттөп берди. Аны бүгүнкү күндөгү глобалдуу проблемалардын бири болгон экология, адам, өмүр маселеси, адамдын аң-сезими, кайдыгерлик, элибиздин жашоо турмушундагы бүгүнкү күндөгү болуп жаткан трагедиялар тынчсыздандырганын ачык байкоого болот.

Биз түшүндүк эмне менен бүтөөрүн,
Табиятка адам эрки табылса.
Ээлери чын дүйнө бетин бүт өлүм,
Эгер кылым акыл-эстен жаңылса...

«Эгер кылым акыл-эстен жаңылса…» – деген (8,239) учкул саптарда поэмада берилген көркөм ойдун ток этер жери уюп жатат.

Азыркы адамдарда: «Кайдыгерлик»,
«Түркөйлүк» деген эски оору калган.
Чернобыль дагы эскертти: “Жашайм десең,
Адам сен ылдамыраак арыл андан!” (8,242)

Ооба, Чернобыль кырсыгы эмнеден келип чыкты? Кайдыгерликтен. Эмне иш болбосун, кайдыгерлик акыры алып барып сени азапка салаарын акын катуу эскертет.

Мында тек төгүлбөйт кан, атылбайт ок,
Бетме-бет келип турган душманы жок.
Сен аны жерден күтсөң, үйгө кирет.
Ал – өлүм сиңип алган соккон желге,
Ал чөптө, сууда, ташта –
Бардык жерде (8,242).

АЭС, ГЭС сыяктуу адамга коркунуч алып келген, жөн эле коркунуч эмес, дүйнө жүзүн кыйратуучу нерселерди ала келген “пайдалуу” объектилерге жоопкерчилик менен кароо зарыл экендигин акын улам эскертип, адамзаттын эсине салып жүрүп отурат.

Чернобыль АЭСи сыяктуу «жасалма» кырсыктар жеке эле адам баласына гана эмес, айлана-чөйрөгө, жаратылышка чоң зыян алып келээрин, ошондуктан ар бир адам баласы Жер шарын өз үйүндөй карап, ага чексиз мээрим менен, жоопкерчилик менен мамиле жасашы зарыл экенин акын образдуу поэтикалык тил менен көркөм сүрөттөөгө алат. Поэмада башынан аягына чейин системалуу өнүккөн сюжет жок. Бирок такыр сюжет жок деп айтуу мүмкүн эмес. Акын өз идеясын эпизоддук каармандар, лирикалык ой толгоолор аркылуу эпикалык масштабдуу ой жүгүртүүнүн эпизоддук элементтери менен ширелиштире берет. Ал поэмасын бир нече бөлүмдөргө ажыратып, Михайлов аттуу катуу радиация алган жигиттин врачтар менен болгон маектешүүсү аркылуу эне менен баланын ыйык сезимин, өмүр, сүйүү маселелерин, картаң кемпирдин өз тууган жеринен кетпей жатышы менен тууган жердин ыйыктыгы жөнүндөгү философиялык ойлорун жогорку деңгээлде, көркөм сүрөттөөгө жетишкен:

Дүйнө неге мынча таш боор курулган,
Кээде ыйлайсың тагдырыңа өпкөң көөп.
Тамырларым, тууган жерден суурулган,
Тынбай сыздап ооруп жаным жеп келет.
Азыр мезгил атом менен жан алек,
Бул бир бүтпөс азап болду дүйнөлүк.
А биз эмне? Жай бир жаткан эл элек,
Эгин эгип, соко менен дан көрүп (8,256).

Мындай кырсык биринчи кезекте карапайым элге түшкөн мүшкүл экени, адам кесирликке жол берсе, өзүнө гана зыян алып келээрин эскертет. Эмнеси болсо да, С.Эралиевдин бул поэмасы акыркы жылдары жазылган поэмаларынын ичинен эң эле алымдуусу катары, дагы да "инсан кесири" проблемасын кыргыз поэзиясында биринчилерден болуп поэтикалык бийик талаптардын деңгээлинде колго алгандыгы менен эсте калат.

*****

Көркөм адабиятта лирикалык, эпикалык, лиро-эпикалык поэмадан сырткары драмалык поэма деген өзүнчө жанр бар экендиги белгилүү.

«Драматическая поэма-это большое лиро-эпическое произведение, предназначенное для воплощения на сцене драматического театра. Этот жанр, подобно драматической хронике, находится на границе между двумя родами-драматическим и лиро-эпическим» (9,24-25), - деп А. Богданова жазгандай, драмалык поэманын көркөмдүк күчү андагы драматизм жана анын поэтикалуулугу менен ченелиши керек. Мында сюжет драмага мүнөздүү болгон курч конфликтиге негизделип, аны менен бирге лиризм басымдуулук кылып, поэзияга тиешелүү болгон көркөм поэтикалык сөздүн күчү кеңири колдонулат. Мындай өзгөчөлүктөр туралуу Ч.Юсуповдун пикири да орундуу: «Значит, и поэма, и драма? Противоречиво. Да. И все же живой, художественный материал не всегда укладывается в жесткие нормативные категории. Можно оспаривать названия термины, можно говорить и спорить о степени и месте поэмного или

драматургического в каждом отдельном случае, но несомненным остается бытование в современной поэзии, произведений, опирающихся на традиции трех родов литературы: эпоса, лирики и драмы» (10,357). Чынында драмалык-поэманы азыр бир аныктамага салып кароо мүмкүн эмес. Анын үстүнө кыргыз адабият тарыхында бул жанрда жазылган чыгармалар сейрек кездешип, А.Рыскуловдун «Кийиз коңгуроо» (1994) жана А.Жакшылыковдун «Достук огу» (1996) аттуу драмалык поэмалары, "Көкөй кести" аттуу ыр менен жазылган драмасы сыяктуу бирин-серин чыгармаларды ага мисал катары тарта алабыз.

Ошентип, кыргыз поэзиясында үлгүлөрү саналуу драмалык поэмалар эмнеси менен өзгөчөлөнөт, акындар өз максат- мүдөөсүн салттуу эле поэма, же драма аркылуу жүзөгө ашырбай, эмне үчүн адабий эки-үч тектин ашташкан жеринен келип чыккан жанрды тандап алышат деген суроого келели. Бул бекеринен, жөндөн жөн жасалбайт да. Кайсы жанрды тандап алат – ал автордун жеке иши, бул жагынан ага эч ким көрсөтмө бере албасы бышык.

**А.Рыскулов** дагы өз тандап алган темасын, берейин деген идеясын драмалык поэма формасында ишке ашырууну чечкен. Чыгармада кыргыз элинин тарыхый кыйчалыш мезгили сүрөттөлгөнү анын мындай жанрда жазылышын талап кылган сыяктанат. Акындын **«Кийиз коңгуроо»** драмалык поэмасы - кыргыз элчилигинин Россияга алгачкы ирет барганына 200 жылдыгына карата жазылып, ошол мезгилдеги тарыхый окуялар сүрөттөлөт. Негизинен бул поэма кыйла чыйрак, жугумдуу жазылган. Поэмадагы сюжет Кыргызстандын, Россиянын ар кай жерлерин, ар кандай коомдук шарттарды камтыса да композициялык жактан ыраттуу жана тыкан уюштурулган. Улам бир окуянын аякталышы менен «Доор добушу» деген автордук чегинүү орун алып, ал чыгарманын негизги нугун аныктап, окуянын кайсы жерде, кандай шартта жүрүп жаткандыгы жөнүндө кабардар кылып, окурмандын оюнун кайсы тарапка бурулушуна багыт берип турат. Бул тууралуу адабиятчы Р.Сыдыкова: «Поэма эгер драмалаштырылбай жазылса, тыкан, дурус болуп чыкмак экен. Ушу турушунда деле поэма бир дем менен чыккан, эргүү менен жазылган чыгарма» (11,138),- дей келип, анда тарыхый-драмалык жанрга караганда тарых жөнүндө лиро-эпикалык ой толгоолор, автордун субъективдүү көз карашы, масштабдуу ой жүгүртүүсү басымдуулук кылат деген пикирин кошумчалайт.

Негизи, бул чыгармада тарыхты так берүү аракети күчтүү. Ага кайрылсак, Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы саясий байланыштын келип чыгышы тарыхый шартталган мүнөзгө ээ, б.а., кыргыз элинин турмуштук талаптарынан келип чыккан көрүнүш. Мына ушул саясий байланыштын демилгечиси болуп, Санк-Петербургга тунгуч өкүлчүлүктү сарыбагыш уруусунун башчысы Тынай бийдин Атакеси жибергендиги, элчиликке барган өкүлдөр Абдрахман Кучаков менен Шергазы казак талааларын, Омбу шаарын басып өтүп, 1785- жылдын 29-декабрында Россиянын борборуна келип, 1786-жылдын аягында алар Екатерина IIнин атайын кабыл алуусунда болуп, Атаке баатырдын каттын, белек-бечкегин колуна тапшыргандыгы белгилүү.

«Кийиз коңгуроо» драмалык поэмасында мына ушул тарыхый окуялар орун алган. Анда элчилердин кайра кайрылып келиши жөнүндөгү окуялар сүрөттөлбөйт. Чыгарма казактын ханы Абылайдын доосун доолаган Сауруктун Атаке менен болгон диалогунан башталат. Бул драмалык поэмада Саурук терс каармандардын бири катары сүрөттөлүп, оң жана башкы каарман катары Абдракман Күчүк уулу берилет. Саурук менен Атаке сүйлөшүп жатканда думана кейпин кийген Абдракман келет. Атаке баатыр думананы таанып, аны чоң урмат-сый менен тосуп алат. Саурук бул думананы көрүп, шылдың менен карайт. Мына ушул жерден Абдыракман көп жерде болуп келгенин, орустар тууралуу өз оюн айтып, алар кыргыздарды туш тараптан кысып келе жатканы жөнүндө кабардар кылат.

Абдыракман, Атаке, Шергазынын диалогдорунан эле кытайлар менен кыргыздардын ортосунда уруш болуп жаткандыгы, Саурук чыккынчы чыгып, Атаке баатырды казактарга каршы үндөшү, ошол саткындыгы үчүн Сауруктун Атакенин кызы Кенженин колунан өлүшү баяндалат. Андан ары Атаке улуу орус падышалыгына кайрылып, кат жазгандыгы кабарланат. Мына ошентип Абдыракман менен Шергазы Санкт-Петербургга кыргыздардын атынан элчиликке барат. Жогоркулардан тышкары поэма казак Букай султан, Омбудагы генерал Огарев, капитан Андреев, поручик Сипайлов менен болгон окуяларды да өз ичине камтыйт. Чыгармада Екатерина IIнин эң жакын сановниги, князь А.А.Вяземскийдин кыргыз элчилерин тосуп алышы жана коңгуроо тапшыруусу жыйынтыктуу сүрөттөлөт.

Поэманын аты да символикалуу. Коңгуроону боз үйгө тагып койсо, анын үнү жагымдуу чыгат. Мунун өзү орустар менен кыргыздардын ортосундагы пикирлердин төп келишкенинен кабар берет. А.Рыскулов бул чыгармасында Сипайлов сыяктуу каармандарга басым жасап, аз да болсо бул каармандарды көркөм образга айландырып, тарыхый чындыкты да көркөм чындыкты да шайкеш берүүгө аракеттенген. Ал эми калган каармандар кирди-чыкты эпизоддук кейипкерлер катары берилет. «Кийиз коңгуроодо» драмалык мотив күчтүү чыккан.

**А.Жакшылыковдун «Достун огу»** аттуу драмалык поэмасынын көлөмү өтө эле чакан. Чыгарма төрт көрүнүш жана соңку окуядан турат. Мындагы сүрөттөөлөр падыша менен баш вазирдин, падыша менен акылмандын, падыша менен хандын досунун ортосунда диалогдор аркылуу ишке ашат.

Бул драмалык поэмада чиеленишкен жана системалуу өнүккөн окуялар деле жок. Болгону зулум падыша тынч жаткан кичине журтту басып алат. Ошондо да жеңилип, ага багынып берүүнү каалабаган ошол элдин ханы кашык каны калгыча салгылашып, акырында өз досунун сатып жибериши сыяктуу конфликтер сүрөттөлөт.

Биринчи көшөгөдө падыша өзүнчө кыжаалат болуп:

Эрктүүлөрү колго кишен салынды,
Эли небак кол куушуруп багынды.
Бийлик, билги толук өттү өзүмө,
оодаруучу күч жок, билем, тагымды, -
ага болбой кетирди го шайымды!
Жанды мээлеп, өлүм огун аткандай,
кайра-кайра басылбаган чуу баштап,
туруп алды бийлигимден жазганбай!
Бу көчмөндөр эркиндигин бербеген,
жеңсем дагы тагдырымды мелжеген
каршылыкты кандай кылып жайласам,
Качан болсо намысыма от коюп,
чабуул жасап, тоого сиңип жок болуп,
миң кырылып, кайра жаңы топтолуп,
өрттөй каптап, жай таптырбай жанымды,
кыйнатты го, карабаскыр, канымды!

Мындай жоодон сак болбосом утулам,
**душманымдан кандай кылсам кутулам! (**12,180),-

деп падыша эми бул көчмөн элдин аз да болсо баш ийбей күрөшкөнүнө, эли үчүн берилген ханына тан берип, буларды жалгыз гана амал менен жеңүүгө болот деген чечимге келет. Эми кандай амал табуу керек деген суроо менен падыша акылмандарды чакыртып, кеңеш салат. Ар кими ар кандай ойлорун, кеңештерин берет. Ошондо бир акылман:

Сөөк кайрылат, дос айрылат!
Жем таштасаң, өз пайдасы козголот,
Сатып ийет ыгы келсе жаман дос,
Эзелтеден өз жакыны от коёт,
Анан күйүп, чок болот! (12,180).-

деген кеңешин берет. Падыша ушул акылды жактырып, хандын жакын досун таптырып, аны бал тилге салып, катын-баласын алдырып, кичине элдин ажосун колго түшүрүп бердирүүгө көндүрөт. Бул драмалык поэмадагы запкы көргөн эл-кыргыздар экенин баамдасак болот.

Оо, жарыктык,
Он сегиз миң ааламда,
Мага теңдеш күч кайда?
Аз эл, кор эл көптүгүмө сиңбейби,
Акыры өз амириме кирбейби?

Акыры «Өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн чыккан өрт жаман» дегендей, өзүнүн досунун огунан, б.а., досу саткын чыгып, ок менен атпаса да, октон да жаман тийип, хан элинин эркиндигин тилеп каза болот. Бул драмалык поэмада хандын монологу таасирдүү чыккан, чыгарма өтө тыкандык менен иштелип, ар бир сөз өз ордун таап, ийкемдүү келип, окуганда шыр кетет. Акын ушул кичинекей поэмага олутту ой, терең мазмун батырууга үлгүрөт, элдин трагедиялуу тагдырын, аны менен бирге, бир топ каармандардын жан-дүйнөсүн ачып берүүгө аракет кылат. Ушул себептерден улам анын «Достун огу» чыгармасын драмалык-поэма жанрында ийгиликтүү иштелген чыгармалардын катарына кошсок, **“Көкөй кести”** ыр менен жазылган драмасында 90-жылдарда

акындардын бүйрүн кызыткан Ата журттун ынтымагы, эртеңки келечеги жөнүндөгү ойду чагылдырууну максат кылган. Анткени, совет мамлекети жаңыдан тарап, эркиндик колуна тийген элибиз кайра уруу-уруга, колот-колотко бөлүнүп, бир жагынан чет өлкөдөн "жыт алчуулар" чубап келип турган мезгилде улуттун эртеңин ойлогон эр-азаматтар үчүн көкөй кескен маселе улутту улут бойдон сактап калуу эле. Акын дал ушул проблеманы: урууларды, элди биримдикке чакырган эл өкүлү, атактуу саяпкер Санчы-сынчынын, өз жанынан башканы ойлобогон караөзгөй, өз баласына да жакшылык кылбаган Жаныбек хандын, Ормон, Боромбай, Жанкарач сыяктуу кылымдагы айтылуу хандар, бектердин образдары менен ачууну көздөгөн. Чыгармада мамлекеттин биримдигин, улуттун ынтымагын сактоо кайсы мезгил болсо да маанилүү деген уютку идея бар. Поэмада акын байлык, сүйүү, достук, бала, адам жаны сыяктуу адамзат пендесин кызыктырган суроолордун тегерегинде да ой калчайт.

А.Рыскулов менен А.Жакшылыковдун кыскача сөз болгон эки поэмасын аныгында эле "драмалык" деген жанрдын алкагында кароого болот. Сюжеттин көз-көрүнө динамикалуулугу, каармандардын элестүү кыймыл-аракетинин, ага жараша диалог, монологдордун арбындыгы, башкача айтканда, театр сценасындагыдай көрүнүштөрдүн алмашып туруусу мындай тыянакка негиз болот. Эки акын тең чеберчилик жактан кыйла жетилген авторлор катары сүрөттөлүп жаткан турмуш шарттарын жана ага ылайык келген адам мүнөздөрүн мыкты иликтешкени баамга урунбай койбойт. Лирикалык чегинүүлөр да чыгарманын мазмунуна шайкеш келип, аны менен бир бүтүндүктү түзөт. Мунун баары, албетте, изденүүнүн натыйжасы. Трагикалык доош сезилген драмалуу пафос да аталган поэмаларда өзүнчө колорит тартуулап, аларды көп сандаган поэмалардан кайсы бир деңгээлде ажыратып да, көп жагынан жакындатып да турат.

Жогорудагы поэмалардан айырмаланып, С.Акматбекова менен Ж.Садыковдун поэмалары башкачараак көркөм-эстетикалык жүк көтөрөт да, илгери-кийин болгону менен турмуштун дамамат көркөм адабиятта айтыла келген жактарына арналат. Бирок калеми эчак такшалган, бул таланттуу акындардын ар нерсеге жекече көз карашы, өздүк мамилеси, ошого жараша индивидуалдуу стиль-почерктери бар. Бирөөлөрдү туурап, кайталоо алардын

оюна да келбейт. Эки чыгарма тең тематикалык жактан жакындыгы болсо да, сүрөттөө ыкмалары, автордук позиция, чеберчилик жана стиль аларды асыресе ажыратып, өзүнчөлүгүн айкындап турат.

Кыргыз поэзиясында кыйла жыш иштелген темалардын бири - согуш. Бул тема согуш бүткөнүнө канчалаган жылдар өтсө да ар кандай акындар тарабынан кайрадан иштелип бүтпөй келет. Анткени, согуш адам тагдырларына кетпес так салганы белгилүү. Мисалы, **С.Акматбекова «Бадачы жана бак жөнүндө поэма»** аттуу чыгармасында согуштун адамдарга салган мүшкүлүн реалисттик мүнөздө, терең психологизмдин ачылышы менен берет. «С.Акматбекованын «Бадачы жана бак жөнүндө поэма» аттуу поэмасы кыска жана сыйымдуу келип, орус классикалык поэмаларынын тибин элестетип турат» (11,139) – дейт Р.Сыдыкова. Бул ойдун чындыгы бар. Поэманын көлөмү анча чоң болбосо да, лирикалык каармандын бала чагын, согуш мезгилин жана анын жүрөккө салып кеткен өчпөс тагын образдуу сүрөттөп берет.

Өзгөчө согуштун залалы кыздын атасынын көп сүйлөбөс, оор мүнөзү аркылуу түшүндүрүлөт. Акын бадачы тууралуу кичинекей окуяны эскерүү менен согуштун канчалаган адам баласынын жашоосуна бүлүк салгандыгын таасын сүрөттөйт. Бадачынын бир боору согушта өлөт, ошондуктан бадачы түнт болуп, тагдырына таарынгандай. Бирок сыртынан түнт көрүнгөнү менен ал – табиятты сүйгөн, бардык нерсени жан-дүйнөсү менен кабыл алган назик адам. Турмушта бадачынын башынан көп кайгы өттү. Согушта бир тууганынан ажырагандан кийин кызамыктан кызы менен уулу өлдү, көп өтпөй аялынан да ажырады. Поэмада бак – символикалуу образ. Бир кезде бир тууганы тиккен бакты бадачы кыш бою отун кылып жагат. Бирок ал бактын тамыры калып кайра өсүп мөмө бере баштайт. Бадачы адамдарга караганда табият менен көбүрөөк сүйлөшүп, баарлашат. Анткени, адамдарга караганда табият аны аяп, кышкысын отун болсо, кайра өсүп, жемишин берип отурбайбы. Ал эми аны жашоосунда жалгыз кызы гана жакшы көрүп, күтөөрүн билет. Бакты кыйсаң кайра жемишин берген сыяктуу, өзүң өлсөң, балаң тукум улаарын, дегеле үй-бүлөдөгү ата менен баланын мамилеси, бирин-бири сыйлоо керектиги, адамдар табиятты сүйө билүүнүн зарылдыгы экендиги сыяктуу бир топ маселелерди өз ичине камтыйт.

Ж.Садыков адам дүйнөсүнүн татаалдыгын, көп курдуу таанып бүтпөс кырларын ар кандай турмуштук кырдаалдарда, аналитикалык психологиялык

ыкмада ачып берүүгө маш. Аны акындын мыкты чыккан поэмаларын санап отурбаганда да, кыргыз поэзиясында өзгөчө орунду ээлеген согуш темасында жазылган “Калча” аттуу поэмасынан даана көрүнгөн. Дал ушундай ыкма менен **Ж.Садыковдун «Жер керемети**» аттуу поэмасында адамдардын коомдогу орду, ар кандай кырдаалдардагы ички жан-дүйнөсү терең поэтикалык анализге алынат Поэма түшүнүктүү, ийкемдүү көркөм тил менен жан-дүйнөңдү бүлүндүрүп, окурманды кайдыгер калтырбайт.

Окуя Жаныштын жүрөгүнүн оорусу кармаганынан башталат да, акын аны ушул ооруга дуушар кылган, өмүрүндөгү кайгы-муңу арбын окуяларды сүрөттөөгө өтөт.

А өлбөсө,
Жолду бөгөп дагы эле
Басып жүрөт саламат.
Андайлардын бекем болот соолугу,
Андай адам болбой жүрөк оорулуу.
Дал ошондой жүрөгү жок адамдар
Кайнатат да шорунду (13,14).

Демек, Жанышты жүрөк ооруга дуушар кылгандар – жүрөгү таш, мерез адамдар. Жаныштын жүрөгүн ооруткан ар бир окуяны сүрөттөө менен акын ар кандай психологиядагы адамдардын адамдык турпатын көз алдыңа тартат. Жаныштын балалык кези согуш убагына туура келип, башына оор түйшүк түшөт. Акын эл көргөн кыйынчылыкты, азап-тозокту жөн гана тизмектебей, адамдын жан-дүйнөсүндөгү ошол согуш салган өчпөс такты ачып берүүнү максат кылат да, коом менен адамдын ажырагыс биримдигин, коомдо болуп жаткан бардык нерсе адамдын жүрөгү аркылуу өтө тургандыгын ачуу менен, дүйнөгө, жашоого болгон өзүнүн философиялык ойлорун берген. Жаныштын жүрөк оорулуу болушуна алгачкы жолу өбөлгө түзгөн окуя почточунун баласы жаңы эле үйлөнүп, атасы жетине албай жүргөндө, кара баскан согуштун чыгышына байланышат:

Айрымдардын ата-энесин мындай кой,
Жаман болду жаңы үйлөнгөн зайыбына.
Төрөй элек ата-эненин алпеши,

Татынакай бирөөлөрдүн эркеси.
Бөтөн үйдө калып жатты буркурап,
Үйлөнгөндүн эртеси (13,42).

Мына ушундай татаал тагдырга почточунун келини да туш болуп, үйлөнгөндүн эртеси күйөөсү согушка кетип, окко учуп, өзү жесир калса, почточу баласынан айрылат. Көп өтпөй абышка да өлөт. Абышка өлөөр алдында келини үйүндө жалгыздыктан жаткандан коркуп, Жанышты жанына алып жатып жүргөндө, түнкү эки мастын жеңесине жүзү каралык менен кол салган жоругу жаш өспүрүмдүн жүрөгүнө биринчи жолу так салат:

Чыдай алдбай...
Жеңесинин жанында
Каректкерден жаш чайыды аны да.
Ушул тапта экөөнүн тең жүрөгү
Түшүп турду жалынга (13,80),-

деп эшикте бүт жер жүзүн кыйратып согуш болуп, ошол согуштун айынан жапжаш жесир калган жеңесин да аябай, зордуктоону көздөгөн бул адамдарга Жаныштын эч бир акылы жетпей, бирок жүрөгүнө биринчи айыкпас мыкаачынын тагы түшкөндөй болот.

Жаныштын жүрөгүн өйүткөн дагы бир окуя болот. Мергенчинин кызы Салкын күйөөгө чыга электе кош бойлуу болуп калат. Аны эч кимге көрсөтпөй төрөп, жерге көөмп койгон жеринен ит чубап чыгат. Ошондо айылдын аялдары кызды сотко беришет. Көрсө, байкуш кыз атасынын каарынан коркуп жашыруун төрөп, жерге бергендеги маалым болот. Кыздын атасынан коркору да эп, себеби ал кара өзгөй мергенчинден кызы эле эмес, айылдагы боз балдардан баштап аксакалдар коркчу каардуу адам болот. Ошондо Жаныш байкуш кыздын аянычтуу абалына боору ооруп:

Пенделикке барды дейли пендеси,
Сакалдуулар кайда кетти элдеги?
А баарынан,
Аял туруп ушулар,
Аял затын аябаган эмнеси?
Бирөө сыйрып жаткансыды негедир

Жүрөктөгү жараны (13,17).

Немец тил сабагынан окуткан эжейинин курбуларына кылган жаман мамилеси, досу Шариптин атасы өлгөнү аз келгенсип, өгөй энесинин жаш баланы таштап качып кеткени сындуу жагымсыз окуялар да Жаныш үчүн изсиз калбайт.

Арасында анча-мынча мүнөттүн
Кара булут төккөн өңдүү бир өткүн.
Каптай калып: “этиятта” деп айткан
Эң алгачкы белгис эле жүрөктүн (13,193),-

деп, баягы жан-дилиндеги кара так чоңоюп, жаралап, жүрөк оорунун бүт денесин «дүрт» эттирип булкуп алышы почточунун үй түбүндө жалгыз калган дөбөтүнүн териси жок басып жүргөнүн көргөндө пайда болот. Көрсө, бечара итти ит атарлар келип чала өлтүрүп, терисин сыйрып баса берген тура, Байкуш жүрөк мындай шумдукка кантип чыдасын?..

Ошентип, Жаныштын өнөкөт жүрөк ооруга  чалдыгып, акыры приступ берип калышына жумушундагы дагы бир чатак иш себеп болот:

Көздөр, көздөр
Түпкүр жагы ылайлуу.
Мындай көздөр алдап кетет кудайды
Тагдыр деле ич жагына жараша
Белет белем ырайды (13,218).

Макен, Карыбай өңдүү арам ой адамдар тарабы утушка ээ болуп турганда Жаныш бул турмушта акыйкаттын жоктугуна кейисе, жүрөк оорунун себептерин өзү да сезе билсе, жанында жаткан оорулуу анысын ого бетер тереңдетет.

Поэманын аягында арам адамдардан, жашоодогу кайгыдан жүрөк оорулуу болуп, турмушка нааразы болгон Жаныш да тирүүлүктүн улуктугуна, жааган карга, өсүп турган бакка, басып бараткан адамга, койчу, бардык тирүү жанга сугун артып, бул турмуштун, өмүрдүн бардык нерседен бийик тураарын сезет. Жаныш боорукер, күрөшчүл, өжөр адамдын образы катары эсте калат. Акын көптөгөн окуяларды, адам турмушун сүрөттөөнүн жаңы ыкмасын табууга аракеттенет. Аракети текке кеткен жок десек болот. Себеби, акын Жаныштын жүрөк оорулуу болуп калышынын себебин ачуу үчүн, анын башынан өткөргөн

урунттуу окуяларды сүрөттөп, ошону менен эле турмуштагы ар түрдүү адам тагдырларын ачып, жашоо-турмуштун максат-маңызын түшүнүүгө умтулат.

Ал эми **А.Жакшылыковдун «Каниет»** аттуу лиро-эпикалык поэмасы:

Чындык үчүн жазбай кулдук  ургула.
«Сот келатат, сот келатат – тургула!»,
Эл «күр-р» этип, козголгондо, элдиреп,
Эстен танып мен отурам бир гана.
Көзүмдө жаш, бүткөн боюм чымырап,
чымырканып, өйдө болсом кыбырап,
Бир кезекте уулум турат кашымда,
шишик баскан азар тарткан арыктап» (12,190), –

деген эненин аянычтуу абалынан сүрөттөдөн башталат. Андан ары эненин монологуна жалгыз уулу өзү иштеген дүкөндү өрттөп, андагы баалуу буюмдарды алып калган деген күнөө менен соттолуп жаткандыгы маалым болот.

Поэмада чиеленишкен татаал сюжет жок. Болгону баласы соттолуп кеткенден кийинки эненин психологиялык абалы менен катар анын өмүр, өлүм, жашоо, жашоонун жакшы, жаман жактары жөнүндөгү нравалык-философиялык ой жүгүртүүлөрү берилет:

Бакытты да баалаш керек экенин,
Баштан өтүп эми гана сеземин.
Адам сокур – күнүмдүккө чарпылса,
Туйбайт тура дүйнө түгөл экенин (12,194).

Эне жаш кезинде, күйөөсүнүн эркелетип айткан сөзүнө ыйлап, өткөргөн бактылуу күндөрүн эске түшүрөт. Көп өтпөй согуш чыгып, сүйгөнүн ажал аймап, эми эне жалгыз уулу үчүн жашоого бел байлайт. Эненин эмгеги текке кетпей, уулу тың чыгып, дүнүйө жыйды, энесине эл кийбеген кийимдерди кийгизди. Бирок бул бактылуу күндөр көп узабай, баласынын темир торго түшүүсү менен аягына чыгат. Ошондогу эненин баласын куткарып калууга болгон далалаты, үйүнө жыйган-терген дүнүйөгө да тоюп, эки небересинин бетин кароодон уялып, өзүн жектеп, өзүн күнөөлүү сезген аянычтуу тагдыры таасирдүү берилет.

Эненин монологунан өкүнүч, арман, жалгыз өзү жүрөгүнүн астына батырып чоңойткон уулуна болгон сагынычы, адам өлмөйүн үмүтү өчпөгөн сыяктуу

эненин жалгыз гана үмүт менен жашап калышы тууралуу ынанымдуу баян берилет:

Бул турмушта баары болбой
шайма шай,
Жыл айланып өттү-кетти нечен ай.
Зейнеп эне көз жумганда , өз уулу
Калды дешти бир ууч топо
Сала албай (12,216),-

Деген саптар менен поэманын аягы трагедиялуу мотив менен аяктайт.

Эненин уулу - поэманын негизги өзөгүн түзгөн уютку образ. Эки-үч жерде гана кылган иши жөнүндө айтылса да, анын ким экендиги контексттен эле билинип турат. Эне монологунда өткөн жаш кезин, сүйгөнүн, энесин, өткөн окуяларды эстесе да, ал баласына кайрылып, маек куруп тургандай сезим калтырат. Поэманын эң негизги берейин деген идеясы эне менен баланын ортосундагы эч бир нерсе буза алгыс сүйүү, ар дайым адам деген сөздү бийик сактап, бардык нерсеге каниет кылып жашоо сыяктуу адеп-ахлактык маселеге барып такалат.

«Адамдын жан-дүйнөсүндөгү ачылбай жаткан терең психикалык процесстерди ачууда ички монолог эң кылдат инстурменттин ролун аткарат» (13, 12), - деп К.Асаналиев белгилегендей, монолог - адабияттын кайсы тегинде болбосун каармандардын мүнөздөрүн тереңден ачып берүүдө негизги каражат. Бул поэмада каармандын монологу эмоционалдык-экспрессивдик жактан күчтүү берилет. Эненин жан-дүйнөсүндөгү психологиялык толгонуулар да ишенимдүү, таасирдүү даражага жеткирилген. Акын муну менен жашоодо арам тамак, ак эмгек менен табылбаган дүнүйө тынч, бактылуу жашоого негиз боло албасын, ошондой эле арам дүйнө адамды кайгыга салып, ал бардык кишиге жага бербесин айткысы келгенин көрөбүз. Поэманын эң негизги идеясы эне менен баланын ортосундагы ажырагыс биримдик, эч бир кыянаттык буза алгыс сүйүү бар экенин  баса белгилеп, акын бардык адамдарды бар нерсеге каниет кылып жашоого чакырса**,** **«Өмүр»** аттуу лирикалык поэмасында, өмүр, өлүм, жашоо жөнүндөгү философиялык ой жүгүртүүлөрүн берет. Поэмада өмүр төрөлүүдөн тээ өлүмгө чейинки тартылган циркачтардын зымына окшоштурулат. Өмүрдүн

уурдалып турушу, эч качан артка кайрылууга мүмкүн эместиги айтылат. Турмушта ак-менен кара, жакшылык менен жамандык, сүйүү менен жек көрүү, кайгы менен күлкү, дос менен кас сыяктуу карама-каршылыктуу көрүнүштөр дайыма эриш-аркак жүрүп, турмушту алаканга салгандай түшүнүгө жол бербейт. Бирок акын ошондой татаал турмушту жеңе билүүгө үндөйт. Чыгарманы тогуз кичине бөлүмгө ажыратып, анын ар биринде улам өмүрдүн ар кыл жагын ачууга аракеттенет:

Чындык ушу, чычалабай кулак сал:
Өмүр барда – баары толук, баары бар,
Өмүр суусу түгөнгөндө – бир тамчы,
Узартышка таба албайсың айла-амал.
Ага болбой ач көздөнгөн пендеге,
Азаптанса ар убакта дүйнө тар (12,127),-

деп акын өмүрдүн аягы өлүм экенин дайым сезип, ыйманды, дилиңди таза тутуп аз өмүрдүн кайталангыс тоюнда жакшы жашап өтүүгө үндөсө, акындын **«Кездешүү»** аттуу поэмасында бул жашоодогу сулуулук менен сүйүүнү даңазалайт.

Лирикалык каарман качан гана «кайдыгер тартып өзгөргөн» сүйгөнүнө жолукканда гана сулуулук, жаштык, өмүр, жашоо бардыгы күнүмдүк экенин даана түшүнүп, жашоодогу түбөлүктүү нерсе сүйүү экенин түшүнөт:

Кубаныч орноп дилине,
Куштар бол тунук сүйүүгө!
Колуңду кармап күчтөнсүн
Кол жайнап көктүн күнүнө.
Канчалык алыс арасы,
Кубаттуу күнгө карачы!
Кишиге сүйүү нур чачса,
Күчөнөт адам баласы (12,185),-

деп алгачкы тун сүйүүсүнө жолуккан акын баарысына кол шилтеп, сүйгөнүнүн көзүндө турган капасын жоюп жок кылууга аракет жасайт. Поэма көркөмдүк жактан өтө чебер жазылган чыгармалардын катарына кошулбаса да, окурмандын бүйрүсүн кызытпай койбойт. Себеби анда бардык адамдарга тиешелүү өмүр, жаштык , махабат, жетпей калган арман, сүйүү маселелери лирикалык мүнөздө жакшынакай ачылып берилет. Акын кийинки жылдарда жазган чыгармаларында

түбөлүктүүлүккө өзгөчө маани берип, өмүргө, жашоого болгон философиялык ою дагы тамырлашып, татаалдашып, жараткан Кудайдан башка түбөлүктүү эч нерсе жок деген бүтүмгө келгендей. Кудайга жаратылыштын жаралышынан жок болушуна чейинки жол белгилүү деген идеяны акындын кийинки кездерде жазылган "Адам ата баяны", "Топон суу жана тайгак жол жөнүндөгү" балладаларынан жана "Аскадагы нур", "Тиктегиле аскада нур баратат" сыяктуу поэмаларынан көрүүгө болот.

Жогоруда сөз болгон поэмаларды, албетте, өткөн кылымдын акыркы чейрегиндеги кыргыз поэзиясындагы изденүүлөрдүн мүнөзүн чагылдырган көркөм туундулар катары гана карообуз керек. Алардын идеялык-көркөмдүк, эстетикалык наркы бирдей эмес. Акындык изденүүлөрдүн багыттары жана жолдору, ага жараша натыйжалары да ар башка. Эгерде поэзияда чыгарманын эстетикалык жагы, башкача айтканда, поэтикалуулугу эң баштапкы жана өзөктүү критерий экендигин эске алсак, аталган чыгармалардын көбү мактарлык же мактанарлык даражага чыга албай калат. Себеби алардын көбү көп сөздүүлүгү менен аксайт. Айтыла турган ой-санаа, сезим-туюм, көрүнүш, окуя (ж.б.) чоюлуп, бир канчалаган куплет-строфаларга чачырап кеткен учурлар акындарда чыгармачылык изденүү али да тиешелүү натыйжа бербей жаткандыгына күбө болот. Уйкаштык кубалап кетип, бара жаткан нуктан чыгуу, же тескерисинче бир ойду так берем деген ниет менен күчтөлгөн салыштыруу-уйкаштыктын тузагында калуу өңдүү көрүнүштөр да жыш кездешет. Тактык жана кыскалык, образдуулук жана тереңдик дайыма эле айкаша бербей, улам бир жагынан өксүктө калган учурлар андан да көп.Бирок мындай айтылган мүчүлүштүктөргө карабай талдоого алынган чыгармаларды аталган мезгилдеги кыргыз эпикалык поэзиясынын эң алымдуулары десек болчудай. Себеби алардан өтө деле ашып, аттын кашкасындай бөлүнүп чыга келген чыгармалар деле жок. Балким, биз сөз кылып жаткан мезгилдеги кыргыз поэзиясы дүңүнөн ыкчам өнүгүп жаткандай көрүнгөнү менен, иш жүзүндө чыгармачылык изденүүлөрдө идея-ой астыңкы планга чыгып, чыгарманын көркөм-эстетикалык нарктуулугу деген маселе артка сүрүлө түшкөнүнө да байланыштуу болсо керек.

Адабияттар:

1. Шамшиев Б. Поэзия “ашуусу” алыс, алыс... –Китепте: Жаш сынчы: Жаш сынчылардын адабий сын макалалары. Түзгөн К.Даутов. –Ф.: Кыргызстан,1981. -103-123-б.

2. Кашук Ю. Возвращение перспективы (размышление о поэзии 80-х) – Вопросы литературы. 1998, №6.

3. Байтемиров Н. Махабатым-элим, жерим, ата-тегим. –Б.,1996. -319 б.

4. Акунов Э. Эгемен жылдар Эсенгулдун ырларында. – Китепте:Алымов Бектурсун.-Б.,2003.

5. Ибраев Э.Чыгармалар жыйнагынын төрт томдугу. –Б.,2003.

6. Жусуев С. Адамдар. Ырлар жана дастандар. -Б.,1999.

7.Өмүрканов А. Жалгыздык ыры. Ырлар жана поэмалар. –Б.,2013. -271 б.

8. Эралиев С. Тандалмалар: ырлар жана поэмалар. 2 томдугу. –Ф.,1991. -280 б.

9. Богданова А.И. Жанры советской драматургии. –Казань, 1996.

10. Юсупов Ч.С. Дагестанская поэма. –М.:Наука, 1989.

11. Сыдыкова Р. Кыргыз поэмаларындагы көркөм чеберчилик маселелери: Окуу куралы, -Б.,1998.

12. Жакшылыков А. Тандалган чыгармаларынын 5 томдугу. 3-том. –Б.,1999.

13. Садыков Ж. Жер керемети. –Ф.,1986.

14. Асаналиев К. Кыргыз роман мейкиндигинде // Кыргызстан маданияты, 1969, 12-ноябрь.

**Жалгыздыкта бүт баары бар...**

Эгемендүүлүккө ээ болгон күндөн берки адабий чыгармалар жөнүндө сөз кылганда элдин турмушунун болуп көрбөгөндөй өзгөрүп, дүйнө таанымы башкача нукка түшкөнүн белгилеп келебиз. Ошондуктан, бүгүнкү күндө илимде да, көркөм таанып билүүдө да улуттук маданиятты башка өңүттөн аңдап, жалпы адамзаттык көркөм баалуулуктар менен жаңыча карым-катышта карап чыгуу талабы турат. Ушул көз караштан алганда азыркы жер жайнаган ыр китептердин баары эле сөз кылууга татыбай турганы айгине. Бирок көптүн арасында, көчтүн карасында калбай, кашкайып көрүнүп турган акындардан да куру эмеспиз. Мындай талапка тээ совет мезгилинин 70-жылдарынын аяк ченинде “Мөлтүр сезим” аттуу алгачкы жыйнагы менен кыргыз журтчулугуна таанылып, ошол мезгилде эле башкаларга окшобогон оригиналдуулугу, көркөм-эстетикалык табылгалуулугу менен айырмаланган, бүгүнкү күнгө чейин ошол басыгынан жазбай келе жаткан Кыргыз Эл акыны А.Өмүрканов сыяктуу чыныгы таланттардын чыгармалары толук жооп берет. Анын кайсы гана мезгилдеги ырларын албайлы, ал кандай гана нерсени сүрөттөбөсүн аны туюнтуунун өзгөчө манерасы байкалат. Жан дүйнөңдү тазартып, жаңы сезим- туюмдарды жараткан анын ырларында өз бетинчелик, көп сырдуулук, көп кырдуулук жатат. Алгачкы “Мөлтүр булак” жыйнагынан тарта соңку “Жалгыздык ырына” чейинки жыйнактарынын баарында жүрөгү таза, ак ниет, кыял чабыты кенен жана бай, дүйнөнү түркүн образдар менен ача билген, сыр жашырбаган, дайыма агынан ачылган акындын образы кызыл сызыктай аралап өтөт. Акындагы дагы бир өзгөчөлүк ал жасакерленбейт. Ал турмушту өзү кандай туйса, сезсе дал ошол турушунда табигый чагылдырат. Тема тандабайт, жашоодо эмнени сезсе, эмне акынды толкундата алса дал ошондой жазат. Мисалы, акын Ата мекен, тоо, суу, мезгил, ата, апа, сүйүү, кызганыч, сагыныч, жашоо ырахатты, өкүнүч ж.б. түркүн темаларда дилинен агылып чыккан акындын өздүк стили,

табигыйлуулугу, чынчылдыгы, жөнөкөйлүлүгү менен окурмандын жүрөгүнөн түнөк тапкандай деңгелде жазат (**бекеринен акындын 100дөн ашык ырына обон чыгарылып, элдик ырларга айланган жок да- И.С).**

Акын жыйнактан жыйнакка өсүү жолунда болду. Анын акындык позициясын таасын ачкан "Күндөгү так", "Асмансыз жылдар", "Тушалган чагылган" аттуу өзгөчө жыйнактарында канжыгага башын байлап коюп жазган өткөөл заман тууралуу бетке чабаар, курч ырлары элге жетип, колдоо тапса, "Жалгыздык ыры" жыйнагы "Өлүмгө жаш, өмүргө кары курагында" жазылган мыкты ырлардын топтомунан турат. Акындын бул китебинде таасирлүү поэтикалык сезим-туюм менен турмуштук көз карашынын жаңы кырларын ачкандыгы менен өзгөчөлөнөт. Бекеринен ал аны "Жалгыздык ыры" деп атаган жок. Буга чейин деле ыр китептеринин аталышына атайын маани бергендиги байкалган. Маселен, "Күндөгү такта" Акаев мезгилиндеги катаал замандагы көп адамдардын оор күндөрүндөгү түркүн "тактарды" ар тараптан ачса, "Асмансыз жылдар" китебинде асманы туруп аны көрбөй жашаган элдин тагдырын чагылдырып, "Тушалган чагылганда" улуттук ар-намыс идеясын жаңы баскычка алып чыгат. "Жалгыздык ыры" жыйнагында акын замандаштарынын тагдырын, алардын келечек үмүттөрүн, кайгысын, сүйүүсүн, өкүнүчүн бүткүл жан-дилинен өткөрөт. Көп ырларында акындын жеке тагдыры жатат. Бирок, ал тагдыр жалгыз акынга эмес, жалпы окурмандын тагдырына айланып,алардын да ыры, алардын да кайгы-кубанычы, арманы, арзуусу, өкүтү, үмүтү болуп калат. Чыныгы поэзия гана мына ушундай сапатка эгедер болуп, акындын менчигинен элдин көркөм дөөлөтүнө айланып кетет.

Китептин аталышы терең философиялуу. Аны акындын жеке тагдырына байланыштырып, же "ар жалгыздык башта бар" деп жалпы адамзатка байланыштырып караса да болот. Жалгыздык – акындын бактысы да, трагедиясы да болуп көрүнөт. Турмуштун татаалдыгы, көп кырдуулугу, чексиздиги жалгыздык аркылуу ачылат. Китептеги "Жалгыздыкта бүт баары

бар...” деген алгачкы ырдын каймана аталышында эле көп маани, реалдуу турмуш бар. Анткени акындын жалгыздыгынын нары жагында кубаныч, жашоо кумары, ырахат, махабат, өкүнүч, кайгы, көңүл калуу сыяктуу карама-каршылыктуу сезимдер жатат. Алар азыркы көп акындар жазган бир сезимдин тегерегиндеги эле тапталган ыр курулмалары эмес. Жашоо жана тирилик тууралуу терең жана салабаттуу ой калчоо менен акын кичинекей, майда көрүнгөн нерселерден чоң маани-маңыз көрө билет, анда майда жана маанисиз эч нерсе болбостугуна окурманды ынандырат..

Сыртынан жөнөкөй көрүнгөн акындын ырлары чынында кыйла ой түйшүгү менен окулганда гана четинен сырлары, маани-маңызы ачыла баштайт. “Айрык сүрөт”, “Күчүк”, “Жалгыздыкта бүт баары бар...”, “Жалгыз таштар”, “Былтыркы кар”, “Жаратып алдым сени өзүм айдан”, “Жалгызга жылдыз жолдош”, “Кылгырган жаш” өңдүү ырларын окуп, акын менен сырдашып, маектешип жаткандай абалга келебиз. Бул ырларда акын тагдыр, кайгы, муң, сүйүү, адамдын жан дүйнөсүндөгү карама-каршылык, турмуштун чексиз татаалдыгы көйгөйлөрүн жалгыздык аркылуу ачып берет. Бирок жалгыздык десе эле акын бүт баарынан айрылып, жалгыз калды деп түшүнүү да туура эмес. Анткени, адам төрөлгөндөн жалгыз болбойт. Аны курчап турган жакын адамдары, табият аны жалгыз калтырбайт. Бирок адам өзү жалгыз төрөлөт, жалгыз өлөт, аны өзү түшүнгөндөй эч бир жан түшүнбөйт. Кээде адам өзүн-өзү түшүнбөй бушайман болот. Акын адам психологиясындагы мына ушул чечилип бүткүс татаалдыкты өзүнүн жалгыздыгы аркылуу чечмелейт. Мындай жалгыздыктын татаал, карама-каршылыктуу мүнөзү тууралуу мурдатан кыргыз поэзиясында жазылып келсе да, жалгыздыкты А.Өмүрканов сыяктуу эч ким жан териси менен туюп, ачып бербеген сыяктуу. Мисалы “**Жалгыздыкта бүт баары бар...” деген ырында:**

Кайра кирем, Жалгыздыгым алпчыгам,

Жалгыздыкта бүт баары бар...табалбай...

Мен күзгүдөн өзүмдү өзүм карасам,

Боло калат бирөө келе калгандай.

Жалгыздыкта бүт баары бар... сүйгүзгөн,

Сүйдүргөн да, күйдүргөн да... бүтө албай...

Карт бүркүттөй мурун күнгө күйгүзгөн,

Калдалаңдайм  канат силкип уча албай  (1,21-бет).

десе , **“Жалгызга жылдыз жолдош**” ырында:

Жалгыздыктан кээде улуймун карышкырча,

Ошентсе да жалгыздыгым жандан жылба...

Жабыккан жандын жалгыз жүрөгүндө,

**Эскерүү бар жете турган бир кылымга.**..

Жалгыздыгым  жалт деп учкан куштай учпа,

Жаман болгун жакшы болгун  жанымда укта.

Күнү-түнү батпай турган зор Күн болмок.

**Эгер адам көргөн муңдан жарык кылса** (1,29-бет).

**“Сакта, сакта**” деген ырында:

Ойлор арбын жашыл жаздан ак кар кышта,

Сырлар көп кумдан дагы жаткан ташта.

Топурашып жүргөндөрдө топон да жок,

**Аалам баткан акыл жатат жалгыздыкта**. (1,49-бет), – деп

акын жанга жаккан жана жакпаган, кубанткан жана кайгырткан жалгыздык менен кечээкисин, бүгүнкүсүн, эртеңкисин ажырагыс биримдикке келтирет, жалгыздыктан туйган-сезгенин ага сыйдырат. Себеби, жан кашайткан жалгыздыктан да, көңүл калуудан да, кайгыдан да жансоогалап алып калганы, дем тутканы, жалгыздыкта калтырбаган ыйык тумары ырлары. Бекеринен акын кудайдан “таланттын нуру тамчыла себил”, “Жаман киши десе десин, а бирок, жаман акын дебесе экен мени эч ким...” деп тилебегендир. Анткени акынды аяган, таштап кетпеген, жалгыздыктын жан чыдагыс кайгысынан сактап, жашоосун гүлгө айлантып, кандай күн башына түшпөсүн жансоогалап келгени- ырлары. Акындын жеке жашоосундагы кайгы, сагынуу, сүйүү, бактысыздык сыяктуу мазмунду камтыган муңайынкы мүнөздө жазылган ырларынын тереңинде да турмуш соккусуна багынтпаган кудурет жатканы байкалат. Мындай маанай анын сүйүү ырларынан өзгөчө ачык көрүнөт. Акын мурдагы жыйнактарында да бул темага абдан көп кайрылып келгени белгилүү, бирок, бул темадагы ырлары ар бир жыйнагында улам башкача, жаңы ойлор катары кабылданат да, сүйүүнү ар кыл өңүттөрдөн, жаңы дүйнө таанымы менен ачып берип отурат. “Нагыз сүйүүнүн жапан күчү кандай экендигин өзү ырастап таанып билип, окурман журтчулугуна да таанытып жатат. Ичинде жылуу сезими, таттуу ширеси, музыкалык угулушу, сөз менен тартылган өң-түстүү элестер кантип жараларын көрсөтөт”(2,135-бет). Дал ушундай өзгөчөлүк- “Жалгыздык ыры” жыйнагында андан ары уланат.

Бул китептеги сүйүү ырлары философиялык ой жүгүртүүлөр менен ширелип , терең мазмундуулугу, көп маани камтылгандыгы менен өзгөчөлөнүп, окурманды ой-сезим түйшүгүнө салат. Акындын мурдагы сүйүү ырлары менен тааныш окурман “өлүмгө жаш, өмүргө кары убагында” да баягы боз улан кездегидей селкиге болгон ашыктык сезиминен, сулуулукка, аруулукка болгон асыл ой-туюмунан ажырабагандыгын көрөт,

аны менен кошо суктанып, ашык болот. Көрсө, “ташка тийген тагдырыма табылган, тайаныч сен эң акыркы тайанар” деп, акын өзү жазгандай чын дилден чыккан сүйүү турмуштун, жашоонун нукура ырахаты, анын ажары, көркү болот экен. Антпесе акындын таза сезиминен, чын жүрөгүнөн мындай ырлар жаралбас эле.

Ойум да сен, оозум да сен-баары сен,
Ооруп соккон жүрөгүмө дары сен.
Күндү деле көрбөй калмак экемин,
Эгер сенин көздөрүңдү көрбөсөм...(1,133-бет).

Алды артына карабай,
“ Атасын көргөн баладай,
Алдастай келип мойнума
Асылсаң сөзгө жарабай,
Алкынып жүрөк, эсим ооп
Акылдан танып калам ай...”(1,139- бет).

“ Кучагыма куп жарашат кучагың,
Кучактасам кудуреттей учамын.
Бул өмүрдүн кыскалыгын билсем да,
Тилейм бүгүн бул сүйүүнүн узагын...”(1,145-бет).

Акындын мындан башка да “жабыкканда жамалынды сыласам, жарык дүйнө жатып калат сен болуп”, же “суудан тиктеп тургансыган көздөрүң,

кусалыкты кууп чыгат кандагы, “ тиктешкенде тирүүлүккө ыраазы болуп, жамалыңды карап калуу кандай сонун” же “келди- кетти дүйнөдө кейиши көп, кереметтүү кендейсиң казыла элек”, же “кабак жарып карап койсоң дүйнөнүн, жан көрбөгөн жыргалына кангансып”, “сел алып бараткандa сени ойлонуп, серпилип жээкке чыгып аман калгам” деген чыныгы өлбөс поэзиянын үлгүсүндө жазылган кереметтүү көркөм сөздүн күчүнүн сыйкырдуу күчү бар саптары жүрөктөн түнөк таап, сезимге кыт болуп уюп калат. Акын сүйүү лирикаларында эле мындай кереметтүү ыр саптарын жараткан жок, ал “аалам баткан акыл жаткан жалгыздыкта” терең философиялуу “Аккан суу”, “Таңкы суроо, таасын жооп”, “Атаганат”, “Чилдеде”, “Метаморфоза”, “Күйгөн токой, качкан куш” аттуу ой-сезимге бай, акылга терең, көркөм нарктуу ырларды жараткан.

“Аккан суу” темасында тээ ырчылар поэзиясынан профессионал акындарга чейин далай ырлар жазылды. Бирок, А.Өмүрканов өзүнөн мурдагы акындарды кайталабайт. Ал аккан сууну жаңы өңүттөн карап, жаңы көз карашка чулгап, жекече мамиле-түшүнүгү менен берет.

Кудайга оюн айтат сени карашып,

Сени сурайт тирүү өлүп баратып.

Дүйнө кыйрап калмак мүнөт жок болсоң,

Ар тамчыңды ар бир өлкө талашып...

Сен ааламдан туйбаганды туясың,

Туйса экен деп бизге ишарат кыласың.

Биз калп эле мактанабыз... чынында,

Бу дүйнөнү сен башкарып турасың. (1,58-бет)

Ал эми “**Бир чака суу**” деген ырындагыдай суунун бүткүл кудуретин бир чака суу аркылуу ачып берүү ар кимдин оюна келе бербес:

Агасың, же учпайсың, же баспайсың,

Жердин куну жетпей турган байсың, байсың.

Атаганат пенде сендей болсо кана,

Баарын багып жүрсөң дагы мактанбайсың.

Акыркы ирет тазалайсың ээк какса,

Ак барсын деп Кудай буйрук берген жакка...

Мен өзүмдү сенден көрүп турган өңдүү,

Көктү сендей көралышпайт сенден башка (1,60-бет).

Акындар арноо ырларын көп жазышат, ал эмес чыгармачылыгынын көпчүлүк бөлүгүн арноо ырларын жазуу менен алакеттенгендер да жок эмес. Бирок, А.Өмүркановдун чыгармачылыгына назар салганыбызда акын арноо ырларына аз кайрылып, бирок саз ырларды жараткан. Мисалы, улуу жазуучу Ч.Айтматовго кимдер гана ыр арнаган жок. Бирок, залкардын образын жаратууда акындан “Кош, Чыке...”, “Чынгыз Айтматовдун эстелигине” аттуу ырлары алардын астында турары шек жаратпайт.

Мына ошондой эле көркөм, элестүү, сезимди селт эттирген чыгармаларга анын энесине арнаган ырлары кирет. Чындыгында эле, акындын буга чейинки эне жөнүндөгү жазылган ырлары өлбөс болуп элдик ыр болуп ырдалып келсе, бул китепке кирген “Апакем”, “Эне жөнүндө ыр топтом”, “Кайран энем”, “Эми жок эркелээрим”, “Эне мээри” деген ырларында “Бетинде бырыштар курандын, Сыр каткан ажайып жазуусу”, “биз баргыча жер жылытып турчудай...”, “Күндүн нуру күндүз бар да түндө жок, эне мээри

баласы үчүн бар дайым", "Биз сүйөбүз... биздин сүйүү эненин, сүйүүсүнүн тамчысына татыбайт" деген таасын саптары менен эненин ыйыктыгын өлбөс Куранга, же андагы ыйык жазууларга, жерди огунан жылдырбай кармап турган кудуреттүү күчкө оруңдуу,  таамай салыштыруу аркылуу кыргыз поэзиясында эненин образына дагы бир жаңы штрихтерди кошот.

Акын бул ыр жыйнагында жаңы сөз курулмаларын, көркөм сөз каражаттарын табууда азыркы кыргыз акындарынын алдыңкы сабында турат. Бирок акын ыгы жок кооздук издеп, экиленип кетпейт, табыгый ой-сезимдерге, реалдуу байкоолорго басым жасайт. Ошондуктан анын ырлары окурманга тез жетип, анын жан-дүйнөсүнө жакын болуп, өздүк көз караштар менен ыкчам аралашып кетет.

Жан дүйнөдөгү асыл, баалуу нерселердин баары экинчи планга кетип, бийлик менен байлык биринчи орунга чыккан ааламдашуу заманында А.Өмүркановдун жогорудагыдай адамга кудурет күч бере турган, нукура поэзиянын үлгүсүндө жазылган ырлары аба менен суудай эле керек.

1.Өмүрканов А. Жалгыздык ыры: Ырлар жана поэмалар –Б.,2013.

2. Даутов К. Доорлор чындыгы көркөм адабиятта. –Б.,2016.